**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ**

**ЭЛ АРАЛЫК КУВЕЙТ УНИВЕРСИТЕТИ**

**УДК. 373.31**

**КУРМАНАЛИЕВА РАХАТ АКБАЛАЕВНА**

# КЕСИПТИК КОЛЛЕДЖДЕ БОЛОЧОК МУГАЛИМДЕРДИН АДЕП-АХЛАКТЫК САПАТТАРЫН КАЛЫПТАНДЫРУУ

**(дүйнөлүк адабият сабагынын мисалында)**

13.00.08 - кесиптик билим берүүнүн теориясы жана методикасы

Педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын

изденип алуу үчүн жазылган

**ДИССЕРТАЦИЯ**

Илимий жетекчи: **педагогика илимдеринин доктору, профессор А. С. Раимкулова**

**Бишкек – 2025**

КИРИШҮҮ

I Бөлүм. КЕСИПТИК КОЛЛЕДЖДЕ БОЛОЧОК МУГАЛИМДЕРДИН АДЕП-АХЛАКТЫК САПАТТАРЫН КАЛЫПТАНДЫРУУНУН ТЕОРИЯЛЫК НЕГИЗДЕРИ

1.1. Адеп-ахлактык сапаттарды калыптандыруу – болочок мугалимди сапаттуу даярдоо критерии катары..........................................................12-31

1.2. Болочок мугалимдердин адеп-ахлактык сапаттарын калыптандырууда дүйнөлүк адабияттын мыкты үлгүлөрүн колдонуу маселелери.........................................................................................31-40

1.3. Кесиптик колледжде болочок мугалимдердин адеп-ахлактык компетентүүлүгүн калыптандыруу модели (дүйнөлүк адабият сабагынын мисалында).........................................................................................40-49

Биринчи бөлүм боюнча корутунду...................................................49-50

II Бөлүм. ИЗИЛДӨӨНҮН МАТЕРИАЛДАРЫ ЖАНА МЕТОДДОРУ

2.1. Кесиптик колледжде болочок мугалимдердин адеп-ахлактык сапаттарын калыптандыруунун материалдары .........................................................................................50-58

2.2. Болочок мугалимдердин адеп -ахлактык сапаттарды калыптандыруудагы окутуу технологиялары..........................................................................58-74

2.3. Кесиптик колледжде болочок мугалимдердин адеп-ахлактык сапаттарын калыптандыруунун педагогикалык шарттары.........................................................................................74-87

Экинчи бөлүм боюнча корутунду-------------------------------------- 87-88

III БӨЛҮМ. БОЛОЧОК МУГАЛИМДИН АДЕП-АХЛАКТЫК САПАТТАРЫН КАЛЫПТАНДЫРУУНУН ТАЖРЫЙБАЛЫК-ЭКСПЕРИМЕНТАЛДЫК ИШИ

3.1. Педагогикалык экспериментти уюштуруунун методикасы...........................................................................................88-102

3.2. Педагогикалык эксперименттин жыйынтыктарын талдоо.......................................................................................................102-130

Үчүнчү бөлүм боюнча корутунду..................................................................................................130-131

КОРУТУНДУ...................................................................................................131-135
АДАБИЯТТАР................................................................................................135-151
ТИРКЕМЕЛЕР................................................................................................151-163

## КИРИШҮҮ

**Изилдөөнүн актуалдуулугу.** Азыркы коомдо болуп жаткан интеграция жана модернизациялоо процесстери билим берүү системасын гумандаштыруу, гуманитарлаштыруу, демократиялаштыруу, санариптештирип окутуу проблемаларынын контекстинде негизги багыттарынын бири мугалимдерди сапаттуу даярдоо болуп саналат.

Заманбап билим берүү системасынын негизги милдеттеринин бири – болочок адистерди жогорку деңгээлдеги кесиптик даярдыкка гана ээ кылбастан, алардын адеп-ахлактык сапаттарын калыптандыруу.

Кыргызстандын мамлекеттик саясатынын негизги басымы эл аралык стандарттарга ылайык адистерди даярдоонун сапатын жогорулатууга жана бүтүрүүчүлөрүнүн шык-жөндөмүнө жана билимине карата талаптарды өзгөртүүгө багытталган [2021-2040-жылдарга Кыргыз Республикасынын билим берүүсүн өнүктүрүү программасы / 4-май. 2021 № 200] токтомдо кесиптик колледждеринде окутуу-тарбия процесси компетенттүү мамиленин негизинде уюштурулуп, бул багытка карата студенттердин инсандык өсүшүн камсыз кылуу, кесиптик компетенцияларын сапаттуу даярдоо, болочок адисти адамгерчилик принциптеринин негизинде калыптандыруу жана коомдун өнүгүүсүнө салым кошо алган инсанды өнүктүрүү максаттар өзгөчө мааниге ээ.

Адам баласынын инсандык, адеп-ахлактык жактан өнүгүүсүн калыптандыруу маселеси илгертен бери көптөгөн илимпоздор тарабынан изилденип, ар түрдүү аспектилери тереңдетилген.

Инсандын өнүгүүсүнө тийгизген таасирлерди жетишерлик терең негиздеген окумуштуулар: К.Е. Абульханова-Славская, Н.А. Асипова, Б.Г. Ананьев, И.Бекбоев, Л.С. Выготский, П.Я. Гальперин, А.Н. Леонтьев, Э.Мамбетакунов, С.Л. Рубинштейн, Г.И. Щукина ж.б.

Болочок мугалимдин кесиптик компетенттүүлүгүн төмөнкү окумуштуулар өз илимий эмгектеринде чагылдырышкан: К.Б. Добаев,

Н.Д.Дуйшеева, И.А.Зимняя, А.К.Маркова, А.К.Наркозиев, А.С.Раимкулова, Т.М.Сияев, А.В. Хуторской ж.б.

Болочок мугалимдин адеп-ахлактык сапаттарын калыптандырууну ар түрдүү аспектилердин контекстинде А.Ачилов, Н.И.Джегутанова, Е.А.Дмитриева, Л.П.Илларионова, С.В. Кононова, Ф.Д.Товарищева, Ш.Э.Тураева, Л.Л.Шевцова ж.б. окумуштуулар тарабынан сунушталды.

Изилдөөнүн жалпы методологиялык негиздери адамды өзүн-өзү өнүктүрүүнүн субъектиси катары караган жана анын инсандыгын калыптандыруунун көп факторлуу мүнөзүн аныктаган педагогикалык антропологиянын идеялары түзөт. Изилдөөнүн нормативдик методологиясын инсандык-ишмердик, системалык-бүтүндүк, аксиологиялык мамилелер аныктайт.

Заманбап талаптарга карата орто кесиптик билим берүү мекемелеринде студенттердин адеп-ахлактык сапаттарын өнүктүрүү, алардын баалуулуктар системасын түзүүдө, дүйнө таанымын кеңейтүүдө жана кесиптик ишмердүүлүккө даярдоодо маанилүү фактор катары каралат.

Болочок мугалимдин адеп-ахлактык сапаттарын калыптандыруу коомдун жана кесиптин моралдык стандарттарына ылайык иш алып барууга үйрөтөт, ошондой эле студенттердин социалдык жоопкерчилигин арттырат жана көп деңгээлдүү системасында орчундуу мүнөзгө ээ болуп келүүдө. Андан тышкары бул процесс болочок мугалимдин кесиптик жактан даярдоо сапатын жогорулатууну жана дидактикалык ресурстарды эффективдүү колдонууну талап кылат. Изилдөөнүн актуалдуулугу студенттердин адеп-ахлактык сапаттарын кесиптик билим берүү процессинде калыптандыруу жана тарбияланган деңгээлин жогорулатуу зарылдыгы менен шартталат. Бул маселе Кыргыз Өкмөтүнүн токтомунда "Инсанды руханий-адептик жактан өнүктүрүү жана дене тарбиясы" каралган[2].

Бир жагынан дүйнөлүк ааламдашуу проблемасы, экинчи жагынан сапаттуу билим берүү парадигмасына таянып кесипкөй адистерди жаңыланган талаптардын негизинде окутуп тарбиялоо багытын

натыйжасында, кесиптик колледждердин студенттеринин адеп-ахлактык жактан өнүгүүсүн жана адеп-ахлактык маселелерди жана көйгөйлөрдү чечүүгө даярдоо каралууда.

XX кылымдын билим берүү парадигмасы өзүнүн маанисин жана мүмкүнчүлүктөрүн жоготуп, учурда билим берүү системасында жаңы стратегиялык багыттар иштелип чыгууда.

Азыркы билим берүү системасы кесипкөй кадрларды даярдоодо инновациялык мамилелерди колдонууга басым жасап, билим берүү процессин жаңылоону көздөйт. Мындай өзгөрүүлөрдү эске алуу менен, ар бир студентти келечектеги адис катары калыптандырууда компетенттүү мамиле өзгөчө мааниге ээ болуп, болочок мугалимди кесиптик жактан даярдоодо, анын адеп-ахлактык сапаттарын калыптандыруу маселеси эске алынышы керек.

Болочок мугалимдин адеп-ахлактык сапаттарын калыптандыруудагы көйгөйлөрдү изилдөөдө бир катар карама-каршылыктарды тактоого мүмкүндүк берди:

– азыркы коомдогу динамикалык өзгөрүүлөр гумандуулук идеяларын актуалдаштыруучу адам факторунун жогорулашы менен болочок мугалимдердин адеп-ахлактык сапаттарынын калыптануусунун ортосунда;
– кесиптик орто билим берүү системасында позитивдүү тенденцияларды өркүндөтүүдө мугалимдердин адеп-ахлактык сапаттарына талаптардын жогорулашы менен изилденүүчү нравалык категориялардын практикалык жактан камсыз кылуу илимий-теориялык жана усулдук базанын жетишсиздигинин ортосунда.

Аталган проблеманы чечүү үчүн кесиптик колледждерде студенттердин адеп-ахлактык сапаттарын калыптандыруусу өзүнчө илимий система катары иштелип чыгып, аны камсыз кылуу үчүн керектелүүчү педагогикалык шарттар аныкталышы зарыл.

Жогоруда белгиленген проблема “**Кесиптик колледждерде болочок мугалимдердин адеп-ахлактык сапаттарын калыптандыруу (дуйнөлүк адабият сабагынын мисалында)»** аттуу илимий изилдөө жүргүзүүгө түрткү болду.

**Диссертациянын темасынын тематикалык изилдөө пландары менен байланышы.** Диссертациялык изилдөө Эл аралык Кувейт университетинин Педагогика жана колдонмо информатика кафедрасынын илимий изилдөө иштерине байланыштуу аткарылган.

**Изилдөөнүн объектиси** – Кесиптик колледждердин билим берүү процесси.

**Изилдөөнүн предмети** – Кесиптик колледжде студенттердин адеп-ахлактык сапатарын калыптандыруунун илимий негиздери.

**Изилдөөнүн максаты** – кесиптик колледждерде студенттердин адеп-ахлактык сапаттарын калыптандыруунун педагогикалык шарттарын аныктап, анын эффективдүү ишке ашырылышы үчүн илимий негиздерди иштеп чыгуу.

**Изилдөөнүн милдеттери**:

1. Кесиптик колледждерде студенттердин болочок мугалим катары адеп-ахлактык сапаттарын калыптандыруунун теоретикалык негиздерин изилдөө.

2. Заманбап кесиптик колледждердин билим берүү процессиндеги адеп-ахлактык сапаттарын калыптандыруунун моделин иштеп чыгуу.

3. Болочок кесипкөй адистин адеп-ахлактык сапаттарын дуйнөлүк адабият окуу предметинин мисалында калыптандыруунун дидактикалык жана тарбиялык мүмкүнчүлүктөрүн аныктоо.

4. Орто кесиптик билим берүү колледжде адеп-ахлактык сапаттарын дүйнөлүк адабият окуу предметинин мисалында калыптандыруунун педагогикалык шарттарын иштеп чыгуу жана эксперимент аркылуу текшерүү.

**Изилдөө гипотезасы -** болочок мугалимдин адеп-ахлактык сапаттарын калыптандыруусу эффективдүү камсыздалат деген божомолго негизделген, эгерде:

–билим берүүдөгү позитивдүү тенденциялардын багытын эске алып болочок мугалимдин гумандуулук, патриоттуулук, жоопкерчилик, абийирдүүлүк ж.б. адеп-ахлактык сапаттарын калыптандырууда алардын кесиптик жактан маанилүүгүн белгилеп жана келечектеги кесибине сапаттуу даярдоого камсыздоонүн критерии катары каралса;

–кесиптик колледждин окуу-тарбия иштеринин мазмуну жана уюштуруу процесси инсандык өнүгүү элементтеринин биримдигинде негизделип, болочок мугалимдин адептүүлүгүнүн тереңдигинин мазмунун кеңейтилип жана болочок мугалимдин адеп-ахлактык сапаттарын калыптандыруу педагогикалык шарттары аныкталса;

–болочок мугалимдин адеп-ахлактык сапаттарын калыптандыруунун жаңыланган окутуу методикасынын мазмуну билим берүүнү санариптештирүү, модернизациялоо тенденциялары менен шартталган гуманитардык дисциплиналардын (Дүйнөлүк адабият предмети) потенциалы менен инновациялык технологиялардын топтомун пайдаланууну камтыса;

– болочок мугалимдин адеп-ахлактык сапаттарынын калыптануу динамикасында инсандын адеп-ахлактык жактан жетишкендиктери, социалдык жана педагогикалык жаңылануулардын продуктивдүү жыйынтыктоосу катары каралып, кесиптик ишмердүүлүккө сапаттуу даярдыгын камсыздоочу фактор катары каралса.

**Изденип алуучу тарабынан алынган натыйжалар, алардын илимий жаңычылдыгы жана теориялык мааниси:**

Биринчи жолу «Дүйнөлүк адабият» предметинин мисалында болочок мугалимдердин адеп-ахлактык сапаттарын калыптандыруу маселеси ар тараптуу изилденип, алардын инсандык жана адеп-ахлактык баалуулуктарын өнүктүрүүгө багытталган теориялык негиздер жана методологиялык ыкмалар сунушталганында. Изилдөөнүн жүрүшүндө кесиптик колледждин билим берүү чөйрөсүндө моралдык сапаттарды калыптандыруунун педагогикалык шарттары, мазмуну жана критерийлери аныкталып, бул багытта атайын

моделдер түзүлгөн. Студенттердин адеп-ахлактык багытын өнүктүрүүгө, аларды комплекстүү ыкмалар менен тарбиялоого, рефлексиялык активдүүлүккө көмөктөшүүчү адабий чыгармаларды тандоого негизделген жаңыча мамиле да илимий жактан негизделген.

Изилдөөнүн теориялык негизин педагогикалык илимдин негизги принциптери түздү. Алар: гуманисттик, интеграциялык жана ишмердүүлүктүн субъективдүүлүгү, педагогикалык процесстин бүтүндүгү, дисциплиналар аралык байланыш принциптери.

Изилдөөнүн баштапкы жобосу компетенттик, инсандык-ишмердик, системалык-бүтүндүк, коммуникативдик мамилелерге негизделинди.

Ошону менен бирге:

– Кесиптик колледждерде студенттердин адеп-ахлактык сапаттарын калыптандыруунун теоретикалык негиздери изилденди.
– Болочок мугалимдин адеп-ахлактык сапаттарын “Дүйнөлүк адабият” окуу предметинин мисалында калыптандыруунун дидактикалык жана тарбиялык мүмкүнчүлүктөрүн аныктады.
– Когнитивдик, мазмундулуук, рефлексивдүү-ишмердүүлүк компоненттер менен сунушталган, заманбап колледждердин билим берүү процессинде студенттердин адеп-ахлактык сапаттарын калыптандыруунун модели иштелип чыкты.
– Кесиптик колледждин студенттеринин адеп-ахлактык сапаттарын дүйнөлүк адабият окуу предметинин мисалында калыптандыруунун педагогикалык шарттары иштелди жана алардын эффективдүүлүгү эксперимент аркылуу апробацияланып текшерилди.

**Изилдөөнүн методологиялык негизи:** Кыргыз Республикасында кесиптик колледждерде билим берүүнү өнүктүрүүнүн азыркы концепциялары, инсандын ишмердүүлүгү жана чыгармачыл маңызы, анын өнүгүүсү тууралуу концептуалдуу жоболор; инсанга багытталган билим берүү концепциясы; окутуу процессин компетенттүү негизде уюштуруу жана билим берүү технологияларын өнүктүрүү жана калыптандыруу идеялары, ошондой эле

окуу ишмердүүлүгү процессиндеги аң-сезимдүүлүк жана активдүүлүктү айкаштыруу демилгеси болуп саналат.

**Изилдөөнүн тыянактарынын ынанымдуулугу**: Изилдөөнүн тыянактарынын ынанымдуулугу кесиптик колледждерде студенттердин адеп-ахлактык сапаттарын калыптандыруунун педагогикалык шарттарын аныктоо жана ишке ашыруу аркылуу билим берүү процессинин сапатын жогорулатууга болгон негиздүү сунуштар менен негизделет. Бул тыянактар педагогикалык жана психологиялык изилдөөлөрдүн жыйынтыктарын, ошондой эле практикалык тажрыйбага таянган методологиялык жана дидактикалык сунуштарды камтып, билим берүү системасындагы эффективдүү ыкмаларды колдонуу аркылуу студенттердин адеп-ахлактык сапаттарын калыптандырууга салым кошот.

**Изилдөөчүнүн жеке салымы:**

- кесиптик колледждерде студенттердин адеп-ахлактык сапаттарын дуйнөлүк адабият окуу курсунун мисалында калыптандыруунун теориялык жоболору;
- заманбап орто кесиптик мектептин окуучуларынын адеп-ахлактык сапаттарын дуйнөлүк адабият окуу курсунун мисалында калыптандыруунун модели, педагогикалык шарттары;
- болочок мугалимдин адеп-ахлактык сапаттарын дүйнөлүк адабиятты окуу курсунун мисалында калыптандыруунун алгылыктуу дидактикалык жана тарбиялык мүмкүнчүлүктөрү;
- кесиптик колледждерде студенттердин адеп-ахлактык сапаттарын дуйнөлүк адабият окуу курсунун негизинде калыптандыруусун ишке ашыруу максатында **«XXI кылымдын мугалими жана анын адеп-аклактык дүйнөсү»** аттуу атайын окутуучу программасы, студенттерге сунушталган компьютер технологиясы жана интерактивдүү тактай менен иштей турган окуу иштелмелери.

**Изилдөөнүн натыйжаларын тастыктоо(апробациялоо):**

Диссертациялык иштин жүрүшү жана жыйынтыктары Эл аралык Кувейт университетинин илимий-методологиялык семинарларында, кафедра жыйындарында, эл аралык, республикалык илимий-практикалык конференцияларда автор тарабынан иштелип чыккан сунуштар Кыргызстанда жана коңшу мамлекеттерде педагогикалык, илимий-методикалык журналдарына жарыяланган макалаларда чагылдырылды.

**Диссертациянын түзүлүшү:** Диссертациялык иш изилдөөнүн илимий негизин камтыган киришүүдөн, үч баптан жана алардан пайда болгон жыйынтыктардан, жалпы корутундудан, пайдаланылган адабияттардын тизмесинен жана тиркемелерден турат.

**Киришүүдө** изилдөөнүн илимий актуалдуулугу, максаты, милдети, божомолу, методологиясы жана методдору, изилдөө этаптары менен базасы, изилдөөнүн илимий жаңылыгы, практикалык мааниси чагылдырылган. Ошондой эле, коргоого сунуш кылынган негизги жоболор көрсөтүлгөн.

**Биринчи бапта:** Кесиптик колледждерде студенттердин адеп-ахлактык сапаттарын калыптандыруунун теориялык негиздери изилденген.

Болочок кесипкөй адистин адеп-ахлактык сапаттарын дуйнөлүк адабият окуу предметинин мисалында калыптандыруунун дидактикалык жана тарбиялык мүмкүнчүлүктөрү аныкталган.

Кесиптик колледждерде студенттердин адеп-ахлактык сапаттарын калыптандыруунун модели сунушталган.

**Экинчи бапта:** Кесиптик колледждерде студенттердин адеп-ахлактык сапаттарын калыптандырууда педагогикалык шарттар катары салттуу эмес окутуу технологияларды колдонуунун өзгөчөлүктөрү белгиленген. Кесиптик колледждерде студенттердин руханий адеп-ахлактык багытын калыптандыруу өнүктүрүүдө инновациялык жана интерактивдик ыкмаларды колдоонуунун маанилүүлүгү каралган. Кесиптик колледждерде студенттердин адеп-ахлактык сапаттарын калыптандыруунун педагогикалык шарттары каралган.

**Үчүнчү бапта:** Педагогикалык эксперименттин негизги милдеттери жана усулдары берилип, педагогикалык эксперимент иштин жыйынтыктарын чагылдырылган.

## КЕСИПТИК КОЛЛЕДЖДЕ БОЛОЧОК МУГАЛИМДЕРДИН АДЕП-АХЛАКТЫК КОМПЕТЕНТТҮҮЛҮГҮН ДҮЙНӨЛҮК АДАБИЯТТЫН НЕГИЗИНДЕ КАЛЫПТАНДЫРУУНУН ТЕОРИЯЛЫК НЕГИЗДЕРИ.

### 1.1. Адеп-ахлактык сапаттарды калыптандыруу – болочок мугалимди сапаттуу даярдоо критерий катары

XXI кылымдын жалпы адамзатка тийгизген терең таасири социалдык-экономикалык жана илимий-техникалык өзгөрүүлөр менен коштолуп, жалпы адамзаттык баалулуктарга терең өзгөзчө көңүл бурулууда.

Жаңыланган коомдогу өзгөрүүлөр, ал коомду гумандаштыруу, демократиялаштыруу тенденциялары аркылуу мугалимдин адеп- ахлактык калыптануу деңгээлин кесиптик даярдыгы менен тыгыз байланыштырып калыптандырууну азыркы замандын актуалдуу көйгөйү катары каралып келүүдө.

Буга байланыштуу өкмөт тараптан, билим берүү жана илим министрлиги тарабынан бир нече долбоорлор иштелип, сапатсыз билимден сапаттуу билимге умтулууну көздөп, болочок мугалимдин адеп- ахлактык сапаттарынын калыптанышын анын кесиптик даярдыгы менен айкалыштырып даярдоо жана сапаттуу окутууну жаңы шарттарынын негизинде уюштуруу азыркы кезектеги актуалдуу маселе катары каралып жатат.

Учурдагы билим берүү системасы орто кесиптик билим берүү мекемелеринин бүтүрүүчүлөрүн кесиптик жактан сапаттуу даярдыгына жана адеп- ахлактык деңгээлине карата заманбап талаптарды иштеп чыгып, өлкөдө азыркы учурда түзүлгөн экономикалык, саясий жана маданий шарттарына карата маанилүү өзгөрүүлөрдү бүгүнкү күндүн тартибине актуалдуу маселе катары киргизүүдө.

Адеп-ахлактык жактан инсанды калыптандыруу маселеси өз убагында ар бир коомдо каралып келген. Мисалы, англис философу Ф. Бэкон мамлекеттин адамдарына адеп-ахлактык билимди жеткиликтүү берилиши илимдин өнүгүүсүнө шарт түзүп, адеп-ахлактык көйгөйлөрдү алдын ала чечүүгө чоң өбөлгө түзөт деп эсептеген.

Учурдагы коом динамикалык түрдө өзгөрүлүп, социалдык-экономикалык чөйрөнүн агымы келечек ээлерин компетенттүү мамиленин негизинде окутууну жана тарбиялоону замандын талабы катары сунуштап келүүдө.

Педагогикалык кадрларды даярдоонун сапатын жогорулатуу маселелеринде колледждин окуу процессинде келечектеги мугалимдин адеп-ахлактык сапаттарын калыптандыруу маселеси азыркы учурда өзгөчө актуалдуу мааниге ээ болууда.

Азыркы коомго өз алдынча ой жүгүрткөн, оригиналдуу, чыгармачыл ишмердүүлүккө багытталган компетенттүү педагогикалык кадрлар керек. Бирок, колледждин бүтүрүүчүлөрүнүн педагогикалык ишмердүүлүгүнө мониторинг жүргүзүү, ошондой эле педагогикалык адистиктердин студенттерин сурамжылоо, анкеталоо айрым мугалимдердин да, студенттердин да иши изилденүүчү багытта начар экенин көрсөтүп турат.

Көптөгөн окумуштуулар (Н.В.Левченко, В. А. Слободчиков, Л. Л. Щевцова, Ш.Е.Тураева ж. б.) белгиленген проблеманын чечилишин болочок мугалимдин адеп-ахлактык сапаттарынын комплексин актуалдаштырып калыптандырылышын студенттердин болочок мугалим катары кесиптик

жактан сапаттуу даярдыгына таасир берүүчү компонент катары көрүшөт, бул "компетенттүүлүк" түшүнүгүнө алып келет" [99, 134. 65-67-б., 141.]

"Компетенттүүлүк" деген түшүнүк латынча "competens", деген сөздөн келип чыккан, тиешелүү, жөндөмдүү жана "адамдын социалдык-кесиптик турмушундагы интеллектуалдык жана жеке шартталган билимге негизделген тажрыйба" деп чечмеленет [34, 35-б.]."Компетенттүүлүк" түшүнүгү жана "компетенттүүлүккө негизделген окутуу" түшүнүгү биринчи жолу XX кылымдын 70-жылдарында АКШда пайда болгон.

Бүгүнкү күндө илимий чөйрөдө компетенттүүлүктүн 3төн 37ге чейинки түрлөрү белгиленип, компетенттүү мамиле алдынкы парадигма катары каралып, компетенттүүлүк мамиленин негизинде калыптандыруу билим берүүнүн максаты катары каралууда.

Педагогика илиминде компетенттүүлүктүн мазмуну жана орду аныкталып жана иштетилип чыгууда.

Компетенттүүлүккө негизделген мамилени изилдөө проблемасын карашкан окумуштуулар: С.В. Алексеев,Э.Ф.Зеер, И.А.Зимняя, Н.В.Кузьмина, А.К.Маркова, Л.М.Митина, Дж. Равен, Г.К. Селевко, А.В. Хуторской жана башка илимпоздор.

Педагогдун компетенттүүлүктөрүн калыптандыруу багытындагы изил дөөлөрдү: А.А. Алимбеков, Н.А. Асипова, Т. Ашымбаева, Д.Б. Бабаев, Т. Бектуров,А.Т.Калдыбаева, Э.М.Мамбетакунов, А.К. Наркозиев, А.С.Раимкулова, Т. Г.С. Султанбаева ж.б.жүргүзүшкөн.

Компетенттүүлүк түшүнүгүнүн маңызын жакшыраак түшүнүү үчүн, анын структурасын аныктоого жасалган мамилелерди карап чыгуу зарыл.

Окумуштуу И.А. Зимняя иш-аракет компоненттин "компетенттүүлүк" түшүнүгүнө киргизип, төмөнкүдөй интерпретация берет: "компетенттүүлүк - айрым ички, потенциалдуу, жашыруун жаңы формациялар (иш-аракеттердин билимдери, идеялары, программалары (алгоритмдери), баалуулуктар тутуму жана мамилелер, алар адамдын компетенттүүлүгүндө актуалдуу, ишмердүүлүктүн көрүнүштөрү катары аныкталган" .[72]

Ал эми А.В. Хуторской компетенттүүлүктүн төмөнкүдөй аныктамасын айткан: "компетенттүүлүк – бул тиешелүү компетенттүүлүккө, анын жеке мамилесин, иш-аракетине жана предметине окуучунун ээ болуусу, ээлик кылуу аракети, компетенттүүлүк – бул окуучунун буга чейин калыптанган инсандык сапаты (сапаттардын жыйындысы) жана берилген чөйрөдөгү тажрыйба; компетенттүүлүк – окуучунун жеке сапаттарынын жыйындысы (баалуулук – семантикалык багыттар, билим, жөндөм, шык), белгилүү коомдук жана жеке-маанилүү чөйрөдөгү ишмердүүлүгүнүн тажрыйбасы" [137.36-42 б., 138. 58-64 б.].

Э.Ф. Зеер компетенттүүлүктү - "кырдаалды туура баалоо жана адекваттуу чечим кабыл алуу мүмкүнчүлүгү деп түшүнөт, ага болжолдонгон натыйжага жетүүгө мүмкүнчүлүк берет" деп баса белгилеген[70].

Окумуштуу Г.К. Селевко "компетенттүүлүк – бул адамды жалпылап көрсөтүүчү интегративдик сапаты: бул жөндөмдүүлүк билим алуу жана социалдашуу процессинде алынган билимине жана тажрыйбасына негизделип, иш-аракеттерге көз карандысыз жана ийгиликтүү катышууга багытталган" деп эсептейт[122].

Биз илимий ишибизде Н.В. Кузьминанын жобосуна таянып: “эгерде мугалимдин инсандык структурасы мугалимдин ишмердүүлүгүнө дал келсе, анда педагогикалык ишмердүүлүк ийгиликтүү болот”, бүгүнкү күндүн талабына жараша студенттердин адеп- ахлактык сапаттарынын калыптанган деңгээли алардын болочок мугалим катары кесиптик жактан сапаттуу даярдыгына белсемдүү таасир этерин белгилеп кетмекчибиз[90].

Болочок мугалимдин кесиптик компетенттүүлүгүнүн өзөгү анын адеп-ахлактык сапаттарынын калыптанган деңгээлине жараша болот демекчибиз, анткени кесиптик билим берүүнүн мазмунун жаңыртуу жана сапаттуу даярдоо стратегиясында кесиптик компетенттүүлүк түшүнүгү когнитивдик жана оперативдик-технологиялык компоненттерди гана эмес, мотивациялык, этикалык, социалдык жана жүрүм-турумдук компоненттерди да камтыйт.

Социалдык-экономикалык жана саясий чөйрөлөргө олуттуу өзгөрүүлөр, жаңыланган коомдун тенденциялары: гумандаштыруу, демократиялаштыруу санариптештирүү ж.б. у. с. маанилүү инновациялар болочок мугалимди кесиптик жактан сапаттуу даярдыгына көңүл бурууну талаптап аткан убагы, ошондуктан адеп- ахлактык сапаттарынын топтому: адилеттүүлүк, гумандуулук, сезимталдык, мээримдүүлүк, толеранттуулук, жоопкерчилик, жакшы ниет, жардамга даярдык, адамдын кадыр-баркын урматоо ж.б. өз актуалдулуугун айгинелейт.

Жогоруда белгиленген адеп- ахлактык сапаттарынын калыптанышы студенттердин келечектеги мугалим катары кесибинин сапатуу болушуна таасир этери шексиз.

Студенттердин адеп -ахлактык сапаттарынын топтому: адилеттүүлүк, гумандуулук, сезимталдык, мээримдүүлүк, толеранттуулук, жоопкерчилик, жакшы ниет, жардамга даярдык, адамдын кадыр-баркын урматоо ж.б.у.с. калыптанышы окууда (болочок кесиптин ишмердүлүүгүндө) жогорку мотивацияга ээ болууга алып келерин Л.А.Шевцова өз эмгегинде белгилеген[141], кесиптик ишке жакшы мамиле, жеңил ийгиликтерге ыраазы болбой, ал иштен канааттанууну сезүү жөндөмдүүлүгү өсөрүн Ф.Д.Товарищева караган [132], аталган адеп-ахлактык сапаттарынын калыптанган натыйжаларынын негизинде кесиптик эмгегине кызыгуусу пайда болот, чыгармачыл активдүүлүгү калыптанарын Ш.А.Тураева негиздеген[133].

Болочок мугалимдин адеп -ахлактык сапаттарынын калыптандырылышы жана алардын кесиптик жактан сапаттуу даярдыгына таасир эте турган чөйрөлөрүн белгилесек, алар;

- Өз алдынча когнитивдик иш-аракет чөйрөсү;
- Жараандык жана социалдык иш-чаралар, маданий чөйрөсү;
- Социалдык жактан активдүү ишмердүүлүк чөйрөсү;
- Кесиптик жактан даярдоо чөйрөсү.

Азыркы замандын талабына жараша кесиптик контекстте болочок мугалимдин адеп-ахлактык сапаттарын калыптандыруу маселеси өзгөчө актуалдуу болуп саналат.

Илимий педагогикалык адабияттын анализи көрсөткөндөй болочок мугалимдин кесиптик жактан даярдыгын изилдеген окумуштуулар: О.А.Абдуллина, Н.А. Асипова, Л.В.Байбородова, Н.К. Дюйшеева, Н.В. Кузьмина, А.С Раимкулова, В.А.Сластенин, А.И.Щербаков ж.б.

Болочок мугалимдин адеп-ахлактык сапаттарын калыптандыруу маселесин жана педагогикалык шарттарын карагандар: В.И.Андреева, В.А.Беляева, Т.П.Грибоедова, В.М.Пустовалова ж.б.

С.Ф. Анисимов, З.И. Васильева, Н.Е. Щуркова жана башкалар гуманисттик moралдык баалуулуктарга ( жакшылык, адилеттүүлүк, руханий кемелдешүү, гумандуулук, сезимталдык, мээримдүүлүк, толеранттуулук, жоопкерчилик, жакшы ниет, жардамга даярдык башкалардын ийгилигине кубануу, эркиндик, ар-намыс, теңдик, туугандык, эмгек, таанып-билүү, байланыш, чындык, сулуулук, табият, коом) чоң маани беришип, инсандын алдынкы сапаттары катары карашкан.

Инсанды калыптандыруу анын ишмердүүлүгүнө таасир этүү идеялар биздин изилдөөбүз үчүн өзгөчө мааниге ээ болгон:

- инсандын жана инсандын интегралдык мүнөздөмөлөрү жөнүндө (Б. Г. Ананьев, Л. И. Божович, Е. А. Климов, Б. Н. Мясищев, К. К. Платонов, Б. М. Теплов ж. б.);

- инсанды персоналдаштыруу механизмдери жана анын ишмердүүлүктө өнүгүшү жөнүндө (К. А.Абульханова-Славская, В. В. Грачев, М. С. Каган, А. Н. Леонтьев, А. К. Маркова, А. В. Петровский ж. б.).

Болочок мугалимдердин адеп-ахлактык сапаттарын калыптандыруу боюнча илимий изилдөөлөргө салым кошушкан окумуштуулар :Е.В.Бондаревская, С.В. Кононова, И.С.Марченко, И.П.Подласый, Т.И.Петракова, Л.А.Шевцова ж.б.

И.С.Марьенконун аныктамасы боюнча “адеп-ахлактык -бул жүрум-турумдун калыптанган нормаларын, эрежелерин жана принциптерин ыктыярдуулук менен сактоону камсыз кылуучу инсандын ажырагыс бир бөлүгү. Алар Мекенге, коомго, коллективге жана жеке адамдарга, өзүнө жана эмгектин натыйжаларына болгон мамилесинен билдирет” [107.7-б.].

С.В. Кононованын "Формирование нравственности в учебном процессе" деген эмгегинде адеп-ахлактык тарбиянын мааниси жана билим берүү процесси аркылуу адамдын жогорку моралдык баалуулуктарын калыптандыруу маселеси терең изилденип, педагогикалык ишмердүүлүктө адамдын коомдук жана инсандык жоопкерчиликтерин түшүнүү, ошондой эле студенттердин социалдык жана моралдык өз ара аракеттерин жакшыртуу мүмкүнчүлүктөрү каралган[88].

С.В. Кононова адеп-ахлактык тарбияны когнитивдик жана эмоционалдык багыттары аркылуу ишке ашырууну сунуштайт, бул өз кезегинде, студенттин жогорку моралдык баалуулуктарды кабыл алып, ошол негизде жеке жана коомдук өнүгүүсүн камсыз кылат. Ал ошондой эле, педагогикалык иш-чараларда мугалимдин өз мисалында моралдык баалуулуктарды калыптандыруунун маанилүүлүгүн жана тарбияны системалуу уюштуруунун зарылдыгын баса белгилейт. Мындан тышкары, адеп-ахлактык тарбиянын күнүмдүк билим берүү процесстерине натыйжалуу интеграциясы аркылуу студенттердин моралдык жана социалдык өнүгүүсүнө терең таасир көрсөтүлөт[88.].

Ф.Д. Товарищеванын эмгектери адеп-ахлактык тарбиянын социалдык жана педагогикалык аспектиде маанилүү изилдөөлөрдү камтыйт. Ал адеп-ахлактык тарбиянын коомдогу жана жеке адамдын өнүгүүсүндөгү ордун терең изилдеп, анын социалдык процесс менен байланыштуу маанисин түшүндүрөт[134]. Ф.Д.Товарищева моралдык жана социалдык баалуулуктарды коомдук тарбиянын негизги компоненти катары карап, алардын жеке адамдын социалдык өз ара аракеттерине кандайча таасир этерин көрсөтөт. Мындан тышкары, ал социалдык өздүк тарбияны, адамдын өзүн-өзү

тарбиялоосу жана анын коомдук моралдык баалуулуктарга туура келиши керектигин белгилейт. Ф.Д.Товарищева өз эмгектеринде педагогикалык жана социологиялык теорияларды байланыштырууга аракет кылып, адеп-ахлактык тарбиянын коомдук социализациядагы жана педагогикалык процесс менторлугундагы натыйжаларын изилдейт [134].

И.С. Марьенко өз эмгектеринде адеп-ахлактык тарбиянын коомдук жана педагогикалык процессинде алып жүргөн ролун терең изилдеп, анын адамдын өнүгүүсүнө жана социализациясына кандай таасир этерин көрсөтөт. Ал адеп-ахлактык тарбиянын коомдук туруктуулукка жана жеке адамдын моралдык өнүгүүсүнө кошкон салымын баса белгилейт. [107, б.-7].

И.С. Марьенко педагогикалык процесстерде моралдык баалуулуктарды жеткирүүдө билим берүүчүлөрдүн ролун жана социалдык жоопкерчилигин маанилүү деп эсептейт. Анын изилдөөлөрү адеп-ахлактык тарбиянын жеке адамдын социализациясы менен байланышын жана анын коомдук процесс боюнча терең түшүнүктөрдү сунуштайт. И.С.Марьенконун эмгектери адеп-ахлактык принциптердин коомдогу ордун жана алардын жеке адамдын өнүгүүсүнө таасирин ачып берет[107].

Болочок мугалимдин адеп -ахлактык сапаттарынын калыптандыруу процессин кесиптик жактан сапаттуу даярдыгы менен айкалыштырып изилдөөдө биз компетенттүү, системдүү, ишмердүүлүк, инсанга багыталган ж.б. мамилелердин негизинде кароону максаттадык.

Компетенттүүлүк мамиле шартында, колледждин билим берүү процесси бүтүрүүчүлөрдүн тандалып алынган профилдик багытына ылайык өнүгүүсүн андан ары калыптандырууга жана алга илгерилетүүгө тийиш.

Орто кесиптик билим берүү процессинин негизги милдети: биринчи кезекте, компетенттүү бүтүрүүчүлөрдү адистештирүү маселелери гана эмес, ошондой эле алардын адеп-ахлактык сапаттарын калыптандыруу менен бирге кесиптик билиминин сапаттуу деңгээлин компетенттүү мамиленин негизинде камсыз кылуу.

А.В. Хуторскойдун "компетенттүүлүк – бул адамдын ага жана иштин предметине болгон жеке мамилесин камтыган тиешелүү компетенттүүлүккө ээ болушу" [139] деген аныктамасын эске алып, кесиптик жактан манилүү адеп – ахлактык сапаттарды калыптандырууда биз аларды кесиптик жактан замандын талабына жараша актуалдуу адеп-ахлактык мүнөздөгү билимдер жана көндүмдөр деп кабыл алабыз. Биз сунуштаган кесиптик жактан манилүү адеп-ахлактык сапаттардын топтомун педагогикалык чөйрөдөгү маселелерди чечүүдө, практикалык аракеттердин негизинде аларды ийгиликтүү ишке ашыруу кесиптик компетенттүүлүктүн көрсөткучтөрү катары экендигин аныктайбыз.

Келечектеги педагогдун болочок кесиби жактан манилүү адеп-ахлактык сапаттарын калыптандыруу маселеси – азыркы билим берүү системасында белсемдүү орун ээлеген жана компетенттүүлүк парадигмасынын артыкчылыктуу шарттарында өзгөчө актуалдуу.

Орто кесиптик билим берүү системасында студенттердин педагог катары келечектеги кесибинин ишмердүүлүгүн эске алып, адеп-ахлактык сапаттарын калыптандырууда, анын маңызы төмөнкү компетенциялардын топтому менен ачылышы керек, атап айтканда:

- азыркы коомдун баалуулугун, адам укуктарын жана анын негизги эркиндиктерин урматтоону, өз ара түшүнүшүүнүн, элдердин ортосундагы толеранттуулуктун жана достуктун зарылдыгын, коомду түзүү фактору катары жүрүм-турумдун социалдык-адеп-ахлактык ченемдерин жактырууну, муну эске алуу менен өздүк багыттарды жана оң баалуулук багыттарын түзүүнү болжолдогон баалуулукка багытталган компетенциясы;

- өзүнүн кесиптик жактан манилүү, адеп-ахлактык сапаттарын калыптандыруу максатында алынган маалыматты издөө жана колдонуу үчүн зарыл билимдердин жана көндүмдөрдүн болушун болжолдогон маалыматтык-таанып билүү компетенциясы;

- позитивдүү адеп-ахлактык мамилелердин болушун, жүрүм-турумдун жалпы кабыл алынган түрлөрүн ээрчүүгө даярдыгын, өз аракеттери үчүн

жоопкерчиликти алууну караган жөнгө салуучу-жүрүм-турумдук компетенциясы;

- баарлашуу, мугалим катары негизги ролду аткаруу боюнча субъекттер менен конструктивдүү өз ара аракеттенүүгө даярдыгын, тез өзгөрүп жаткан дүйнөдө өзүн-өзү ишке ашырууга даярдыгын билдирген кесиптик-коммуникативдик компетенциясы ж.б.

Болочок мугалимдин адеп- ахлактык сапаттарынын калыптандыруу процессин кесиптик жактан сапаттуу даярдыгы менен айкалыштыруунун мазмуну бири-бирине байланыштуу үч багытка негизделишин белгилемекчибиз:

- когнитивдик (келечектеги педагогдун маданиятынын өзөгү катары кесиптик-адеп-ахлактык аң-сезимди калыптандыруу);

- эмоционалдык-сезимдик (өзүнө, коомго, мамлекетке, бүтүндөй дүйнөгө карата эмоционалдык, руханий-адеп-ахлактык мамилелерди калыптандыруу);

- нравалык-эрктүүлүк (субъективдүү-инсандык жана кесиптик-адеп-ахлактык мааниси бар ишке даярдык).

Системалык мамиленин негизги максаты – изилденип жаткан объектинин бүтүмдүлүүгүн аныктоочу структурасын жана элементтерин табуу. Системалык мамиле – азыркы педагогикада жаңыланган багыт, билим берүүнүн жана окутуунун бирдиктүү тутуму катары каралып келет.

Билим берүүнүн жана окутуунун маңызын жана мыйзам ченемдүүлүктөрүн изилдөөдө, дүйнө таанымды жана илим негиздеринин түшүнүктөр тутумун түзүү боюнча өз ара байланышкан чаралардын комплексин табууда колдонот.

Колледжде келечекте мугалимдин адеп-ахлактык сапаттарын калыптандыруу боюнча иш татаал жана көп кырдуу жараян. Бирок, байкоолор көрсөткөндөй, ал көбүнчө анын кесиптик-педагогикалык даярдыгынын блогунан обочолонуп жүргүзүлөт. Анын кесиптик-педагогикалык даярдоо менен кесилишинде келечекте мугалимдин адеп-ахлактык сапаттарын калыптандыруу системасын кабылдоо жана бүтүндүгүн

түзүү келечекте мектеп мугалими катары кесиптик иш-аракетти сапаттуу ишке ашырууну камсыз кылат. Буга байланыштуу биз болочок педагогдун төмөнкү адеп - ахлактык сапаттардын системасын (гумандуулук, патриоттуулук, жоопкерчилик, өз элинин жана башка элдердин каада -салтын колдоо, моралдык жактан колдоого даярдык, ак - ниеттүүлүк, улууларды сыйлоо, адилеттүүлүк, чынчылдык, толеранттуулук, социалдык активдүүлүк, башка элдерге карата достук сезими, абийирдүүлүк) калыптандыруунун маанилүүлүгүн жана зарылдыгын актуалдаштырып, аларды болочоктогу кесибине сапаттуу даярдоо критерий катары карамакчыбыз.

Дагы бир биздин илимий иштин методологиялык негиздерин түзө турган мамиле – ишмердүүлүк мамиле. Ишмердүүлүк мамиленин негиздерин Л.С.Выготский, П.Я. Гальперин, В.В. Давыдов, А.Н.Леонтьев, изилдешип, окутуу процессте калыптана турган инсанга даяр билим бербей, аны иш аракет процессинде калыптандыруу керектигин белгилешкен.

Ишмердүүлүк мамиленин маңызын татаалдашкан ишти уюштуруу, анткени А.Н.Леонтьевдин айтымы боюнча “адам өзүнүн ишмердүүлүгү аркылуу гана илимди жана маданиятты, дүйнөнү таанып-билүү жана өзгөртүү ыкмаларын өздөштүрөт, инсандык сапаттары калыптанат жана өркүндөйт” деп белгилеген[100]. Ишмердүүлүк мамилеге бир нече принциптер таандык: ишмердүүлүк, үзгүлтүксүз, бүтүмдүүлүк, чыгармачылык, психологиялык комфорттуулук ж.б.

Жогоруда белгиленген адеп-ахлактык сапаттарынын системасы ааламдашуу, санариптештирүү, модернизациялоо, демократиялаштыруу, гумандаштыруу сыяктуу коомдогу динамикалык өзгөрүүлөргө байланыштуу экенин айтып, келечектеги педагогду гуманисттик идеяларды ишке ашырууга багыттоодо, билим берүүнүн бардык формаларын жана билим берүү программаларын гумандаштыруунун маанилүүлүгүн белгилемекчибиз.

Азыркы коомду гумандаштыруу процесси адамдын ички өзгөрүүсүнө, анын руханиятына байланыштуу болгондуктан, атайын орто окуу жай

системасында студенттердин гумандуулук, жоопкерчилик, толеранттуулук, сыяктуу сапаттарынын калыптанышын максаттоо зарылчылыгы келип чыгууда.

И.Кант өз учурунда белгилеп кеткен “Гуманизм башкалар менен мамиле түзүүдө жакшылык сезимин” камсыз кылат

Коомдун өнүгүү тарыхында белгилүү байыркы замандын ойчулдары: М.Кашкари, Ж.Баласагын, Ибн Сина жана атактуу педагогдор тарабынан Ф.Рабле, М.Монтень, Ж.Ж.Руссо, И.Г. Песталоцци, К.Д.Ушинский ж.б. иштеп чыккан бардык гуманисттик идеялары адамдардын жашоо образынын ар түрдүүлүгүн цивилизациялык норма катары түшүнүүгө негизделген гуманисттик баалуулуктарды өстүрүүгө багытталган.

Азыркы коомдун билим берүү сферасында гумандаштыруу, гуманитарлаштыруу, демократиялаштыруу, санариптештирүү тенденциялардын багыттарына жараша биздин диссертациялык иште болочок мугалимди келечектеги кесибине сапаттуу даярдоо критерий катары төмөнкү адеп-ахлактык сапаттарынын системасына маани берилгенин айтмакчыбыз, алар: гумандуулук, париоттуулук, жоопкерчилик, өз элинин жана башка элдердин када салтын колдоо, ак ниеттүүлүк, адилеттүүлүк, чынчылдык, толеранттуулук, социалдык активдуулук, башка элдерге карата достук сезими, абийирдүүлүк.

Жогоруда аталган адеп-ахлактык сапаттарынын мазмундуулук аспектилерин талданышы жана болочок мугалимдин келечектеги кесибине сапаттуу даярдоо критерий катары каралышы, алардын заманбап талаптарга жооп бериши менен актуалдуулуугун көрсөтөт.

Гумандуулук – адеп-ахлактык сапат катары болочок мугалимдин кесиптик жактан даярдоодо окуучусунун кадыр-баркын сыйлоодон баштап аң-сезимдүү, камкор, боорукер мамиле жасоого ички калыптанган потенциалы катары каралат. Гумандуулук алдынкы адеп-ахлактык сапат катары болочок педагогикалык кесиптик иште терс сапаттардын пайда болушуна: жамандыкка, зомбулукка, агрессияга, чыдабагандыкка жол бербейт жана

мугалим менен окуучу ишенимдин негизинде пайда болуучу системада социалдык активдүүлүк, моралдык жактан колдоо, ак ниеттүүлүк ж.б. сапаттардын башааты болуп, кесиптик ишмердүүлүктын сапатын камсыз кылуучу маанилүү критерий болуп саналат.

Социалдык активдүүлүк – адеп- ахлактык сапат катары бир нече аспектилерде каралышы керек: социалдык аспект - социалдык билимдерди жана жөндөмдөрдү топтоо; инсандык аспектиси - муктаждык, кызыкчылык, социалдык чындык менен байланыштуу. Инсандын өзүн коомго социалдаштыруу процесси ар кандай чөйрөлөргө багытталган активдүүлүк аркылуу ишке ашат жана коомдук маанилүү ишмердүүлүктүн жүрүшүндө анын калыптанышы жүрөт.

Изилдөөчү Э. М. Кандалинанын айтымында, “социалдык активдүүлүк инсандык сапат катары каралат жана ал коомдук иш-аракеттерде, социумдун кызыкчылыгын өнүктүрүүнү каалоодо, иштөөдө пайда болот [80].

Ю.Кустикованын пикири боюнча социалдык активдүүлүктү калыптандыруу процесси үч этапта ишке ашырылат: Максат коюучу, мотивациялык жана калыптандыруу этабы [98].

Э.Ф. Шакирова социалдык активдүүлүктү калыптандыруу адамдын ишмердүүлүгүнүн негизги чөйрөлөрүн өнүктүрүү процесси болуп саналат, анын натыйжасында жаңы мотивдер жана муктаждыктар пайда болот деп эсептейт. Социалдык активдүүлүк студенттердин таанып-билүү чөйрөсүн өнүктүрүүдөн калыптана баштайт. Тигил же бул чөйрөгө таасир эткенде биз сөз кылабыз калыптандырууга көмөктөшүүчү методдор: когнитивдик чөйрө – таасир этүү ыкмалары (ынандыруу жана өзүнө ишенүү) жана аң-сезимди калыптандыруу ыкмалары [140].

Социалдык активдүүлүк – адеп -ахлактык сапат катары студенттердин болочок кесибине сапатуу даярдоо аспектисинде карасак бир нече мугалимге тийиштуу бийик ишмердүүлүктүн белгилүү компентенцияларын калыптандырууга өбөлгө болору шексиз, аларды атасак: ишмердүүлүгүн уюштуура билүү, өз алдынча окутуу методдорду иштеп чыгуу, ар кандай

педагогикалык жагдайларды окуучуларын окутуу жана тарбиялоо максатында уюштура билүү, демилгелүү болуу, педагогикалык ишмердүүлүккө аң-сезимдүү мамиле жасоо, окуучулар үчүн социалдык ишмердүүлүктүү уюштура билүү ж.б.

Социалдык активдүүлүк – адеп-ахлактык сапат катары бир нече педагогикалык кесиптик сапаттардын жана компетенциялардын топтомунун пайда болушуна алып келээрин көп изилдөөчүлөр белгилешкен ( Н.И.Бычкова, Э. М. Кандалина, М.Г.Иванов, Э.Ф. Шакирова ж.б.).

Биринчиден, баалуулук мотивациялык критерийлерди белгилесек: (достук, толеранттуулук, абийирдүүлүк, эмгекчилдик, ак- ниеттүү кызмат кылуу жана кесиптик милдетине берилгендик ж. б.);

Экинчиден, маалыматтык-когнитивдик (активдүү турмуштук гуманисттик позиция, этикалык нормаларды билүү жана аң-сезимдүү аларды колдонуу, ишке аң-сезимдүү мамиле кылуу);

Учүнчүдөн, операциялык ишмердүүлүк (окуучулардын социалдык жактан маанилүү иш-аракеттерин уюштуура билүү, алардын өз алдынчалык сапаттарын калыптандыра алуу, социалдык жактан активдуу иш-аракеттерине таасир эттүү, окуучулардын жана чоңдордун биргелешкен иш-аракеттерине жагымдуу жагдай уюштура билүү ж. б.);

Төртүнчүдөн, инструменталдык (өзүн-өзү уюштуруу көндүмдөрү, өз алдынчалуулук, демилгелүүлүк, ынандыра билүү, командада иштей билүү,чыгармачылык, кесиптик максаттарга берилгендик ж.б.).

Толеранттуулук – адеп- ахлактык сапат катары мазмунун карасак, адабияттардын талдоосу белгилегендей, толеранттуу адам өзүнүн турмуштук позициясына ээ болуп, башка бирөөнү кабылдоодо, анын башкача иш- аракет кылууга болгон укугун урматтап, таанып, көп түрдүүлүктүн баалуулугун көрө билет, ошондой эле башка көз караштарды эске алуу менен өз ара аракеттенүүнү курууга даяр экендигин негиздейт.

Ар кандай чечмелөөлөрдүн талдоосунун негизинде толеранттуулукту адеп - ахлактык сапат катары түшүнүгүн изилдесек: “инсандын адамдык

коомдоогу көп түрдүүлүккө конфликтсиз ыңгайлашуусун камсыз кылуучу, инсанды өнүктүрүүнүн негизи болуп саналган жана дөөлөттүк мамилеге негизделген интегративдүү инсандык сапат катары кароого мүмкүндүк берди" [33].

Толеранттуулук көп маданияттуу чөйрөдө өз ара мамилелерди түзүүгө багытталган жөндөмдүүлүк катары каралып жана изилдөөчү С.И. Осипованын айтымы боюнча: "жалпы маданий компетенттүүлүккө киргизүүгө мүмкүндүк берет" [110].

Толеранттуулукту адеп- ахлактык сапат катары калыптандыруу проблемасын туура багытта чечилиши жана келечектеги мугалимдин кесиптик жактан сапаттуу өнгүшүнүн контекстинде каралышы анын жалпы маданий компетенттүүлүгүнө алып келээрин бир нече окумуштуулар Л.А. Занина, С.Л.Лягушева, Н. П. Меньшикова ж.б. белгилешкен.

Жалпы маданий компетенция А.В. Хуторскойдун [137] классификациясына ылайык негизги кесиптик компетенцияларга кирет, ал билим берүүнүн мазмунунун метабелгилик деңгээлине киргизилет. Ошондуктан жалпы маданий компетенцияны калыптандыруу жалпы билим берүүнүн мазмунун ишке ашыруучу ар бир предметтин алкагында жүзөгө ашырылат.

Жалпы маданий компетенттүүлүк – бул адамдын маданият мейкиндигинде багыт алуу жөндөмү. Ал өзүнө объекттердин төмөнкүдөй чөйрөсүн камтыйт: улуттук жана жалпы адамзаттык маданият; үй-бүлөлүк, социалдык көрүнүштөрдү жана салттардын руханий-адеп-ахлактык негиздерин [138]

Болочок мугалимди адеп-ахлактык сапаттарынын калыптанышы кесиптик жактан сапаттуу даярдалышына анын жалпы маданий компетенттүүлүгүнүн калыптанган жогорку деңгээли шарттайт, анткени аталган компетенттүүлүктүн мазмуну окутуунун төмөнкү милдеттерин аткарууга жол ачат:

– маданий мейкиндикти өздөштүрүү проблемасына багыт алуу;

– маданияттын ар кандай тармактарында болгон теориялык билимдерди жана көндүмдөрдү толуктоо;

– маданий мурастарды эмоционалдык кабыл алуу жана баалуулукка ээ болуу жөндөмүн өнүктүрүү;

– маданий баалуулуктар жана гуманисттик баарлашуудан эстетикалык ырахат алуу жөндөмүн өнүктүрүү;

– искусство чыгармаларына болгон мамилени билдирүү,

– баалоо жөндөмү.

Андан тышкары, коммуникативдик-ишмердик көндүмдөрдү өркүндөтүүнү камсыз кыла алган, маданий баалуулуктар, жүрүм-турум жана баарлашуу маданиятынын жогорку деңгээлине ээ болгон, сезимдерди билдирүү менен иштөө жөндөмүн калыптандыруу компетенциялары өнүгөт жана ар кандай булактардан алынган маалымат менен окутуу процессин чыгармачылык шарттарды тузуп иштөө жөндөмүн калыптандырылат.

Болочок педагогдун жалпы маданий компетенциясынын жогорку деңгээлинде болушу төмөнку көрсөткучтөр менен каралышын айтмакчыбыз, алар:

– окуучуларды улуттук жана дүйнөлүк маданиятка интеграциялоо маселесин ийгиликтүү чечүүнүн негизги өбөлгөлөрүн компетенттүү мамиленин негизинде пайдалануу;

– гуманитардык дисциплиналар менен предметтер аралык байланыштарды натыйжалуу жүргүзүүгө даярдыгы.

Болочок педагогдун адеп- ахлактык сапаттарынын калыптандыруу процессинде биз жалпы маданий компетенттүүлүгү калыптанган мугалимдин мүнөздөмөсүнө таянып иш алып барышыбыз керек, аны аныктап кетсек: педагогикалык маданияттын жогорку деңгээлине ээ болгон, инсандар аралык өз ара аракеттенүү көндүмдөрүн мыкты өздөштүргөн педагог. Андан тышкары окуучулардын окуп жаткан материалды ар тараптуу кабыл алуусун камсыздай

алган, окутуу процессин ар бир окуучуга жеткиликтүү кылууга потенциалы өнүккөн, окуучулардын окутулуп жаткан предметке болгон кызыгуусун арттырууга үндөө компетенциялары калыптанган. Ошону менен бирге төмөнкү кесиптик сапаттары: сынчыл болуу, бооруукерлик, сезимталдык, жүрүм-турумдун тандалган альтернативаларын реалдуулукка которуу, өзүн башкара билүү, эгоцентризмден арылуу, адеп-ахлактын чегинде толеранттуулукка жол берүү ж.б. өнүккөн болушу зарыл.

Улуттук жана дүйнөлүк маданиятка интеграциялоо маселесин ийгиликтүү чечүү үчүн болочок мугалим патриоттулук сапатка ээ болушу зарыл.

Патриоттулук – ар кандай жүрүм-турумдук, эмпирикалык, гуманитардык компоненттердин гармониялуу айкалышынан турат.

Патриоттулук – өз эли, туулган жери, улуттук маданий каада салттары менен сыймыктануу, өз тилин сүйүү, урматоо ж.б.у.с. адамдын моралдык баалуулуктарынын жогорку деңгээли деп биле алабыз. Туулган жерине, өз элине, мекенине болгон сүйүү сезими менен мүнөздөлгөн патриоттулук сапатына ээ болгон студент, эртеңки мугалим катары окуучуларын өз элине, жаратылышына, тарыхына, маданий салттарына болгон сүйүүнү калыптандыра алары шексиз.

Орто кесиптик колледжде окуу-тарбия иштерин уюштургандыгына жараша студенттер Ата-мекенинин чыныгы патриоту болуп, өз жашоосун жетекчиликке алып, мекенине кызмат кыла алаары шексиз, ошондуктан патриоттулукту актуалдуу адеп -ахлактык сапат катары каралып, болочок мугалимдин кесиптик жактан даярдыгына өз таасирин тийгизиши абзел.

Дагы бир азыркы мезгилдин талабына шайкеш келе турган сапатты айтсак, ал өз элинин жана башка элдердин каада салтын колдоо – бул адеп ахлактык сапаттын маңызында бир нече баалуу багыттар бар, алардын топтомунун негизинде болочок мугалимдин кесиптик ишмердүүлүгү үчүн зарыл болгон маданият аралык мамилелер жөнүндө компетенцияларынын топтому камтылган, анткени Кыргызстанда жүздөн ашык улуттар жашайт,

алар орус, уйгур, немец, азербайжан, корей ж.б. калктын өкүлдөрү жашап келишет жана белгиленген интернационалдуу чөйрөдө болочок мугалим ар бир улуттун улуттук маданий өзгөчөлүктөрүн билиши абзел.

Маданияттар аралык компетенттүүлүк маданияттар аралык баарлашуунун алкагында ар кандай маданияттарга мүнөздүү болгон үрп-адаттар менен каада-салттардагы айырмачылыктарды аңдап билүүнү, алардын жалпы жана өзгөчөлүүлүгүн көрө билүүнү, ошондой эле башка маданияттын өкүлү менен жемиштүү өз ара аракеттенүүнү билүүнү билдирет.

А.П.Садохин белгилегендей, “маданияттар аралык компетенттүүлүк стратегиялык жана аналитикалык жөндөмдөрдүн комплекси катары карала баштады, башка маданияттын өкүлдөрү менен жемиштүү карым катнаш өбөлгөлөрдү камсыз кылат” [121].

Орто кесиптик колледже өзгөчө манилүү окула турган материалдын мазмунунун негизинде студенттердин маданияттар аралык компетенцияларын калыптандырууну максатоо, анткени болочок мугалим өз педагогикалык ишинде ар кандай маданияттарга мүнөздүү болгон үрп-адаттар менен каада-салттардагы айырмачылыктарды аңдап билүү менен бирге башка маданияттын өкүлдөрү менен жемиштүү карым- катнаш мамиле тузө ала билиши анын кесиптик жактан сапаттуу даярдыгынын бирден бир критерийи болуп саналат.

Орто кесиптик колледже окутуулучу программаларда студенттердин болочок мугалим катары анын маданияттар аралык компетенцияларын калыптандырууну максатоодо негизинен төмөнкү критерийлерди эске алуу керектигин белгилей кетели:

а) маданий жактан баалуулугу;

б)типтүүлүгү жана жалпыга белгилүүгү,;

в) өз элинин маданияты менен дифференциацияланышы;

г) материалдын жумушчу программанын тематикалык бөлүмдөрүнө дал келиши.

Колледждеги болочок мугалимдерге окутула турган ар бир материалды маданияттар аралык компетенцияларын калыптандыруунун контекстине жараша тандап, жалпы максаттын ишке ашырылышын камсыз кылган иштин бирдиктүү системасынын иштелип чыгышы жакшы натыйжа берээрин айта кетишибиз керек. Атайын проектиленген системада тандалган окутуу материалдар, педагогикалык ситуациялар чагылдырган көнүгүүлөр иштелип чыгып, компетенттүү, системдүү, ишмердүүлүк ж.б. мамилелердин негизинде келечектеги мугалимдин маданияттар аралык компетенциясын калыптандыруу максаты менен шайкеш келиши керек. Бул аспекте маданият аралык проблемалык-коммуникативдик милдеттер маанилүү, алар башка маданияттын өкүлдөрүнүн жүрүм-турумун салыштыруу, интерпретациялоо, кесиптик иштин сапатын камсыз кылуу үчүн алынган маданияттар аралык билимдерди колдонуу сыяктуу маданияттар аралык көндүмдөрдү калыптандырууга багытталган.

Болочок мугалимдин маданияттар аралык компетенцияларын калыптандыруунун контекстинде анын өз педагогикалык ишинде ар кандай маданияттарга мүнөздүү болгон үрп-адаттар менен каада-салттарды таанып билиши ошону менен бирге башка элдерге карата достук сезими пайда болушу камсыздалат.

Абийирдүүлүк, ак ниеттүүлүк, адилеттүүлүк, жоопкерчилик, моралдык жактан колдоого даярдык, башкача айтканда, адамгерчиликтин бийик касиеттерине ээ кылуучу адеп-ахлактык сапаттардын калыптанышы болочок мугалимдин рухий жактан өсүп өнүгүүсүн шыктандыруу менен бирге анын өзүн-өзү актуалдаштыруу, өзүн-өзү сыйлоо өбөлгөлөрү жогорулайт жана кесиптик жактан сапаттуу даярдыгына таасир берээри шексиз.

Жогоруда аталган адеп -ахлактык сапаттардын системасы бир жагынан адамзаттын позитивдүү руханий кабылдоолору катары кабыл алынса, экинчи жактан жүрүм-турум директивалары болуп эсептелинип, болочок мугалимдин жалпы жана кесиптик жактан гармониялуу өнүгүүсүн, руханий өнүгүүсүнө дем берүүчу нравалык категориялар катары каралышы абзел.

Жалпылап айтканда, биздин илимий ишибизде белгиленген, талдоого алынган заманбап талаптарга шайкеш келген адеп-ахлактык сапаттардын системасынын (гумандуулук, париоттуулук, жоопкерчилик, өз элинин жана башка элдердин каада- салтын колдоо, моралдык жактан колдоого даярдык, ак-ниеттулук, улууларды сыйлоо, адилеттүүлүк, чынчылдык, толеранттуулук, социалдык активдүүлүк, башка элдерге карата достук сезими) каралышы болочок мугалимдин кесиптик жактан сапаттуу даярдалышынын критерийи катары карап чыгууга өбөлгөлөрдү түздү. Ошону менен бирге мугалим-инсан мүнөздөмөсүнүн иштиктүү маңызын чагылдыруусуна таасир берүү менен бирге, бир катар болочок мугалимдин кесиптик жактан манилүү компетенцияларын (мугалим катары милдетин компентенттүү аткарууга умтулуу, окутуу процессте активдүү гумандуу позициясын ээлей билүү, кесиптик моралдык жана этикалык нормаларды билүү жана аларды гумандуу мугалим катары туура колдоно билүү ж.б. у.с.) толук аныктоого мүмкүндүк берип, аларды калыптандырууда оптималдуу жолдорун издөөнү шарттады.

## 1.2. Болочок мугалимдин адеп-ахлактык сапаттарын калыптандырууда Дүйнөлүк адабияттагы мыкты үлгүлөрүн колдоону проблемасы

Азыркы глобалдык санариптештирүү мезгилде студенттерди окутуп тарбиялоодо мугалимдин ролу чоң, ошондуктан ар бир сабакта мугалимдин сөзү эмоционалдык жана эстетикалык маанайды ойгото турганы талашсыз, бирок эң биринчиден ал жакшы сезимдерди ойготуп, студенттердин жалпы өнүгүшүнө, инсандык өсүшүнө жардам берип, адеп-ахлактык сапаттарын калыптоого шарт түзүшү керек.

Активдүү жараандык позицияны ээлегендиги, жогорку адеп - ахлактуулугу менен айырмаланып тургандыгы –бул ар тараптуу адептүү инсанды тарбиялоонун, өнүктүрүүнун эң күчтүү каражаты болуп дүйнөлүк

адабиятты айтсак жаңылышбайбыз. Адабияттын билим берүүдөгү тарбиялык таасири чыгарманын идеялык жана көркөмдүк мазмунунда жатат. Адабият сабактары ой жүгүртүүнү өстүрүүчү, кеңейтүүчү, окуучуларды кайдыгер калтырбаган жандуу сабактар болушу керек. Адабият сабагындагы өтүлүүчү ар бир тема адеп-ахлактуулук көз караштан каралуусу абзел. Бул сабактар сулуулуктун, мээримдүүлүктүн, моралдык сапаттардын сабагы болушу керек.

К.Д.Ушинский: "...адабий чыгармадагы адеп-ахлактык иш-аракетти, адеп-ахлактык сезимди, ойду балага сүйдүрүп жеткире алган чыгарма гана адеп-ахлактуу боло алат" деп жазган.[135, 59.б.]

Окулуп жаткан чыгарманын өзөгүндө адам баласынын жашоосу, ар кандай кырдаалдагы жүрүм-туруму изилденет. Кайсыл кылымдарда болбосун жазуучулар айтып жаткан окуялардын баарында адеп-ахлактуулук көйгөйлөр азыркы күнгө чейин кызыгууларды жаратып актуалдуулугун жоготбойт. Ошол эле В.Шекспир, А.С.Пушкин, Ф.Стендаль, А.де С.-Экзюпери, Ф.Достоевский, Л.Н.Толстой, А.Чехов, Э.Хеменгуэй, Ш.Бодлер, О.Генри, Т.Молдо, Ч.Айтматов ж.б. дүйнөлүк адабияттын өкүлдөрүнүн чыгармаларында.

Адабият сабактары, адабий китеп окуу процесси өсүп келе жаткан муундардын жашоо тажрыйбасын калыптандырып, адамдын руханий дүйнөсүн байытып, эстетикалык табият таанусун өнүктүрөт. Каармандардын ички дүйнөсүн түшүнө билип, автордун позициясын белгилеп, андан соң өз алдынча каарманга баа бере алса, анда бул нерсе китеп окуу көндүмдөрүн, чыгарманы терең түшүнүп, адеп-ахлактык деңгээлин жогорулатып, моралдык этикалык сапаттарын калыптантырат.

Учурдагы коомдук өзгөрүүлөр, дүйнөлүк глобализация процесстери жана технологиялык өнүгүү шарттарында салттуу адеп-ахлактык баалуулуктарга болгон мамилелер да жаңылануууда.

Азыркы мезгилдин шартында болочок мугалимдерге адеп-ахлактык багыт берүү жана нравалык сапаттарын калыптандыруу проблемасын В.А.Александрова, Ш.А.Амонашвили, Е.В.Бондаревская, С.Ю.Дивногорцева, Т.И.Петракова жана башкалар изилдешкен.

Дүйнөлүк адабият адеп-ахлактык тарбиянын маанилүү каражаты болуп адамдын ички дүйнөсүн, моралдык принциптерин жана коомдук жоопкерчилигин терең түшүнүүгө мүмкүндүк берет. Адабий чыгармалар, анын ичинде классикалык жана заманбап адабият, адамдын туура жана туура эмес аракеттеринин кесепеттерин, инсандык баалуулуктарды жана ар бир инсан үчүн моралдык тандоолорду көрсөтүү аркылуу жаш муундарды тарбиялайт. Чыгармадагы каармандардын ийгиликтери жана катаачылыктары аркылуу окурман адеп-ахлактык баалуулуктарды кабыл алып, өзү үчүн идеалдарды аныктап, туура жүрүм-турум моделин түзөт. Дүйнөлүк адабиятта адамдын чындыгына, адилеттүүлүккө, сүйүүгө жана жалпы адамзаттык баалуулуктарга болгон көз карашы негизги темалар болуп саналат, бул адеп-ахлактык тарбияда адамдын моралдык аң-сезимин өнүктүрүүгө өбөлгө түзөт.

Дүйнөлүк адабиятта ар түрдүү адеп-ахлактык темалар чагылдырылып, алардын адамдын руханий жана моралдык өнүгүүсүнө чоң таасирин тийгизет. Адабий чыгармаларда туура жана туура эмес, чындык жана жалган, адилеттүүлүк жана кыянатчылык, сүйүү жана жек көрүү сыяктуу негизги адеп-ахлактык баалуулуктар чагылдырылат. Бул темалар окурмандарды адамдык жашоонун маанилүү жактарын, инсандык тандоолорду жана алардын кесепеттерин терең түшүнүүгө үндөйт.

Ф.М. Достоевскийдин чыгармаларында адамдын ички кыйналуулары, ызаланган моралдык тандоолору, адамгерчиликке болгон чакырыктар көрсөтүлөт, ал эми В. Шекспирдин чыгармалары адашкан жолдор жана алардын адамдын жүрүм-турумуна таасири жөнүндө терең ой салат. Классикалык жана заманбап адабияттагы адеп-ахлактык темалар, өз кезегинде, окурмандарды акыл-эс жана жүрөк менен кабыл алынган этикалык

чечимдерди жасоого үйрөтөт. Бул темалар болочок мугалимдер үчүн өз ишине болгон жоопкерчилик, адамгерчилик, адилеттүүлүк жана сүйүүнү түшүнүүдө маанилүү ролду ойнойт, анткени алар окурмандарга жалпы адамзаттык баалуулуктарга негизделген дүйнөдө жашоону туура жол менен түзүү жөнүндө түшүнүктөрдү сунуштайт.

Адабий чыгармаларда моралдык дилеммалар адамдын ички кыйынчылыктарын жана моралдык тандоолорун көрсөтүп, алардын дүйнөгө болгон көз карашын, иш-аракеттерин жана каршылыктарын ачып берет. Моралдык дилемма — бул адамдын адеп-ахлактык баалуулуктары менен конкреттүү абалга негизделген тандоолордун ортосундагы карама-каршы келүүчү кырдаал. Адабиятта бул дилеммалар көбүнчө каармандардын бир нече варианттагы туура эмес же туура чечимдерди кабыл алуу процесси аркылуу чагылдырылат.

Ф.М. Достоевскийдин "Кылмыш жана жаза" чыгармасында Родион Раскольников өзүнүн ички күрөшүндө жана моралдык принциптери менен социалдык чындык ортосундагы дилемманы кантип чечүү керектиги жөнүндө суроолорду козгоо менен адамдын моралдык жана руханий өнүгүүсүн сүрөттөйт. Родион Раскольниковдун образы адамдагы абийирдүүлүк сезими, гумандуулук адамдык сапаты жогору тургандыгын көрсөтүп далилдейт.

Ал эми көркөм адабий китепти көп окуган окурман адеп-ахлактык жактан өнүккөн, чыдамкай, улуттук аң-сезими терең инсан болот. Көркөм чыгарма жаш окурманды кызыктырган идеалдуу каармандын болушу үчүн эмес, тескерисинче ката кетирип өнүгүп келе жаткан каарман болушу мүмкүн. Л.Толстойдун каармандары Пьер Безухов, Наташа Ростова (“Согуш жана Тынчтык”), В.Шекспирдин Гамлет, Ф.Стендалдын Жульен Сорель (“Кызыл жана кара”), М.Булгаковдун профессор Преображенский (“Ит жүрөгү”), М.Шолоховдун А.Соколов (“Адам тагдыры”), ж.б. жакшылыкка, адилеттикке, турмуштук тажрыйбага ээ болууга, Мекенди сүйүүгө тарбиялап, өзүн жана окурмандын мыкты сапаттарын калыптандырат.

Болочок мугалимдердин адеп-ахлактык сапаттарын калыптандыруу маселеси азыркы билим берүү системасында өзгөчө мааниге ээ. Мугалимдердин адеп-ахлактык баалуулуктарды үйрөтүүдө дүйнөлүк адабияттын тарбиялык күчү жана таасири өзгөчө маанилүү. Замандын талаптарына ылайык, мугалимдер өз ишмердүүлүгүндө адеп-ахлактык принциптерге, инсандык баалуулуктарга жана гуманисттик түшүнүктөргө таянып, студенттерге туура жолду көрсөтүшү керек. Дүйнөлүк адабият, анын ичинде классикалык жана заманбап чыгармалар, каармандарынын моралдык негиздери жана баалуулуктарын көрсөтүү аркылуу болочок мугалимдердин адеп-ахлактык түшүнүгүн тереңдетүүгө жардам берет. Бул изилдөө педагогикалык процессте адабий чыгармаларды колдонуу аркылуу болочок мугалимдердин адеп-ахлактык сапаттарын калыптандыруунун ыкмаларын жана жолдорун изилдейт, бул өз кезегинде билим берүү сапатын жогорулатууга өбөлгө түзөт.

Дүйнөлүк адабият тарбиялык потенциалы чоң ресурстарды камтыйт жана анын орду адеп-ахлактык тарбияда өтө маанилүү. Адабий чыгармалар адамдын ички дүйнөсүн, моралдык принциптерин, адамгерчилик баалуулуктарын жана каармандардын жүрүм-турумунун негизинде тарбиялайт. Адабият, өз кезегинде, болочок мугалимдерге адамдардын ар кыл турмуштук кырдаалдардагы чечимдерин, туура жана туура эмес жүрүм-турумду аныктоо мүмкүнчүлүгүн берет. Дүйнөлүк адабияттын ар кандай жанрларынын тарбиялык өзгөчөлүктөрү болочок мугалимдердин инсандык өнүгүүсүнө, алардын өз ишине болгон мамилесин калыптандырууга чоң таасирин тийгизет.

Дүйнөлүк адабияттын образдары аркылуу адеп-ахлактык сапаттарды калыптандыруу — адабий чыгармалардагы каармандар аркылуу адамдын акыл-эси, жүрүм-туруму жана моралдык баалуулуктарын өстүрүүгө багытталган маанилүү педагогикалык аспекти болуп саналат. М.Шолоховдун “Адам тагдыры” чыгармасынын башкы каарманы Андрей Соколовдун күчтүүлүгү, эрктүүлүгү, кыйынчылыктарды жеңе билип, жүрөгү муздабай

кичинекей балага мээримин төгүп камкор ата болгону, Ч. Айтматовдун "Саманчынын жолу" повестиндеги Толгонайдын акылдуулугу, өзү тааныбаган наристеге мээримин төгүп, багып чоңойтгону, сабырдуулугу. "Биринчи мугалим" чыгармасындагы мугалимдин коомдогу агартуучулук ролун жана адамдын өнүгүүсүнө тийгизген таасирин сүрөттөйт. Бул чыгармалар аркылуу студенттер мугалимдин жоопкерчилигин, боорукердигин жана адилеттүүлүгүн түшүнүп, сабырдуулук, мээримдүүлүк, өз мекенине болгон сүйүүсү, чынчылдык, ак-ниеттүүлүк, гумандуулук сапаттарын өздөрүнүн педагогикалык ишмердүүлүгүнө тиешелүү адеп-ахлактыгын калыптандыра алышат.

Болочок мугалимдердин нравалык сапаттарын калыптандырууда дүйнөлүк адабияттын мыкты үлгүлөрүн колдонуунун айрым маселелери жөнүндө сөз кылсак, дүйнөлүк адабияттын эң жогорку эталону болгон Антуан де Сент - Экзюперинин "Кичинекей Ханзада" аттуу чыгармасын талдап анын адеп-ахлактык потенциалын чагылдырсак, бул чыгарма насыят-жомок жанрында жазылып философиялык маңызы да абдан жогору. Башкы каарманы Кичинекей Ханзада ар кайсы планеталарды кыдырып, ар кандай типтеги адамдардын (падыша, эгоист, аракеч, бизнесмен) өкүлдөрунө жолугуп алардын терс жактарын көрсөтүп, ички сулуулукка жана ыкластуулукка негизделген жүрүм-турумдун альтернативдүү моделин сунуштайт. Кичинекей Ханзада өзун жана аны курчап турган дүйнөнү түшунүүгө умтулат. Бул чыгармада адеп-ахлактуулук жана адамгерчилик темасы чагылдырылып ал эми эң негизги маселелелердин бири болуп - адамдын адеп-ахлактык мыйзамдарга ылайык жашоосу, өзүн өзү балоо кыйын нерсе болгондуктан адамдар көп учурда башкаларды сындашканы, өзүмчүл болбой айланадагыларга да кам көрүү маанилүү экендиги жөнүндө.

Жашоонун маңызын жүрөк менен издөө керек - сүйүү аркылуу, адамга кымбат нерсе аркылуу. Көптөгөн чоңдор жашоонун маанисин акыл жана рационалдык чөйрөдөн издөөгө аракет кылышат. Чыгармада дагы бир тема чагылдырылат-

Сүйүү жана достуктун жашоодогу мааниси. Сүйүү жана достук, назик сүйүү – бул сезимдер адамга колдоо көрсөтүп, жашоосун ар кандай жарык түстөрдө көрсөтөт. Кичинекей ханзада тазалыктын, чындыктын символу - ал кызыгуунун, ак пейилдиктин, дүйнөнүн табигый сулуулугун көрө билүүнүн образы, анын сапары – чындыкты издөө жана башкаларды түшүнүү, жаштыгына карабастан адамдын табиятын терең түшүнүп, мамилелердин, боорукердиктин жана ыкластуулуктун маанилүүлүгү жөнүндө ой жүгуртүүлөрдү сунуштайт.

Чыгарма заманбап дүйнөгө мүнөздүү көйгөйлөрдү козгогондуктан азыркы күндө да актуалдуу: чындыктан качуу, материалдык байлыктарга байлануу, чын ыкластуулуктун жоктугу жана дүйнөнү бардык сулуулугу менен көрө билүү. “Кичинекей ханзада” жөн гана жомок эмес, окурманды түрдүү деңгээлде козгой турган терең философиялык жана психологиялык чыгарма. Повесть болочок мугалимди ички маңызды табуу маанилүүлүгүн, адамдык мамилелердин баалуулугу жана жашоонун жөнөкөй, бирок чыныгы кубанычын баалай билүү жөнүндө өз алдынча жыйынтык чыгарууга көңул бурдурат, дүйнөгө сулуулук тартулоого тарбиялайт

. Дүйнөлүк адабият сабагы болочок мугалимдердин адеп-ахлактык сапаттарын калыптандырууда өзгөчө мааниге ээ. Адабий чыгармалар аркылуу студенттер адамдын ички дүйнөсүн, баалуулуктар системасын жана турмушка болгон көз карашын терең түшүнүүгө мүмкүнчүлүк алышат. Адабий тексттерди талдоо, каармандардын аракеттерине баа берүү жана турмуштук кырдаалдарды анализдөө аркылуу студенттер өздөрүнүн жеке баалуулуктарын калыптандырып, моралдык чечимдерди кабыл алуу жөндөмдүүлүктөрүн өнүктүрүшөт.

Дүйнөлүк адабият — бул ар кайсы элдердин маданий мурасын, тарыхый тажрыйбасын жана руханий баалуулуктарын бириктирген эң чоң байлык. Ал ар кайсы доорлордо, ар кандай маданий шарттарда жаралган чыгармалар аркылуу адамзаттын турмушун, ойлорун жана сезимдерин чагылдырат.

Дүйнөлүк адабият — бул ар кайсы элдердин маданий мурасын, тарыхый тажрыйбасын жана руханий баалуулуктарын бириктирген эң чоң байлык Мындан тышкары, ал студенттердин эстетикалык табитин өнүктүрүп, алардын ой жүгүртүүсүн, критикалык талдоо жөндөмүн жана жалпы адамзаттык баалуулуктарды өздөштүрүүсүнө чоң салым кошот.

Кесиптик колледждерде дүйнөлүк адабиятты окутуу азыркы шарттарда өзгөчө актуалдуу, анткени ал студенттерди дүйнөлүк маданияттын жана адабияттын бай мурасы менен тааныштырып, алардын жалпы гуманитардык жана маданий деңгээлин көтөрүүгө багытталган. Глобалдашуу доорунда маданияттар аралык диалогдун мааниси өсүп, ар кайсы элдердин адабий мурастарын билүү эл аралык кызматташтыкта жана кесиптик чөйрөдө зарыл болгон универсалдуу баалуулуктарды өздөштүрүүгө шарт түзөт.

Дүйнөлүк адабияттагы темалардын кесиптик адистик менен байланышы, адистиктин өзгөчөлүктөрү жана адамзаттын жалпы чыгармачылык жана практикалык муктаждыктары менен тыгыз байланышта. Адабий чыгармалардагы этикалык маселелер, адам укуктары, социалдык теңдик, инсандык жоопкерчилик сыяктуу темалар студенттердин кесиптик адистигинде моралдык жана этикалык чечимдерди кабыл алуу процесстеринде маанилүү ролду ойнойт. Адабияттын калыптандыруучу күчү студенттердин ар түрдүү кесиптик чөйрөлөрдө гуманисттик жана социалдык жоопкерчиликке негизделген чечимдерди кабыл алуу жөндөмүн калыптандырууга жардам берет. Мындан тышкары, адабиятта чагылдырылган чыгармачылык жана инновациялык процесс студенттердин өз кесиптеринде чыгармачылык көз караштарды жана критикалык ой жүгүртүүнү өнүктүрүүгө өбөлгө түзөт.

Жалпылап, айтканда Дүйнөлүк адабияттын үлгүлүү образдарынын негизинде болочок мугалимдин адеп-ахлактык сапаттарын калыптандыруу процесси алардын төмөнкү кесиптик жактан маанилүү компетенцияларга ээ болуусун шарттайт:

- Адеп-ахлактык түшүнүктөрдү теориялык жактан өздөштүрүү;
- Дүйнөлүк адабияттагы адеп-ахлактык көйгөйлөрдү талдоо жана интерпретациялоо жөндөмү;
- Көркөм чыгармалардын негизинде моралдык баалуулуктарды аңдап билүү;
- Аналитикалык жана критикалык ой жүгүртүү көрсөткүчтөрү;
- Адабий каармандардын адеп-ахлактык сапаттарын салыштыруу жана баалоо;
- Социалдык жана маданий контексттерди эске алуу менен адеп-аклактык маселелерди чечмелөө;
- Адабиятта чагылдырылган моралдык дилеммалар боюнча аргументтештирилген пикир билдирүү;
- Практикалык жана коммуникативдик көрсөткүчтөр;
- Көркөм чыгармалардын негизинде этикалык жүрүм-турум үлгүлөрүн иштеп чыгуу;
- Адабиятка байланыштуу адеп-ахлактык маселелер боюнча дискуссияларга катышуу;
- Чечим кабыл алуу процесстеринде адеп-ахлактык принциптерди жетекчиликке алуу;
- Көркөм чыгармалар аркылуу инсандык идеалдарды жана адеп-ахлактык принциптерди өркүндөтүү;

### 1.3. Кесиптик колледжде болочок мугалимдердин адеп-ахлактык компетентүүлүгүн калыптандыруу модели

Болочок мугалимдердин адеп-ахлактык сапаттарын калыптандыруу, бүгүнкү күндө билим берүү процессинин маанилүү аспектиси болуп саналат. Жаңы муундагы мугалимдерди тарбиялоодо адеп-ахлактык сапаттардын мааниси артып, бул сапаттардын теориялык жана практикалык аспектилери билим берүү процессинде өзгөчө орунду ээлейт.

Бул бөлүмдө биз жаңы типтеги кесиптик колледждерде болочок мугалимдердин адеп-ахлактык компетенттүүлүгүн калыптандыруу моделин сунуш кылдык.

Модель деген сөз латын тилинен алынган "modulus" деген сөздөн келип чыгат, бул сөз "ченем" же "үлгү" дегенди билдирет. Илимде, модель – бул чөйрөдөгү объекттердин же процесстердин абстракцияланган жана жөнөкөйлөштүрүлгөн сүрөтү, ал тиешелүү объекттин же процесстин негизги өзгөчөлүктөрүн жана байланыштарын көрсөтүү үчүн колдонулат. Моделдер изилдөөлөрдө, окуу жана билим берүү чөйрөсүндө ченемдик багыттарды түзүү жана жетишкендиктерди анализдөө үчн маанилүү курал болуп саналат [?,138-б ].

Болочок мугалимдин адеп-ахлактык сапаттарын калыптандыруу моделин түзүүдо биз Н.В. Кузьмина сунуштаган педагогикалык ишмердүлүктү система жана структуралык функционалдык мамиленин негизинде кароо концепциясына таяндык.

Модель адеп-ахлактык баалуулуктарды, моралдык принциптерди жана этикалык нормаларды билим берүү процесстерине интеграциялоону көздөйт.

**Моделдин максаты** – жаңы үлгүдөгү кесиптик колледжде болочок мугалимдердин адеп-ахлактык  сапаттарын калыптандыруу.

Бул моделдин негизги милдеттеринин бири: студенттердин адеп-ахлактык  сапаттарын калыптандыруу аркылуу алардын кесиптик даярдыгын жакшыртуу, аларды социалдык жактан активдүү, жоопкерчилиги бийик,

этикалык жактан туруктуу болочок мугалим катары моралдык баалуулуктарга ээ болгон адисти даярдоо.



**1.3. Сүрөт. Болочок мугалимдердин адеп-ахлактык сапаттарын калыптандыруу модели**

Теориялык модель максаттарды, милдеттерди, компоненттерди, жалпы дидактикалык жана адеп-ахлактык билим берүү принциптерин, ошондой эле компетенттүүлүккө негизделген окутуу принциптерин камтыйт.

**Моделдин милдеттери:**

1. Теориялык негиздерди аныктоо – болочок мугалимдин адеп-ахлактык сапаттарын калыптандыруунун негизги концепцияларын жана илимий-методикалык негиздерин изилдөө.
2. Окутуу мазмунун түзүү – дүйнөлүк адабияттын негизинде адеп-ахлактык билим берүүнүн натыйжалуу мазмунун иштеп чыгуу.
3. Методикалык камсыздоону өркүндөтүү – адеп-ахлактык тарбиялоонун инновациялык окутуу технологияларын жана методдорун иштеп чыгуу жана ишке ашыруу.
4. Практикалык компетенцияларды өнүктүрүү – студенттердин адеп-ахлактык баалуулуктарын практикада колдонууга мүмкүнчүлүк берүүчү шарттарды түзүү.
5. Окутуу процессин баалоо жана мониторинг жүргүзүү – адеп-ахлактык сапаттардын деңгээлин баалоо критерийлерин иштеп чыгуу жана үзгүлтүксүз көзөмөл жүргүзүү.
6. Маданий жана социалдык чөйрө менен байланыш түзүү – студенттердин адеп-ахлактык өнүгүүсүн колдоо максатында коомдук жана маданий чөйрө менен интеграцияны камсыз кылуу.
7. Үзгүлтүксүз өнүгүүнү камсыз кылуу – адеп-ахлактык компетенттүүлүктү өркүндөтүү үчүн билим берүү процессинде үзгүлтүксүз өнүгүү механизмдерин түзүү.

Болочок мугалимдин адеп-ахлактык сапаттарын калыптандыруунун модели бир нече фундаменталдуу принциптерди сактоону талап кылат.

Биринчиден, гуманисттик принцип адеп-ахлактык баалуулуктарды жана адамдык кадыр-баркты жогору коюуну шарттайт. Интеграциялык принцип адеп-ахлактык билим берүүнү жалпы окуу предметтери, айрыкча дүйнөлүк адабият менен айкалыштырууну көздөйт. Ошондой эле, ишмердүүлүк принциби теориялык билимдерди практика менен айкалыштырууну жана моралдык чечимдерди кабыл алуудагы активдүүлүктү камсыз кылат. Мындан тышкары, көз карандысыз ой жүгүртүү принциби студенттердин сынчыл көз карашын жана жеке ой жүгүртүүсүн өнүктүрүүгө багытталат. Маданий принциби ар түрдүү маданияттардагы адеп-ахлактык нормаларды эске алуу менен окутуу процессин жүргүзүүнү камтыйт. Индивидуалдуулук принциби студенттердин өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен алардын адеп-ахлактык өнүгүүсүнө жеке мамиле жасоону шарттайт.

Болочок мугалимдин адеп-ахлактык сапаттарын калыптандыруунун моделинин принциптери:

1. Гуманисттик принцип – билим берүү процессинде адамдын кадыр-баркын, моралдык жана этикалык баалуулуктарды жогору коюу.
2. Интеграциялык принцип – адеп-ахлактык билим берүүнү жалпы окуу предметтери, өзгөчө дүйнөлүк адабият менен тыгыз байланышта жүргүзүү.
3. Ишмердүүлүк принциби – теориялык билимдерди практика менен айкалыштыруу, студенттердин моралдык чечимдерди кабыл алуудагы активдүүлүгүн арттыруу.
4. Көз карандысыз ой жүгүртүү принциби – студенттердин адеп-ахлактык маселелер боюнча сынчыл ой жүгүртүүсүн жана жеке көз карашын калыптандыруу.
5. Маданий шайкештик принциби – ар түрдүү маданияттардын жана коомдук нормалардын өз ара байланышын эске алуу менен, студенттердин адеп-ахлактык сапаттарын өнүктүрүү.

6. Индивидуалдуулук принциби – ар бир студенттин өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен, анын адеп-ахлактык өнүгүүсүнө жеке мамиле жасоо ж.б.

Бул принциптер болочок мугалимдердин адеп-ахлактык сапаттарын калыптандыруу процессинде фундаменталдуу багыт катары каралышы керек.

Адеп-ахлактык билим берүү, окутуунун мазмунун жана методологиясын камтыган ireттүү жана системалуу процесс катары, келечектеги педагогдордун моралдык түшүнүктөрүн өнүктүрүүгө багытталат. Буга байланыштуу, гуманисттик, интеграциялык жана ишмердүүлүк принциптери болочок мугалимдин адеп-ахлактык сапаттарын калыптандырууда негизги таянычы болуп саналат. Алар студенттердин адамдык баалуулуктарды аңдап билүүсүнө, сынчыл ой жүгүртүүсүнө жана социалдык жоопкерчилигин сезүүсүнө көмөкчү болот.

Ошондой эле, бул принциптердин колдонулушу педагогикалык процессте адеп-ахлактык билимин практикалык тажрыйба менен айкалыштыруу зарылдыгын шарттайт. Индивидуалдуулук жана маданий принциптери болсо, ар бир студенттин өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен окутуунун жекелештирилген мамилесин ишке ашырууга мүмкүндүк берет. Натыйжада, бул принциптерди сактоо келечектеги мугалимдердин адеп-ахлактык компетенттүүлүгүн тереңдетүүгө жана алардын кесиптик ишмердүүлүгүндө моралдык баалуулуктарды натыйжалуу колдонууга өбөлгө түзөт..

**Моделде төмөнкү компоненттер бөлүнүп көрсөтүлдү**:

1. Когнитивдик компонент (адеп-ахлактык билимдерге, адеп-ахлактык ой жүгүртүүгө ээ болуу ж.б.);
2. Мазмундуулук компонент (адеп-ахлактык баалуулуктарды бириктирген компонент)

3. Рефлексивдик- ишмердүүлүк компонент (алган билиминин негизинде, адеп-ахлактык милдеттерди чечүү үчүн алынган билимдерди иш жүзүндө колдонуу).

**Когнитивдик компоненттин негизги көрсөткүчтөрү:**

1. Педагог кесибине кызыгуу, кесиптик жактан маанилүү компетенцияларга ээ болууну каалоо жана кабыл алуу.

2. Гумандаштыруу, санариптештирүү жана башка заманбап билим берүү мейкиндигин модернизациялоо идеяларын кабыл алуу жөндөмдүүлүгү.

3. Мугалим катары кесиптик милдетин аткарууга тийиштүү деңгээлде салым кошкон чынчылдык, калыстык, сыяктуу адеп-ахлактык сапаттарды өнүктүрүүнүн маанилүүлүгүн жеке деңгээлинде билүү.

4. Гумандуулук, патриоттуулук өз элинин каада-салттарын жактоо, бир катар жашаган элдердин каада -салтын таанып билүү менен урматоо, ак-ниеттүүлүк ж.б.у.с. сыяктуу адеп-ахлактык сапаттардын маңызын билүүгө болгон жеке умтулуусу.

5. Чыгармачыл маанайда өзүн-өзү актуалдаштырууга жана өзүн-өзү өнүктүрүүгө жеке баалуулук багыты.

**Мазмундуулук компоненттин көрсөткүчтөрү:**

1. Коомдогу динамикалык өзгөрүүлөргө байланыштуу (ааламдашуу, санариптештирүү, гумандаштыруу жана башка ушул сыяктуу позитивдүү багыттарын түшүнө билип, кесиптик жактан маанилүү адеп- ахлактык сапаттардын маанисин баамдай алуу жана өздөштүрүлгөн компетенцияларына ээ болуу;

2. Билим берүү чөйрөсүндө модернизациялоо, демократиялаштыруу жана башка позитивдүү тенденциялар жөнүндөгү билимге ээ болуу менен бирге аларды кабыл алуу жөндөмдүүлүгүнүн деңгээли;

3. Компетенттүү мамиленин негизинде мугалимдин кесиби менен байланышта болгон маанилүү адеп-алактык аң-сезими, жүрүм- турумду чагылдырган билимдердин мазмунун таанып билүү деңгээли;

4. Болочок мугалим катары өзүн-өзү таануу үчүн жана кесиптик ишмердүүлүгүнө таасир эте турган адеп-ахлактык түшүнүктөрдүн мазмунун ( жоопкерчилик, социалдык активдүүлук, патриоттулук, жакшы ниет жана моралдык жардамга даяр болуу, ж.б.) теориялык, практикалык жактан өздөштүрүүгө ээ болуу.

**5.** Педагогикалык ишмердүүлүктө колдоно турган өзүнүн этикалык жоопкерчилигин камсыз кылган моралдык баалуулуктарын аңдап билүү жана өнүктүрүү мүмкүнчүлүгүнө ээ болуу.

**Рефлексивдик-ишмердүүлүк компоненттин көрсөткүчтөрү:**

1. Болочок мугалим катары өзүнө, курчап турган дүйнөгө карата баалуу мамилелерди калыптандырууга, инсандык-кесиптик өнүгүүгө жетишүүгө багыттоосу.

2. Ар бир окуучу жана класстын жамааты менен биргелешип иш-аракеттердин гумандуу программасын кура билүү.

3. Нравалык-таанып билүү мүнөзүндөгү педагогикалык кырдаалдарды конструктивдүү жана чыгармачылык менен чече билүү.

4. Болочок мугалим катары өзүн-өзү өркүндөтүүгө, өзүн-өзү билүүгө, келечектеги кесиптик ишмердүүлүгүндө адеп-ахлактык жактан өзүн-өзү өркүндөтүүгө умтулуусу.

5. Абийирдүүлүк, адептүүлүк, адилеттүүлүк ж. б. ушундай сыяктуу түшүнүктөргө карата өзүнүн адеп-ахлактык мүдөөсүн активдештирүү максатында рационалдуу колдоно билүү.

6. Социалдык турмушунда, педагогикалык жактан маанилүү ишмердүүлүгүндө моралдык жана этикалык принциптерди өз алдынча таанып, жетектей алуу.

7. Болочок кесибинде окуучулардын адеп-ахлактык мүдөөсүн активдештирүү максатында адеп-аклактык програмамаларын тандоо жана тузүү шарттарында чыгармачылык менен кайра иштете билүү.

Болочок мугалимдин адеп-ахлактык сапаттарын калыптандыруунун негизги критерийлери катары төмөнкүлөр саналат:

1. Адеп-ахлактык жана этикалык билимдерди, принциптерди өздөштүрүү жана аларды адеп-ахлактык тандоо шарттарында жетектөө.

2. Өзүн-өзү өркүндөтүүгө умтулуу, психологиялык-педагогикалык билимдерди, адеп-ахлактык жактан маанилүү эрежелерди, нормаларды өзүн-өзү таануу үчүн колдоно билүү.

3. Кесиптик ишмердүүлүк жаатындагы колдоно турган адеп-ахлактык маанидеги сапаттарга жана компетенцияларга ээ болуу.

Болочок мугалимдин адеп-ахлактык сапаттарын калыптандыруунун жалпы критерийи – бул жүрүм-турумдун ички жөнгө салуучусу катары өздөштүрүлгөн билимдин колдонууга даярдыгы болот.

Студенттердин болочок мугалим катары адеп-ахлактык сапаттарын калыптандыруу системасынын иштелип чыгарылышы жекече ишмердүүлүк мамилеге негизделген. Негизинен жекече ишмердүүлүк мамилени колдоонуу бул болочок мугалимдин адеп-ахлактык сапаттары анын педагогикалык ишмердүүлүгүндө же анын келечектеги кесибин моделдештирүү ишинде калыптанат жана ишке ашырылат дегенди билдирет.

Жалпылап айтканда, болочок мугалимдин адеп-ахлактык сапаттарын калыптандырууга багытталган теоретикалык модель заманбап компетенттүү мамиленин негиздерин эске алып түзүлгөн жана орто кеситик колледждин студенттеринин болочок мугалим катары жеке чыгармачыл

мүмкүнчүлүктөрүн өстүрүүгө шарттарды эске алууну көздөгөн, ошону менен бирге төмөнкү талаптардын негизинде ишке ашышы керек:

- ✓ орто кесиптик колледждин студенттерин болочок мугалим катары калыптандырууда азыркы мезгилдин талабындагы гумандаштыруу, санариптештирүү, демократиялаштыруу, жана башка ушу сыяктуу динамикалык багыттарын эсепке алуу менен бирге, алардын адеп-ахлактык сапаттарынын системасына төмөнкү түшүнүктөр: гумандуулук, патриоттулук, өз элинин каада-салттарын жактоо, бир катар жашаган элдердин каада- салтын таанып билүү менен урматоо, ак-ниеттүүлүк, абийирдүүлүк, жоопкерчилик, адилеттүүлүк ж.б.у.с. ээлеши зарыл.
- ✓ орто кесиптик колледждин студенттерин болочок мугалим катары коомдун азыркы өсүп өнүгүү стратегиясына дал келген жана калыптандыруу максатынын негизинде аныкталган гумандуулук, патриоттуулук, өз элинин каада-салттарын жактоо, бир катар жашаган элдердин каада салтын таанып билүү менен урматоо, ак- ниеттүүлүк ж.б.у.с. адеп-ахлактык сапаттарын калыптандыруу потенциалын интерактивдүү окутуу технологиялар менен интенсификациялоо;
- ✓ орто кесиптик колледждин студенттерин болочок мугалим катары адеп-ахлактык сапаттарын калыптандырууда гумандуу педагогиканын жана гумандаштырып окутуу механизмдерин колдонуу менен бирге, ар бир XXI кылымдын мугалимин ички субъективдүү тажырыйбасын ачуу жана байытуу аркылуу анын турмуштук ошону менен бирге кесиптик жактан баалуулук багыттарын өстүрүү жана көздөө.

## БИРИНЧИ ГЛАВА БОЮНЧА КОРУТУНДУ

Өлкөдө социалдык саясий, экономикалык абалдын кескин өзгөрүлүшү орто кесиптик колледждин болочок мугалим катары калыптандыруу маңызын да толугу менен өзгөртүү, ошону менен бирге азыркы мезгилдин талабындагы

ааламдашуу, гумандаштыруу, санариптештирүү жана башка ушу сыяктуу коомдун динамикалык багыттарын түшүнө билип, алардын концепциясына жараша студенттердин адеп-ахлактык сапаттарын замандын талабына шайкеш кылып өстүрүүнү талаптады.

Келечектеги педагогдун кесиптик-адеп-ахлактык сапаттарын калыптандыруу маселеси азыркы билим берүү системасында приоритеттүү шарттарда өзгөчө актуалдуу болуп саналат, анын маңызы жаңыланган орто окуу жайдын окутуу процессинде окула турган гуманитардык дисциплиналар (биздин жагдайда: Дүйнөлүк адабият) аркылуу коомдогу жана билим берүү аймагындагы талаптарга жооп бере турган компетенцияларын белгилөөгө мүмкүндүк берди, алар:

– азыркы коомдун баалуулугун, адам укуктарын жана анын негизги эркиндиктерин урматтоону, өз ара түшүнүшүүнүн, элдердин ортосундагы толеранттуулуктун жана достуктун зарылдыгын, коомду түзүү фактору катары жүрүм-турумдун социалдык-адеп-ахлактык ченемдерин жактырууну, муну эске алуу менен өздүк багыттарды жана оң баалуулук багыттарын түзүүнү болжолдогон баалуулукка багытталган компетенциясы;

– өзүнүн кесиптик-адеп-ахлактык мүдөөсүн калыптандыруу максатында алынган маалыматты издөө жана колдонуу үчүн зарыл билимдердин жана көндүмдөрдүн болушун болжолдогон маалыматтык-таанып билүү компетенциясы;

– позитивдүү адеп-ахлактык мамилелердин болушун, жүрүм-турумдун жалпы кабыл алынган түрлөрүн ээрчүүгө даярдыгын, өз аракеттери үчүн жоопкерчиликти алууну караган жөнгө салуучу-жүрүм-турумдук компетенциясы;

– баарлашуу, мугалим катары негизги ролду аткаруу боюнча субъекттер менен конструктивдүү өз ара аракеттенүүгө даярдыгын, тез өзгөрүп жаткан дүйнөдө өзүн-өзү ишке ашырууга даярдыгын билдирген кесиптик-коммуникативдик компетенциясы.

Келечектеги педагог катары инновациялык окутуу жана тарбиялоо стратегияларын эсепке алуу жана болочок педагогдун кесиптик-адеп-ахлактык мүдөөсүн калыптандыруу боюнча орто кесиптик колледжде окуу-тарбия процессинде турган милдеттердин комплекси мазмуну өз ара байланышкан үч багытка негизделген практикалык-багыттоочу моделдин максатка ылайыктуулугун аныкталды:

– когнитивдик (келечектеги педагогдун маданиятынын өзөгү катары кесиптик-адеп-ахлактык аң-сезимди калыптандыруу);

– мазмундуулук (өзүнө, коомго, мамлекетке, бүтүндөй дүйнөгө карата эмоционалдык, руханий-адеп-аклактык мамилелерди калыптандыруу);

– рефлексивдик-ишмердүүлүк (субъективдүү-инсандык жана кесиптик-адеп-ахлактык мааниси бар ишке даярдык).

# II. ГЛАВА. ИЗИЛДӨӨНҮН МАТЕРИАЛДАРЫ, МЕТОДОЛОГИЯСЫ ЖАНА МЕТОДДОРУ

## 2.1 Кесиптик колледжде болочок мугалимдердин адеп-ахлактык сапаттарын калыптандыруунун материалдары

**Изилдөөнүн максаты** – кесиптик колледждерде студенттердин адеп-ахлактык сапаттарын калыптандыруунун педагогикалык шарттарын аныктап, анын эффективдүү ишке ашырылышы үчүн илимий негиздерди иштеп чыгуу.

Изилдөөнүн теориялык негиздерин, практикалык жолдорун жана өркүндөтүү багыттарын аныктоо максатында биз студенттердин болочок мугалим катары адеп-ахлактык сапаттарын калыптандырууга салымын кошкон окумуштулардын илимий иштерин карадык: Л.М. Архангельский, М. Ачилов, Т.К. Ахаян, Л. М. Безотечество, Н.И.Джегутанова, Е.А.Дмитриева, Л.П.Илларионова, С.В. Кононова, А.С. Раимкулова, Ф.Д.Товарищева, Ш.Э.Тураева, Л.Л.Шевцова ж.б.

Ал эми болочок мугалимдин кесиптик компетенттүүлүгүн өз илимий эмгектеринде чагылдырышкан окумуштууларды, айтсак: Н.А. Асипова,Д.Б.Бабаев, К.Б. Добаев, Н.Д.Дуйшеева, И.А.Зимняя, А.К.Маркова, А.К.Наркозиев, А.С.Раимкулова,Т.М.Сияев, А.В. Хуторской ж.б.

Андан тышкары биздин изилдөөдө студенттердин болочок мугалим катары адеп-ахлактык сапаттарын калыптандыруунун методдору каралды:

**Интеграциялык метод** – руханий-адептик баалуулуктарды окутуунун бардык предметтерине интеграциялоо аркылуу студенттердин адептик аң-сезимин өнүктүрүүгө багытталган ыкма.

**Рефлексиялык метод** – студенттердин ички руханий-адептик процесстерин аңдап-түшүнүүсүнө жана жүрүм-турумдук анализ жүргүзүүсүнө шарт түзүүчү рефлексиялык ыкмаларды колдонуу.

**Кырдаал түзүү методдору** – көйгөйлүү окутууну уюштуруунун каражаты, ой жүгүртүүнүн баштапкы учуру менен бирге когнитивдик муктаждыкты пайда кылат, студенттердин оюн татаал кырдалга коюу менен бирге жаңы билимдерди жана иш аракеттердин ыкмаларын активдүү өздөштүрүү үчүн өз ара шарттарды түзөт

**Тестирлөө методу** – Тестирлөө жеке айырмачылыктарды изилдөө ыкмасы катары 19-20-кылымдын башында эле пайда болгон. Дүйнө жүзүнө Англия тест ыкмасын чыгарган. АКШ топтук тесттик сынактардын мекени катары азыркы күнгө чейин кеңири колдонот.

Тестирлөөнүн артыкчылыктары:

1) технологиялык жактан өнүккөн;

2) окуу убактысы үнөмдөлүп, калыс баа берилет;

3) аларды оңой эле кайра конструкциялап, башка жаңы версиясын түзсө болот.

“Адабият өзгөчө предмет. Биз балдарыбыздын укмуштуудай кооз жана бай тилди баалабай жана окубай коюшун каалабайбыз. Ошондуктан мен үчүн адабият мугалими катары эң негизгиси окуучуларды окуудан, китептен тайдырбоо” деп жазган Гокова Е.М. Ал өзүнүн макаласында практикада тесттерди колдонуу ыкмалары, алардын түрлөрү жөнүндө талдоо жүргүзүп төмөнкүлөрдү белгилейт:

**Тесттерди колдонуу төмөнкү маселелерди чечүүгө мүмкүндүк берет**:

- окуу планынын негизги түшүнүктөрүн жана бөлүмдөрүн өздөштүрүү деңгээлин өлчөөгө, көндүмдөрдүн комплексин текшерүүгө;
- кадимки тестирлөө формаларына салыштырмалуу алынган билимдердин кыйла чоң көлөмүн текшерүүгө;
- студенттердин билимин объективдүү баалоону камсыз кылууга..

**Көйгөйлүү окутуу** - бул мугалимдин жетекчилиги менен көйгөйлүү кырдаалды түзүү жана чечүү менен бирдикте студенттердин активдүү өз алдынча иштөөсүн камтыган билим, критикалык ой жүгүртүүсүн өнүктүрүүнү жана көндүмдөрдү чыгармачылык менен өздөштүрүүсүн камтыган билим болуп түшүнүлөт.

**Көйгөйлүү окутуу** технологиясынын максаттары:

– студенттердин ишмердүүлүгүнүн активдештирүү жана интенсификациялоо;

– жаңы билимдерди жана көндүмдөрдү көйгөйлүү кырдаалдарды түзүү аркылуу калыптандыруу;

– маселени чечүү ыкмалардын ар кандай жолдорун таабуу менен жаңы түшүнүктү аныктоо;

– адабият сабагына болгон кызыгуусун жогорулатуу, когнитивдик жана чыгармачылык жөндөмдүүлүгүн өнүктүрүү;

– тарбиялоо жана изилдөө көндүмдөрүн өнуктүрүүгө, инсандын өзүн-өзү реализациялоого шарттарды түзүү;

– окуу жана коммуникация кондүмдөрун калыптандыруу;

– студенттердин өзүн өзү контролдоосун, илимий адабияттар менен өз алдынча иштөө жөндөмдүүлүгүн өнүктүрүү;

**Биздин изилдөөдө адеп-ахлактык кырдаалдарды түзүү методдору,** мисалы, Ф.М. Достоевскийдин “Кылмыш жана жаза» романы боюнча студенттерге суроо коюлат: “Раскольников ким: кылмышкерби, идеясынын фанатиги, гуманистби?”

Адабият сабагындагы адеп-ахлактык кырдаалдарды түзүү методдордун өзгөчөлүктөрү - инсандын активдүүлүгүнүн бардык түрлөрү интеграцияланып, анын бардык мүмкүнчүлүктөрү концентрацияланып, студенттердин руханий, чыгармачылык жана инсандык өсүшү шартталат. Мугалим тарабынан оорундуу уюштурулган руханий-адептик кырдаалдар, чыгармачылык изденүүнү, эстетикалык табитти өнүктүрүүгө жана студентин ички байлыгы менен мүмкүнчүлүктөрүнүн көп түрдүүлүгүн ачууга өбөлгө түзүп дүйнөлүк адабият сабагынын өзгөчөлүктөрүн чагылдырып маданий көз карашын байытат.

**Комментарийлеп окуу** – комментарийленген окутуу методу – бул түшүндүрүп, ой жүгүртүп жана божомолдоо менен текстти коштоп окуу методу. Комментарийлеп окуу адеп-ахлактуулукту өнүктүрүүнүн бир ыкмасы болот, анткени текстин негизги маалыматын, маанисин аныктоого, чыгармадагы каармандарды терең түшүнүүгө жана моралдык-руханий баа берүүгө жардам берет.

**Ролдоштуруу жана сахналаштыруу методу.** Бул метод аркылуу студенттер иш жүзүндө каармандардын психологиясын жана алардын

турмуштук абалдарын ойноп, адабий чыгармаларды эмпирикалык деңгээлде түшүнүүгө жана иштеп чыгууга көмөктөшөт. Дүйнөлүк адабияттагы чыгармалардагы каармандардын туруктуулукту жоюучу жана моралдык дилеммалардан чыгуунун ыкмалары учурдагы жашоону көздөй ылайыктуу изилдөө болуп саналат.

**Роль оюндары жана ситуациялык методдор** – адептик дилеммаларга байланыштуу кырдаалдык тапшырмалар жана роль оюндары аркылуу студенттердин практикалык тажрыйбасын калыптандыруу. Чыгарманын каармандарын ролдорго бөлүп, студенттерге чыгармаларда болгон турмуштук жана адамгерчилик дилеммаларды айтып көрсөтүүнү талап кылган роль оюндары (драматизация) колдонулат. Бул студенттердин өзүн-өзү көргөзүүгө жана чыгармачылык жөндөмдөрүн өркүндөтүүгө мүмкүндүк берет.

**Дил баян эссе жазуу методу** – адабият сабагында жазуу иштери көркөм чыгарманы кабыл алуу дэңгээлинин өсүшүнө таасирин тийгизет. Адабият сабагында жазуу иштерин контролдоо үчүн гана чыгарманы талдоонун биринчи этабында кабылдоо болот, ал эми көркөм текстти талдоо этабында окуучуларда түшүнүү пайда болуп, акыркы этапта чыгарма бүтүндөй кабыл алууга алып келет. Ошентип, чыгарманы талдоодогу бардык этаптардан өтүп, жазма иштери (эссе, дил баян ж.б.) студенттердин маданий, адеп-ахлактык өсүшүнө салым кошот. Жазуу иштери ойчул окурмандарды өнүктүрүү үчүн эң жемиштүү жана эффективдүү курал болуп саналат.

**Талкуу(Дискуссия) методу** – Дискуссия (лат.тил.-талкулоо, кароо, изилдөө) –кандайдыр бир талаштуу маселени талкулоо. Дискуссиянын маанилүү өзгөчөлүгү – аргументация болуп эсептелинет. Талаштуу маселени талкулоодо ар бир тарап маектешинин пикирине каршы чыгып, өз позициясын талашат. Ал эми сабактагы адабий талкуу(дискуссия) диалог мейкиндигин уюштуруунун формаларынын бири катары сабакты жандантууга мүмкундук берет: окуучулардын турмуштан алынган мисалдары, чындыкты ар түрдүү көз караш менен кароого болот.Талкуу диалогдук түрдө болот, окутууга жекече мамиле жасоону ишке ашырууга мүмкүндук берет, окуу

ишмердүүлүгүнүн активдүү каражаты катары иштейт, концептуалдык билимдерди калыптандырууга мүмкүндук берет, коммуникативдүүлүктү жана талкулоо маданиятын тарбиялайт.

Талкуунун мүмкүнчүлүктөрү:

– студенттер талкуунун башка катышуучуларынын пикири менен таанышат;
– карама-каршы пикирлердин жанаша жашоосу кабыл алынат;
– бир эле көрүнүшкө же окуяга ар кандай мамиле кабыл алууну үйрөнүшөт, айтылган пикирге каршы чыгуу мүмкунчүлүктөрүнө ээ болушат;
– талкууга катышкандар көйгөйлөрдү чечүү жолдорун биргелешип издешет, командада, чакан топто иштөөнү үйрөнүшөт.

**Портфолио жана өз алдынча изилдөө методу** – Д.Майердин айтымында, «портфолио – бул студенттин бир же бир нече тармактагы аракеттерин, ийгиликтерин жана жетишкендиктерин көрсөткөн максаттуу жыйнагы». Адабият боюнча тематикалык портфолио эки бөлүктөн турушу керек: милдеттүү бөлүк ( бардык студенттер үчүн жалпы) жана жеке бөлүк чыгармачыл. Милдеттүү бөлүгү окурмандын күндөлүгүнүн мазмуну – бул тексттин мазмуну, стилистикалык талдоосу, каармандардын мүнөздөмөсү, автор жөнүндө маалымат. Кийинки бөлүмдөрдө тексти чечмелөө, анын жеке түшүнүгү, окугандардын негизинде чыгармачылык тапшырмаларга байланыштуу студенттердин өз алдынча иштеринин бир бөлүгү катары жеке жуптук, жана топтук иштерди камтышы мүмкүн. Адабият сабагындагы тематикалык портфолионун түзүлүшү конкреттүү берилген бир чыгармага байланыштуу болушу мүмкүн.

Биздин изилдөөдө болочок мугалимдин адеп-ахлактык сапаттарын “Дүйнөлүк адабият” сабыгынын мисалында калыптандыруу максатында атайын инновациялык мааниси бар уюштуруу методикасы каралды. Ал методиканын негизинде синквейн, бир чыгармага тартылган сүрөттөр,

каармандарга арналып жазылган каттар, презентациялар, видеороликтер ж.б.у.с. методдор кеңири колдонулду.

Мисалы, “Дүйнөлүк адабият” сабыгынын мыкты үлгүлөрүнүн негизинде студенттердин болочок мугалим катары адеп-ахлактык сапаттарын калыптандыруу максатында сабакта таанып билип аткан жазуучунун жашоо чыгармылык жолуна арналган портфолиолор. “Дүйнөлүк адабият” сабыгында таанып билип аткан жазуучунун потрфолиосуна: биографиялык маалыматтар, жашоо кредосу, дүйнө таанымы, лирикалык каарман жөнүндө, сүйүктүү темалары, мотивдери, белгилүү чыгармалары, поэтикалык ыкмалары жана белгилүү троптору салууну сунуштадык. Жазуучунун же акындын өмур баянын изилдөөдө студенттерге таанышып жаткан инсандын идеялык, адеп-ахлактык, эстетикалык жактарына көңүл буруу, жазуучунун инсандык сапаты, жашоодогу инсандык жана чыгармачылык позициясынын биримдигин презентациялар жана видеороликтер аркылуу чагылдыруу. Мисалы, А.Ахматованын же француз жазуучусу А.де Сент-Экзюперинин тагдырларынын мисалында, студенттер алардын инсан катары калыптанышын баамдап, көрсөтө алуу максатында аларга кат жазгыла деген тапшырмалар студенттердин адеп-ахлактык сапаттарын өнуктүрүүгө көмөктөштүү ыкмалар катары каралды. Сабактын жүрүшүндө негизги басым А.Ахматованын жашоодогу нравалык мүдөөсүно, өткөөл мезгилдеги кыйынчылыктарга чыдаган эрктүүлүгүн, патриоттуулугун баса белгилөөгө арналган тапшырмалар. Белгилүү “Реквием” поэмасындагы ички сезимдерди ачык чагылдыргандыгы жөнүндө, ал эми А.де Сент-Экзюперинин инсан катары жана жазуучу катары моралдык мүдөөсүнө бурулат.

Ошентип, портфолио түзүү, атактуу инсандарга кат жазуу менен студенттерде жазуучунун чыгармачылыгына кызыгуу пайда болуп, алардын эң негизги адеп-ахлактык түшүнүктөрдүн маанисин: мекенчилдик, милдет, достук, сабырдуулук, эрктүүлүк деген категорияларга толук түшүнүп билүү компетенцияларга ээ болушат. Андан тышкары студенттер өз алдынча адабий каармандарды анализдеп, эсселери жана чыгармачыл иштеринин жыйнагын

түзүп, өз ойлорун адеп-ахлактык аспекттердин негизинде окуп жана талкуулап чыгуу компетенцияларына ээ болушат. Студенттер өз портфолиосунда ар бир адабий чыгарманын ички туюмун түшүнүп, адеп-ахлактык жаатындагы эң терең аспектиси боюнча өз пикирлерин айтууга шаттар пайда болот.

**Мээге чабуу методу** – бул метод дүйнөлүк адабият сабагында биргелешкен чыгармачылык үчүн чоң мүмкүнчүлүктөрдү ачат. Бул ыкма окуучулардын фантазиясын көрсөтүүгө, чыгармачылыгын өнүктүрүүгө, текст менен иштөөнү терендетип үйрөнүүгө шарт түзөт**.** Мисалы, мээге чабуу ыкмасын көркөм чыгармаларды талдоодо, чыгармаларга альтернативдүү финалды жамааттык түрдө түзүп, мүнөздөмөлөрдү иштеп чыгууда же алардын мотивдерин талкулоодо колдонсо болот. Студенттер белгилүү бир адабияттын, ыкмалардын негизинде өздөрүнүн варианттарын сунуштай алышат. Бул студенттерге же окуучуларга автордун оюн түшүнүп тексттин маңызына кирүүсүнө жардам берет. Мындан тышкары, бул ыкма балдардын жазуу тилин өнүктүрүүгө мүмкундүк берет: алар биргелешип, тексттин түзүмун жана тилдик каражаттарды талкуулап, кыска тексттерди жарата алышат.

Биздин изилдөөдө  орто кесиптик колледждин студенттерин болочок мугалим катары коомдун азыркы өсүп өнүгүү стратегиясына дал келген жана калыптандыруу максатынын негизинде аныкталган гумандуулук, патриоттуулук, өз элинин каада-салттарын жактоо, бир катар жашаган элдердин каада- салтын таанып билүү менен уроматоо, ак ниеттүүлүк ж.б.у.с. адеп-ахлактык сапаттарын калыптандуруу максатында биз санариптештирип окутуу технологиялардын потенциалын  да колдондук.

**Kahoot методу –**  2012-жылы Норвегиянын Илим жана технология университетинин студенттери жана окутуучулары тарабынан негизделген. Сайт 2013-жылдын мартында SXSWeduда жеке бета версиясында ишке киргизилген жана 2013-жылдын сентябрында коомчулукка чыгарылган. Бул интерактивдүү платформа окууну оюнга айландыруу менен кызыктуу. Дистанттык билим берүүдө эң ыңгайлуу идеалдуу платформа.

**Quizizz –** бул жасалма интеллекти колдонуу менен окутуунун универсалдуу платформасы. Биз сабак өтүүдө ар кандай туюнтмаларды жөнөкөй, ыңгайлуу, интерактивдүү жана кызыктуу кылып конструкциялоого мүмкүнчүлүк түзөө алган ыкма.

.

## 2.2. Болочок мугалимдердин адеп -ахлактык сапаттарын калыптандыруудагы окутуу технологиялары

**Изилдөөнүн объектиси** – Кесиптик колледждердин билим берүү процесси.

**Изилдөөнүн предмети** – Кесиптик колледжде студенттердин адеп-ахлактык сапаттарын калыптандыруунун илимий негиздери.

Педагогикалык изилдөө усулдары изилдөө предметине жана объектисине карата теориялык жана эмпирикалык болуп классификацияланат. Биздин изилдөөнүн объектисине жана предметине жараша диссертациялык ишти жазууда аларды колдоно алдык. Теориялык усулдар жалпысынан жеке жана жалпы усулдар деп аталат. Себеби, илимди анализдөө жана синтездөө ушул усулдар аркылуу жүргүзүлөт.

Биз изилдөө ишибизде төмөнкү илимий тыянактарды эске алдык:

1) Конкреттүү изилдөөлөрдүн натыйжасы, ошол изилдөөлөрдө колдонулган усулдардын топтомуна жана методологиялык негиздерине жараша аныкталат.

2) Педагогикалык изилдөөлөр изилденип жаткан теманын обьектисине ылайык методологияга жана методдорго таянып жүргүзүлөт.

3) Илимдин кайсы бир тармагында өз учурунда колдонулган усулдардын жыйындысы жана изилдөө усулдары ошол илимдин методологиясын аныктайт.

Илимий түшүнүк катары методология каралып, анын деңгээлдери изилденди.

Методология – бул илимий изилдөөнүн объектисин, предметин, принциптерин, формаларын, жолдорун аныктоочу, багыт берүүчү фундаменталдуу талапты билдирет.

Окумуштуу-педагог Н.А. Асипова бүгүнкү күндөгү методологиянын үч деңгээлин бөлүп көрсөткөн. Алар:

– бардык илимдерге тиешелүү мыйзам ченемдүүлүктөрдү аныктоого багытталган жалпы философиялык универсалдуу методологиялык деңгээл;

– тигил же бул илимге тиешелүү мыйзам ченемдүүлүктөрдү чагылдыруучу атайын методологиялык деңгээл;

– конкреттүү проблеманы чечүүдө айрым изилдөөлөрдүн обьектисине жана предметине байланыштуу конкреттүү методологиялык деңгээл [10].

Бул методологиялык деңгээлдер белгилүү бир илимдин объектине, предметине жана мазмунуна байланыштуу болуусу менен анын максат, милдеттерин аныктоодо мааниси зор экендигин билдирет. Андыктан, изилдөөбүздүн объектине, предметине жана мазмунуна байланыштуу методологиялык жагдайларга таянуу менен педагогикалык изилдөө усулдарын тандоо иштерин жүргүздүк.

Теориялык анализ деңгээлинде педагогикалык анализ көрсөткөндөй, адеп-ахлактык жактан компетенттүү инсан болуп калыптануу ар бир маданияттуу адамдын кызыгуусун жаратат. Себеби, жаратылышка болгон мамиле, адамдардын өз ара мамилелеринин ичинен эң маданияттуусу болуп эсептелинет.

Ошондой эле, Н.А. Асипова тарабынан аныкталган этнопедагогикалык, социалдык, инсанга багытталган парадигмалар да жаштарды турмушка даярдоодо кыргыз элинин таалим-тарбиялоо процессинин мазмунун жана технологияларын калктын нукура каражаттары менен байытууда теориялык негиз катары каралат [24, 25, 201.б.].

Педагогикалык изилдөө усулдары изилдөө предметине жана обьектисине карата теориялык жана эмпирикалык болуп классификацияланат. Аларды биздин изилдөөбүздүн максат, милдеттерине ылайык колдонуу аракетинде

болдук. Теориялык усулдар жалпысынан илимий булактарды анализдөө жана синтездөө менен коштолуп, жеке жана жалпы усулдар деп айырмаланышат.

Биз изилдөө ишибизде колдонгон усулдарды айтсак, алар:

Коомдогу гумандаштыруу, демократиялаштыруу, санариптештирүү ж.б. тенденциялардын багыттарынын негизинде болочок мугалимдин адеп - ахлактык сапаттарын калыптандырууда заманбап окутуу технологияларынын таасири чон мааниге ээ, ошондуктан орто окуу жайлардын педагогикалык процессинде сапаттуу кадрларды даярдоо максатында окутуунун инновациялык технологияларын кеңири аспекте колдонулушу талаптанууда.

Көп учурда “технология” деген терминди “методика” деген термин менен бир мааниде карашат, бирок булардын айырмасын кеңири карашкан авторлор: И.Б.Бекбоев, А.Алимбеков [37,5-б.]. Алардын айтымы боюнча “технологияда” окуу процессинин субъектиси ”колдонгонду билет”, “айтып бере алат” деген түшүнүккө ээ болгондугу азыркы мезгилдеги талаптанган компетенцияларынын мазмунуна шайкеш келет деген ойдобуз, башкача айтсак, компетенттүүлүктүн парадигмасына жакындыгы менен айырмаланат.

Окутуунун технологияларын изилдеген окумуштуулар А. Алимбеков, И.Б. Бекбоев, В.В.Гузеев, Е.В. Доманский, М.В.Кларин, Ю.В. Койнова-Цельнер, А.М. Мамытов, В.Оконь, А.И. Пискунов, Е.С. Полат, Г.К. Селевко ж.б.

«Заманбап окутуу технологиялары» аттуу окуу-методикалык колдонмо окуу жайлардын педагогикалык процессинде изденип чыгармачыл маанайда өткөнгө көмөктөшкөн окуу куралы катары эсептелинет.

Илимий иште сунушталган окутуунун заманбап технологиялар орто кесиптик окуу жайларда окутуунун натыйжалуулугун жогорулатуу үчүн теория менен практиканы айкалыштырган маалыматтык база катары кызмат кылышы мүмкүн жана билим берүү тармагында иш алып барган адистер үчүн пайдалуу булак катары каралышы мүмкүн.

Окуу методикалык колдонмодо каралган технологиялар билим берүү процессинин натыйжалуулугун жогорулатууга, окутууну индивидуалдаштырууга жана студенттердин активдүү изилдөөчүлүк ишмердүүлүгүн өнүктүрүүгө багытталган.

Болочок мугалимдердин адеп -ахлактык сапаттарын биз сунуштаган окутуу технологиялар менен калыптандырууда төмөнкү принциптерге таяндык.

Активдүүлүк - анализделип жаткан болочок мугалимдин адеп-ахлактык сапаттарынын маңызын терең ачып көрсөтүү, андан ары өркүндөтүү, зарыл учурда ар бир студент талдоочу да болуп олуттуу ишмердүүлүгүн көрсөтүүсү абзел.

**Ишмердүүлүк -** бул принцип В.В.Давыдовдун көз карашы боюнча аң-сезимдүүлүк принцибине карама-каршы турат. Аталган принциптин негизинде окутуунун субъекттери билимди даяр түрүндө алышбай талдоо жүргүзүшөт, билимдердин пайда болуу шарттарына жана алар атайын иш-аракеттин негизинде таанып билген предметтерди өзгөртүүгө же моделдештирүүгө шарттары бар.

**Предметтүүлүк** - В.В.Давыдовдун айтымында аталган принциптин негизинде жалпыдан жекеге өтүү мүмкүнчүлүгү бар. Эгерде аталган принципке карама-каршы турган көрсөтмөлүк принцип жекеден жалпыга өтүүнү сунуштаса жана индуктивдүүлүктү тандаса, биз сунуштаган принцип аркылуу студенттер дедуктивдүү жол менен алган түшүнүктөрүн өздөштүрүшөт.

**Туура тандоо принциби -** педагогикалык багытта билим алаган студенттердин болочок мугалим катары адеп-ахлактык сапаттарын калыптандыруусу окутуу процессинде ишке ашат. Окутуунун турмуш менен байланышын камсыз кылуу үчүн кошумча материалдарды пайдаланууга туура келет. Окуу материалдарын тандоо берилген теманы андан ары тереңдетип үйрөнүүгө база түзө алгыдай негизги гана окуу материалын аныктап алуу жана бекем өздоштүрүлүшүнө көбүрөөк көңүл буруу максатын көздөйт. Ошол эле

учурда анчалык ииианилүү эмес окуу материалдарын окуу программага кошпоо максатка ылайык.

**Майда кадам техникасы -** аталган принциптин негизинде тандалып алынган материалды студенттер сезимдүү түрдө толук кабыл алып үлгүргүдөй кылып рационалдуу дозаларга бөлүштүрүү процесси жатат. Окуу материалдарын студенттер тарабынан жеңил үйрөнө тургандай кылып бири-бири менен байланышкан анча чоң эмес майда бөлүктөргө, кадамдарга ( доза же порция) бөлүү зарыл. Окуу материалынын майда порцияларга бөлүнгөн ыраттуу системасын аныктап чыгуу керек.

Окуу материалын майда дозаларга бөлүштүрүү түшүндүрүүнүн тизмектештигинин бузулушуна алып келет. Ал эми материалды ири дозаларга бөлүштүрүү анын түшүнүү, студенттердин билимин текшерүүнү татаалдаштырат.

Натыйжалуу катышуу принциби. Бул принциптин негизинде педагогика багытында окуган студенттердин болочок мугалим катары адеп-ахлактык сапаттарын калыптандырууда анын алган билимин үзгүлтүксүз текшерип туруу процесси катылган. Бардык студенттердин окуу процессине активдүү катыштырып, ар бир студенттин көңүлүн жаңы материалга буруу, ар бирине тиешелүү суроолорду берүү эң зарыл методикалык ыкма болуп эсептелинет. Студентке берилген ар бир маалыматтан кийин ага байланыштуу кандайдыр бир суроого жооп берүү же маселе чечүү талап кылынат. Сурооолор студенттердин натыйжалуу катышуусунун көрсөткучү болот, берилген маалыматтын өздөштүрүлгөндүгун же өздөштүрүлбөгөндүгүн көзөмөлдөйт.

**Ийгиликтүүлүк принциби.** Педагогика багытындагы студенттердин болочок мугалим катары мугалимдин адеп-ахлактык сапаттарын калыптандырууда, анын ар бир аракетинин тууралыгын эч токтоосуз ырастап туруу процесси жатат. Студенттер катардагы бөлүктөргө байланыштуу суроого жооп бербей туруп, кийинкисине өтө албайт. Бул иш-аракеттин негизинде студенттер өзүн-өзү текшерүүгө үйрөнүшөт.

Студенттердин берген жоопторунун тууралыгы өз убагында ырасталып туруусу зарыл. Эгерде студенттердин ишинин тууралыгын ырастоо жок болсо, анда ал туура эмес фактыларды, туура эмес аракеттерди да туура деп эсептеши мүмкүн. Бул учурда анын мындай катасын жоюу кыйындыкка турат.

**Баскычтан баскычка көтөрүлүү принциби.** Педагогика багытында окуган студенттердин болочок мугалим катары болочок мугалимдин адеп-ахлактык сапаттарын калыптандырууда окуу материалдар жөнөкөйдөн татаалга, жеңилден оорго карай ырааттуу түзүлүшү керек. Логикалык жактан толук аякталган системалуу билимди калыптандыруунун материалын жеңилден оорго карай бүткүл окуу жылына ылайыктап пландаштырылат.

Структуралык жана логикалык схемада, белгилүү логикалык тизмектештикте бири-бири менен жана башка предметтердин тиешелүү бөлүмдөрү менен байланышта болгудай дозаларга бөлүштүрүлгөн бөлүмдөрдүн, темалардын, параграфтардын (же информациянын элементтеринин) системалаштырылган тизмеси берилет.

Структуралык жана логикалык схеманын негизинде бөлүштүрүлгөн план түзүлөт да, анда ар түрдүү окуу материалынын жана сабакта колдонулуучу методикалык ыкмалардын эң эле рационалдуу ирээттүүлүгү көрсөтүлөт.

**Жеткиликтүүлүк принциби.** Педагогика багытында окуган студенттердин болочок мугалим катары адеп-аклактык сапаттарын калыптандырууда окутууга талап кылынуучу материалдарды тандап алууда жеткиликтүүлүк принцибин жетекчиликке алууга керек. Окуу материалдарынын мазмунун, көлөмүн аныктоодо студенттер туш келүүчү таанымдык кыйынчылыктарды жана аларды чечүүнүн жолдорун айкындап алуусу чоң мааниге ээ. Жеткиликтүүлүк принцибин окутууну жеңилдетүүнүн талабы катары тике маанисинде кабылдоого болбойт. Ар бир студент кесиптик билимдерди өздөштүрүүдө дайыма кыйынчылыктарды сезип турууга тийиш. Бирок, ал кыйынчылыктарды жасалма түзүүгө болбойт. Ошондуктан ар кандай предметтин мазмунун аныктоодо жалаң эле студенттер ээ болууга

тийиш болгон түшүнүктөрдүн, закондордун тизмеси менен гана чектелүүгө болбойт.

Жалпылап айтканда, жогоруда каралган болочок мугалимдин адеп-ахлактык сапаттарын калыптандыруу максатында колдонулган принциптер колледжде педагогика багытында окуган студенттерге окутуунун мазмунун жакшыртып өнүктүрүүнү, психологиялык-педагогикалык ыкмаларды эффективдүү пайдаланууну, билим берүүдө мезгилдин талабын өркүндөтүүнүн бирден-бир каражаты катары саналып, ар бир студенттин кесиптик жактан сапаттуу даярдыгын камсыз кылууга шарт түзөт.

Биздин изилдөөбүздө бир нече болочок мугалимдин адеп-ахлактык сапаттарын калыптандыруу максатында колдонулган окутуу технологияларга көңүл бурсак, алар: Тесттер, ролдук оюндар жана ситуациялык методдор, Карусель методу, 365 – методу, Кызыктуу микрофон, дил баян, эссе жазуу, талкуу методу, Kahoot методу, Quizizz – бул жасалма интеллекти колдонуу менен окутуунун универсалдуу платформасы.

**Тесттер аркылуу методдору.** Биз сунуштаган тесттер үч компонентти камтыйт:

- ✧ татаалдыгы жогорулаган атайын тандалган тапшырмалар системасы;
- ✧ тууралары менен катар бир катар туура эмес жоопторду камтыган сунуш кылынган жооп варианттарынын топтому;
- ✧ тесттин натыйжаларын текшерүү, иштеп чыгуу жана талдоо үчүн жакшы түзүлгөн система.

Контролдун кадимки формаларына салыштырмалуу тесттер алынган билимдердин кыйла чоң көлөмүн текшерүүгө мүмкүндүк берет. Ошону менен бирге адабият сабагында иштеткен тесттердин мисалдарын келтирет. Мисалы, биз тараптан иштелип жана сунуштаган тест Л.Н.Толстойдун “Согуш жана тынчтык” романы боюнча тесттин 5 тибин тартуулайт. Бул тест студенттердин адеп -ахлактык сапаттарын калыптандыруу максатында окутуу процессинде колдонулган.

Тесттин 1тиби (1балл.) (15-20мин.)

**“Согуш жана тынчтыктын” авторун эң көп кызыктырат**:

1.бийик адеп-ахлактык принциптерин эч качан өзгөртбөгөн каармандар

2.тарыхый прототиптери бар каармандар

3.жашоого болгон көз карашын өзгөртүүгө жөндөмдүү адамдар*

4.тарыхтын негизги жаратуучулары катары карапайым элдин өкүлдөрү.

Тесттин 3тиби (3балл.)

**Көрсөтүлгөн эмгектердин жаралышынын туура ырааттуулугун көрсөтүңүз. Л.Н. Толстой.**

A."Согуш жана тынчтык"

B."Севастополь окуялары"

C. "Балдан кийин"

D. "Балалык"

**Элементтердин туура ырааттуулугу: A – 3 B – 2 C – 4 D – 1**

Дүйнөлук адабият сабагында тестирлөөнү колдонуу төмөнкү маселерди чечүүгө мүмкүндүк берди:

- ✧ ар бир студенттин иши жөнүндө толук маалымат алуу маселесин;
- ✧ негизги концепцияларды иштеп чыгуу;
- ✧ студенттердин билимин, көндүмдөрүн көзөмөлдөө;
- ✧ ар бир студенттин таанып билүү ишмердүүлүгүүнүн жеке индивидуалдык траекториясынын жана когнитивдик көйгөлөрүн баамдоо ж.б.

Адабиятты окутуп изилдөөдө тестирлөө төмөнкүлөрдү көрсөтөт:

- ✧ адабий чыгарманы тиешелүү контекстте кабыл алууга жардам берет;
- ✧ конкреттүү бир чыгарманын тилдик сүрөттөмөсүнүн өзгөчөлүктөрүн актуалдаштырат;
- ✧ көркөм чыгармадагы каармандардын образынын мүнөзүнүн өзгөчөлүктөрүн баса белгилейт;
- ✧ белгилүү бир көркөм чыгарманы окуучулар окуп жаткандагы кабылдоосун бир аз башкачараак көрсөтүү;

✧ студенттердин көңүлүн бүтүндөй чыгармага буруу

Ошентип, тестирлөө ыкмасы контролдоо, окутуу, диагностикалык ошондой эле тарбиялоо, мотивациялоо функцияларын активдештирүү аркылуу окуу процессин өркүндөтүүгө, адеп-ахлактык сапаттарын калыптандырууга мүмкүнчүлүк берет.

Бул ыкманын артыкчылыктары:

• Сөз байлыгын байытуу. Текстти окуу менен бирге кайсы сөздөр чечмелиниши керек экенин билип жана сөздүн өзү сыртында эмес, контекстте чечмеленгенин түшүнө алышат.

• Кепти өнүктүрүү. Окурмандар чыгармадагы каармандардын кыймыл-аркети, жүрүм-туруму жөнүндө ой жүгүртүп, талкуулашат.

• Таанып-билүү кругозорун кеңейтүү. Каармандардын мисалында, балдар кыйынчылыктарга туруктуш берип, жакындарына, айланасындагы адамдарга кам көрүп, боорукер болуп, кыйынчылыктарды жеңе билүүгөө үйрөнүшөт.

• Окууга болгон кызыгууну өнүктүрүү. Студенттердин окууга болгон активдүү позициясы калыптанат. Сабак учурунда телефон оюндарына алаксыбай текст менен алек болуп, чыгармадагы сюжетке кызыгышат.

Комментарийлеп окуу руханий жана адеп-ахлактык тарбиялоого салым кошуп, студенттердин адеп-ахлактык сапаттарын жана сезимдерин калыптандырууга жардам берет. Ар кандай чыгармачылык тапшырмаларды берүү менен балдардын байкоочулук жөндөмдөрүн, жашоодогу ар кандай көрүнүштөрдү угуп түшүнүү жөндөмдүүлүгүн, өз таасирлерин жеткирүү үчүн туура сөздөрдү таап сүйлөөгө мүмкүнчүлүк берет. Бул ыкма көркөм окуу, көркөм сөз чеберлеринин окуусунда, актерлордун аткаруусундагы эпизоддор, студенттерди көркөм окууга үйрөтүү менен ишке ашырылат. Студенттердин окуган чыгармасынан алган таасирлерди тактоо, алардын көңүлүн идеялык-көркөмдүк өзгөчөлүктөргө буруу, окуган чыгармалардан түздөн-түз келип чыккан адеп-ахлактык, философиялык, көркөмдүк проблеманы коюу максатын көздөгөн маектин маанилүү ыкмасы болуп саналат. Мисалы,

“А.Островскийдин “Гроза” драмасындагы адеп-ахлактык тандоонун көйгөйү”, А.Блоктун, С.Есениндин поэзиясындагы Ата-мекендин образы ж.б.

Дүйнөлүк адабияттын сценалык окуулары: Мисалы, Шекспирдин "Король Лир" же Островскийдин “Гроза” пьесаларын студенттерге көрсөткүлөрдү коюп, моралдык маселелерди ачык көтөрүшкө чакырган ролдук оюндары боюнча өтүшөт.

**Роль оюндары жана ситуациялык методдор.** Студенттерге чыгарманын каармандарынын ролун аткаруу сунушталат. Бул ыкма каармандардын ички дүйнөсүн, эмоцияларын, өз-ара мамилелерин терең түшүнүү үчүн жакшы платформа түзөт. Мисалы, Л.Н. Толстойдун «Согуш жана тынчтык» же Э.Хеменгуэйдин «Карыя жана деңиз”, О.Генринин “Сыйкырчынын белектери” сыяктуу чыгармалардын каармандарынын эмоцияларын көрсөтүү менен студенттер моралдык жана этикалык маселелер боюнча өз ойлорун туруктуу калыптандырышат. Бул ыкма алардын адеп-ахлактык категорияларын, адамгерчилик түшүнүктөрүн кыйла тереңдетет.

**Дил баян, эссе жазуу методу.** Студенттерге чыгарма боюнча дил баян, эссе жазып, анын моралдык жана этикалык дилеммаларын талдап, чыгарманын мазмунун терең изилдеп чыгууга мүмкүнчүлүк берет. Мисалы, Л.Н. Толстойдун "Анна Каренина" чыгармасын анализдеп, каарман күйөөсүнө каршы берген моралдык чечими туура же туура эмес экенин жазуу. Бул метод студенттердин логикалык ой жүгүртүүсүн жана этикалык ойлоно билүүсүн жеткиликтүү түрдө өстүрөт.

**Талкуу методу** - бул пикир алмашуу методу. Студенттерге адабий чыгармалардын негизинде талкуу уюштурулганда, ар бир катышуучу өз пикирин билдирип, адеп-ахлактык дилеммаларды жана каармандардын моралдык чечимдерин талкуулайт. Мисалы, Л.Н. Толстойдун "Анна Каренина" чыгармасын талкуулап, каармандын этикалык жаңылыштыктары жана турмуштагы татаал жолдорду кантип туура талкуулаганы боюнча диалог түзүүгө болот. Бул метод студенттердин маселени анализдеп, этикалык маселелерди терең түшүнүүдө маанилүү ролду ойнойт.

**Мээге чабуу методу.** Биздин калыптандыруучу экспериментте кенири колдонулду. Дүйнөлүк адабият сабагында идеяны биргелешип издөө классикалык чыгармаларды изилдөөгө, аларды азыркы замандын реалдуулуктарына ылайыкташтырууга багытталышы керек. Мисалы, Ч.Айтматовдун “Деңиз бойлой жоорткон ала дөбөт” повестин талдоодон кийин студенттерге аңгеме бүгүнкү күндө кандай болот деген суроону сунуштасак болот. Каармандар эмне болмок? Кандай адеп-ахлактык сапаттарды сунуштай аласыңар? Интернет кандай ролду ойномок? Же Ч.Айтматовдун “Жамиля” повестин азыркы күндөгү уландысын ойлоп чыгарманы аяктагыла деген тапшырма берсек. Мындай ыкма балдарга чыгарманы тереңирээк талдап чыгууга гана жардам бербестен, алардын фантазиясын активдештирет. Мээге чабуул учурунда тайпа ар кандай варианттарды сунуштайт, алар талкууланат, толукталат жана коллективдүү мини-пьесага же аңгемеге айланат. Бул тапшырма критикалык ой жүгүртүүнү өнүктүрөт жана адабиятты жаңы көзкараштан баалап көрүүгө мүмкундүк берет, бул ыкма өзгөчө колледждин студенттери жана жогорку класстын окуучулары үчүн маанилүү.

**Карусель (метод) -** “Карусель” интерактивдүү ыкмасы катары студенттердин арасындагы өз ара жардамдашуу, кызматташуу көндүмдөрдү моралдык жана эрктүүлүк сапаттарды калыптандырат. Сабак учурунда белгилүү маселе боюнча түшүнүүнү, жалпылоону жана ар кандай варианттарды көрсөтүүнү талап кылган интеллектуалдык тапшырманы алышат. Чакан топтордо иштеп, ойлонуп, өз оюн айтуу менен ага жооп издешет.

1.Чакан топтордун 4-5 тен турган ар бир мүчөсүнө ак барак берилип бир окшош суроо берилет. Бардык катышуучулар оозеки пикир алмашпай туруп кагаз бетине жооптордун стихиялуу кыска жана так жазышат.

2. Жазылган кагаз барактары сааттын жебеси боюнча кийинки чакан топко тартыш убакыт режиминде берилет. Берилген барактарды алган соң, ар бир катышуучу, мурунку жазууларды кайталабастан, жаңы жазуу жасайт. Ар

кимдин өзүнө баракчасы кайтып келгенде гана иш бүттү деп саналат. Бул этапта жазуулар талданбайт жана бааланбайт.

**Kahoot методу –** Kahoottун колдонулушу негизги билимди текшерүү. Мугалимдер суроолорду берип, студенттерден жоопторун күто алышат. Видео аркылу да онлайн-викторина өткөрсө болот. Zoom же Meet платформаларын студенттердин тапшырмаларды кандай аткарып жатканын көзөмөлдөсө болот. Оюн аркылуу теорияны сынап көрүү, тапшырмаларды текшерүүгө жана татаал суроолорго жооп берүүгө жардам берет. Мисалы, жаңы тема менен таанышуу, викториналарды түзүү - теманы контролдоодо. Ошондой эле талкууларды жүргүзүү жана материалдарды консолидациялоо үчүн ыңгайлуу. Талкууларды уюштурууда, аны баштоо үчүн суроо берип, сүрөт жана бир нече жооп катары варианттарды кошсо болот. Окутуудагы процессти текшерүү. Kahoot платформасы аудиториядагы сабактын жүрүшүн жана ар бир окуучунун же студенттин жеке окуу траекториясын текшерүүгө мүмкүндүк берет. Kahootтун артыкчылыктары: концентрацияны жана маалыматты үйрөнүү процессине катышууну тыңдайт; окууга болгон кызыгуусун жогорулатат; тапшырмалардын аткаруу сапатына оң таасир тийгизет. Kahootту сабактын каалаган этабында колдонсо болот.

**Quizizz –** бул жасалма интеллекти колдонуу менен окутуунун универсалдуу платформасы. Биз сабак өтүүдө ар кандай туюнтмаларды жөнөкөй, ыңгайлуу, интерарктивдүү жана кызыктуу кылып конструкциялоого мүмкүнчүлук түзөө алдык. Платформа мугалимге оңойлотулган шарттарды сунуштайт:

1. Интеллектуалдуу оюндарды түзүп сабак кызыктуу өтөт
2. Тема боюнча тестирлөө жүргүзөт
3. Топтук иштерди уюштура алат
4. Студенттердин иштеринин жыйынтыгын көзөмөлдөйт

Бул платформа даяр викториналар, тесттер, ар кандай оюн түрүндө берилген кызыктуу материалдар менен камсыздалган, өз кезегинде бул мугалимдин убактысы да үнөмдөлөт.

Quizizzти колдонууда студенттердин интернеттен маалымат алганга жетишбей калышы да ыктымал, себеби тестирлөөдө же викторина учурунда таймер коюлат. Ошону менен бирге кызыктуу музыка, видеолор менен коштолуп окуучулар сабакка же тестирлөөгө активдүү катыша алат. Берилген тапшырмалардын жыйынтыгын демонстрациялоодо көруп турушат.

Quizizz тиркемеси студенттердин предметке болгон кызыгуусун арттырууга, алардын когнитивдик активдүүлүгүн, билим деңгээлин талдоо жана баалоо жөндөмдүүлүгүн өнүктүрүүгө жардам берет, ошондой эле жогорку натыйжаларга жетүүдөгү стратегиялык курсту иштеп чыгууга жардам берет. [2, 4].

3. Чакан топтордогу талкууланган жооптор жана сунуштар такталып, эң маанилүүсү жана актуалдуулугу акыркы тизмеге тандалып алынат.

Мисалы,«Карусель» ыкмасын Л.Н.Толстойдун “Согуш жана тынчтык” романына карата колдоонууда студенттер романдагы каармандардын ар кандай мезгилдердеги адеп-ахлактык сапаттарын, салыштыруу жана эволюциясын ачып көрсөтүү компетенцияларга ээ болушат, алардын жашоосундагы тандоолорун текшерүү катары билдире алат экен. Романда моралдык тандоо татаал жана көп кырдуу болуп каармандар өздөрүнүн жашоого болгон көз караштарын жана аркеттерин өзөрткөн карама-каршы кырдаалдарга дуушар болушат.

Каармандардын адеп-ахлактык тандоосунун мисалдары жана эволюциясы:

* Андрей Болконский: романдын башында романтизацияланган патриотизмден жана согуш талаасында атак-даңкка умтулуудан башталат. Келинчеги Лиза Болконская каза болгондон кийин, терең каатчылыкка кабылган соң, жашоонун маңызын жакшы иштерден, адамдарга жардам

берүүдөн издейт. Мансап менен жеке бактылуулукту тандоого келгенде кызматты тандап, тандоосу жеке эрдиктен терең моралдуулукка карай өнүгөт.

* Пьер Безухов: бул каарман менен таанышканда, жашоосу ойлонбой сарптоо жана көңүл ачуудан башталат. Жашоонун маанисин издөө аны масондукка андан соң христиандык адеп-ахлактыкты түшүнүүгө алып келет. Анын тандоосу- гумандуулук, боорукерлик, дайыма өзүн өркүндөтүү, жакшылыкка умтулуу жана адамдык байланыштар маанилүү экенин түшүнөт.

*Наташа Ростова: бул каармандын жашоосу романтикалык иллюзияга толгон, жашоого жөнөкөй жана үстүртөн көз караш менен башталат. Анын тандоосу - үй-бүлөөдө жакындары менен болгон мамиледе, гармония жана бакыт издөө. Ал оор кырдаалда сабырдуулук жана туруктуулукту тандап чоңойду. Анын тандоосу сүйүү жана үй-бүлөөлүк бакыт менен аныкталат.

* Николай Ростов: Жөнөкөй аскердик милдеттен баштап, ал адеп-ахлактуулукту, ар-намысты, асылдыкты тандайт. Анын тандоосу үй-бүлөөлүк баалуулуктар менен аныкталат.

Каармандардын адеп-ахлактык тандоолорунун негизги учурлары:

* Согуштун таасири: Согуш каармандардын жашоосун, баалуулуктарын жана иш-аракеттерин кайра карап чыгууга мажбурлайт. Ал карама-каршылыктарды ашкерелейт жана тынчтык мезгилде жасалган тандоолор жаңы реалдуулуктарга дал келбей калышы мүмкүн экенин көрсөтөт.

Каармандардын моралдык тандоосундагы негизги учурлар:

* **Согуштун таасири:** Согуштун жүрүшү каарамандардын жашоого болгон көз караштарын, баалуулуктарын, кылык-жоруктарын өзгөртөт. Согуш карама-каршылыктарды ашкерелеп, тынчтыкта кылган тандоолорду жаңы реалдуулукка туура келбегенин көрсөттү.

*** Башка адамдар менен болгон байланыштар**: Башка адамдар менен болгон мамилелер адеп-ахлактык сапаттарды калыптандырууда чоң ролду ойнойт. Сүйүү, достук, мекенди коргоо, үй-бүлөө баалуулуктары алардын иш-аркеттерине күчтүү таасир берди.

**Эң маанилүүсү**: Каармандардын адеп-ахлактык тандоолору дайыма идеалдуу боло бербейт. Алар каталарды кетирип, изденип, көз караштарын өзгөртүп, кыйынчылыктарга дуушар болушат. Бирок ушул изденүүлөр, шектенүүлөр, өзүн-өзү таануу процесси аларды окурманга ынанымдуу жана жагымдуу кылат. Л.Н.Толстой өзүнүн "жан-дүйнөнүн диалектикасы" методу менен бизге каармандарынын моралдык тандоолорун, инсандык өнүгүүсүн көрсөтө алган. Ал эми "Карусель" ыкмасы студенттерге бул процесстин динамикасын көрүгөө, каармандардын эволюциясын байкоого жана ар кандай турмуштук жагдайларга алардын моралдык тандоосу кандайча калыптангандыгын түшүнүүгө мүмкүндүк берүү менен бирге, алардын адеп-ахлактык сапаттарынын калыптанышына таасир берип көз караштарын өзгөртүү.

Биздин изилдөө ишибизде экрандык-үн куралдарга маани берилип (окуу фильмдери; кинотасма, телекөрсөтүү жана видео үзүндүлөрү ж.б.) орун алды.

Дагы бир семинар сабактын мазмунун чагылдырып кетели:

**Тема: Достук, толеранттуулук, маданияттар аралык компетенттүүлүк**

Сабактын тиби: **635 методу**

Сабактын **максаты:** тарыхый маданияттык материалды колдонуп болочок мугалимдердин адеп-ахлактык сапаттарын калыптандыруу

**635 - методун** колдонуу аркылуу окутуу процесси интерактивдүү, кызыктуу жана динамикалуу болууга шарттар пайда болот, студенттердин билимге болгон кызыгуусу арттырылат. Ошондой эле, дүйнөлүк адабиятты терең жана кеңири өздөштүрүүгө өбөлгөлөр түзүлөт, студенттерге адабий чыгармаларды жаңы ыкмаларды колдонуу менен изилдөөгө мүмкүнчүлүк берет.

Демек, **635 методу** болочок мугалимдердин адеп-ахлактык сапаттарын калыптандырууда жана алардын педагогикалык даярдыгын жогорулатууда

чоӊ роль ойноп, бир нече кесиптик жактан баалуу компетенцияларды калыптандырууга шарт түзөт, айтсак:

- студентердин өз элинин, кошо жашаган элинин тарыхый маданияттык материалдарды жакшы билүү жана маданияттар аралык компетенттүүлүктүн көрсөткүчтөрүнө ээ болуу деӊгээлин өнүктүрүү;
- студенттердин тарыхый маданияттык материалды пайдалана алуу компетенцияларын калыптандыруу;
- студенттердин толеранттуулугун жана эл маданиятына, каада-салтына оӊ мотивациясын калыптандыруу;
- студенттердин тарыхый, маданияттык, улуттук мурастардын баалуулук мааниси боюнча түшүнүгүн калыптандыруу;
- педагогикалык кызматташтыкка көндүрүү;
- чыгармачыл деӊгээлде элестетүү жана импровизациялоо компетенцияларын калыптандыруу ж.б.у.с.

Окутуу технологиясы: студенттер майда тайпага бөлүнүп, ар бир тайпага бирден тема берип, алар тема боюнча тарыхый, маданий өзгөчөлүктөрдү белгилешет, тема боюнча тарбия иш чаралардын идеяларын аныкташат, аягында проектилөө технологиясы аркылуу берилген теманы чагылдырышат. Мисалы: **365** методу аркылуу иштешүү үчүн студенттерге тапшырма берилет ( тема боюнча **3** - тарыхый маданий чыгармаларды белгилегиле, **6**- тарбия иш чаралардын идеяларын аныктагыла, **5** - кошо жашаган элдердин тарыхый маданий өзгөчөлүктөрүн белгилегиле)

Демек, азыркы учурга таандык, билим берүү системасынын гумандаштырылышы, демократиялаштырылышы жана санариптештирилиши билим сапатын жогорулатуу үчүн маанилүү кадам болуп саналууда, ошондуктан жаӊыланган окутуу технологияларды колдонуу зарылчылыгы келип чыгууда.

### 2.3 Болочок мугалимдин адеп-ахлактык сапаттарын калыптандыруунун педагогикалык шаттары

Коомдун, экономиканын, инсандын талабына жараша өзгөрүп туруучу ийкемдүү билим берүү траекториясы азыркы орто кесиптик билим берүү системасына сапаттуу кесипкой адисти тарбиялоо талабын актуалдаштырып, анын адеп-ахлактык сапаттарын калыптандыруу үчүн керектүү шарттарды камсыздоонун зарылдыгын белгиледи.

Болочок мугалимдин адеп- ахлактык сапаттарын калыптандыруунун натыйжалуулугу – бул сапаттын мазмуну, окутуу-тарбиялоо процессинин мазмуну жана шарттарынын дал келүүсүнө байланыштуу болот. Илимий адабияттарда «педагогикалык шарт» деген түшүнүк каалаган жыйынтыкка жетүүнү камсыздоочу сырткы талаптардын биримдиги деп түшүндүрүлөт. Биздин изилдөөбүздө ушул сыяктуу педагогикалык жыйынтыктар деп колледждин окутуу-тарбиялоо процессинде болочок мугалимдердин адеп-аклактык сапаттарын натыйжалуу калыптанышы эсептелет.

Педагогикалык шарттарды тандоодогу натыйжалуулуктун жана оптималдуулуктун критерийи болуп акыркы жыйынтык эсептелинет.

Натыйжалуу педагогикалык шарттын калыптанышын ачыкка чыгаруу үчүн биз тарабынан педагогикалык адистерге орто кесиптик билим берүүнүн Мамлекеттик билим берүү стандарттары, окуу пландары, окуу программалары жана орто кесиптик окуу жайынын окутуу-тарбиялоо процесси, булардын изилдөөнүн предмети катарында милдеттерин чечүү үчүн потенциалдуу мүмкүнчүлүктөрүн таап чыгуу зарыл болду. Кабыл алынган анализ болочок мугалимдердин адеп-ахлактык сапаттарын натыйжалуу калыптанышына алардын мазмуну толугу менен жооп бербей тургандыгы билинди. Адабияттардын талдоосу, окумуштуулардын илимий конференциядагы ачык диалогдору, педагогикалык практикадагы байкоолор педагогикалык ишмердүүлүктө окутуу процесси ийгиликтүү болушуна таасир эткен мугалимдин өзүнүн кесиптик жактан маанилүү адеп-ахлактык сапаттары терең калыптанышы үчүн педагогикалык шарттар ачык эле жетишсиз экендиги көрүндү. Андан тышкары болочок мугалимдердин кесиптик компетенттүүлүгүнүн көп көрсөткүчтөрү, адеп-ахлак сапаттары,

педагогикалык чыгармачылыгы, рефлексиясы, өз алдынча умтулуусу жана айрым педагогикалык жөндөмдүүлүктөрүнүн өнүгүүсү толук эмес. Мындан сырткары болочок мугалимдерди адеп-ахлактык жактан кесиптик ишмердүүлүккө даярдоодо гуманитардык дисциплиналардын таасирин изилдөө аракеттери жетишпейт.

Орто кесиптик билим берүү системасында педагогика багытында билим алган студенттердин адеп-ахлактык сапаттарынын калыптанышынын педагогикалык шарттарындагы жетишпегендиктерди ачыкка чыгаруунун негизинде биз төмөндөгүлөрдү аныктадык: болочок мугалимдин адеп-ахлактык сапаттарын калыптандырууда "Санарип технологияларды колдонуп, болочок мугалимдин адеп-ахлактык сапаттарын калыптандыруу ("Дүйнөлүк адабият" сабыгынын мисалында )" аттуу окуу-методикалык куралын иштеп чыгуу, «Болочок мугалимдин адеп-ахлактык сапаттарын калыптандыруу» аттуу эксперименталдык программа иштеп чыгуу; ал программанын негизинде колледжде педагогика багытында билим алган студенттерди практикалык жактан даярдоонун үзгүлтүксүздүгүн камсыз кылуу максатында «Заманбап мугалим жана анын адеп- ахлактык дүйнөсү» аттуу атайын окутуучу программа иштеп чыгуу, ал программада "Дүйнөлүк адабият" сабыгынын мисалында болочок мугалимдердин адеп-ахлактык сапаттарын калыптандыруу максатында компьютер жана интерактивдүү тактай менен иштөөлөрду иштеп чыгуу ж.б.у.с. жаңыланган окутуу технологиялар орун алган; студенттердин болочок кесибинин сапаттуу даярдыгына байланышкан адеп-ахлактык маанидеги практикалык компетенцияларын калыптандырууга багытталган Чыгармачыл тапшырмалардын Кейсин иштеп чыгуу; студенттердин адеп-ахлактык сапаттарын калыптандыруу максатында азыркы билим берүү аймагын гумандаштыруу, демократиялаштыруу, санариптештирүү идеяларын эсепке алуу менен жаңыланган окутуу технологияларды кеңири колдонуу, окутуунун интерактивдүү методдорунун мазмунун болочок мугалимдин адеп- ахлактык жактан даярдыгынын

багытына жараша иштеп чыгуу жана окуу процессин заманбап талаптарына жараша уюштуруу.

Болочок мугалимдин адеп-ахлактык сапаттарын ("Дүйнөлүк адабият" сабыгынын мисалында ) калыптандыруу максатында "Заманбап мугалим жана анын адеп- ахлактык дүйөсү" (8-лекциялар,12 - практикалыш иш) аттуу атайын окуу курсу сунушталды **(Тиркеме 2)**

Аталган курста болочок мугалимдин адеп-ахлактык сапаттарын калыптандырууга багытталган лекциялар чектелген:

Тема 1. Дүйнөлүк адабият аркылуу мугалимдин адеп-ахлактык сапаттарын калыптандыруу проблемасы – 2саат;

Тема 2. Дүйнөлүк адабият - заманбап мугалимдин адептүүлүгүн калыптандыруу булагы катары – 2саат;

Тема 3. Дүйнөлүк адабияттын заманбап мугалимдин адеп- ахлактык жактан багыттоодогу орду – 2саат;

Тема 4. Дүйнөлүк адабияттын мыкты үлгүлөрүнүн негизинде заманбап мугалимди тарбиялоо маселелери – 2саат.

Болочок мугалимдин адеп-ахлактык сапаттарын ("Дүйнөлүк адабият" сабыгынын мисалында) калыптандыруу үчүн **"Санарип технологияларды колдонуп, болочок мугалимдин адеп-ахлактык сапаттарын калыптандыруу ("Дүйнөлүк адабият" сабыгынын мисалында)"** аттуу кошумча окуу куралы иштелип чыгарылды. **(Тиркеме 3)**

Ал куралдын максаты - колледжде педагогика багытында билим алган студенттердин адеп-ахлактык сапаттарын - компетенттүү мамиленин негизинде калыптандыруу болуп саналат; билим берүү аймагындагы гумандаштыруу, демократиялаштыруу, санариптештирүү идеяларын негиздерин эсепке алуу менен бирге гумандуулук, париоттуулук, жоопкерчилик, өз элинин жана башка элдердин каада-салтын колдоо, моралдык жактан колдоого даярдык, ак ниеттулук, улууларды сыйлоо,

адилеттүүлүк, чынчылдык, толеранттуулук, социалдык активдүүлүк, башка элдерге карата достук сезими аттуу сапаттарды калыптандырууга багыт алуу ж.б.

*Бул максатка жетүү үчүн* окуу куралында *төмөнкү милдеттер аныкталган:*

– заманбап педагогикалык кубулуштарды эске алып, салттуу эмес окутуу, модернизацияланган жана альтернативдүү технологиялар, өнүктүрүүчү окутуунун негизинде колледжде педагогика багытында билим алган студенттердин адеп-ахлактык сапаттарынын калыптанышын өстүрүү;

– интернет аркылуу студенттерге дүйнөлүк адабиятты жана башка тармактарды изилдөө үчүн санариптик окутуу куралдарын берүү;

– санариптештирилген ресурстар аркылуу адабий чыгармаларды терең анализдөө жана ага сынчыл көз караш менен мамиле кылууну, талдоо жана критикалык ой жүгүртүүнү өнүктүрүү.

Окуу куралынын *кыскача мазмуну:*

Учурдагы билим берүү системасынын өнүгүү шартында санариптик технологияларды пайдалануу окутуу процессинин натыйжалуулугун жогорулатууда чечүүчү фактор болуп эсептелет. Анын ичинде, болочок мугалимдердин адеп-ахлактык сапаттарын калыптандыруу үчүн инновациялык ыкмаларды колдонуу заманбап педагогикалык практиканын негизги багыттарынын бири болуп саналат. Санариптик инструменттер жана платформалар окутууну интерактивдүү жана багыттуу түрдө жүргүзүүгө мүмкүнчүлүк берип, студенттердин чыгармачылык жана критикалык ой жүгүртүү жөндөмүн арттырууга өбөлгө түзөт. Дүйнөлүк адабият сабактарында адеп-ахлактык баалуулуктарды санариптик технологиялардын жардамы менен өздөштүрүү педагогикалык процесстин өзгөчө маанилүү багыттарынын бири болуп саналат. Мисалы, Л.Н. Толстой, У. Шекспир же М.

Сервантестин чыгармаларындагы каармандардын жүрүм-туруму аркылуу студенттердин адеп-ахлактык түшүнүктөрүн өнүктүрүүгө шарт түзүлөт. Санариптик технологиялар окуучулардын көңүлүн бурган кызыктуу материалдар менен коштолгон интерпретацияларды камсыздай алат, бул чыгармачылык талдоону жеңилдетет

Санариптик куралдарды колдонуу менен даярдалган презентациялар, видеоматериалдар жана интерактивдүү кроссворддор адеп-ахлакты калыптандырууда олуттуу роль ойнойт. Мындан тышкары, онлайн платформалар жана мобилдик тиркемелер ар кандай тесттерди, дебаттарды жана чыгармачыл тапшырмаларды уюштурууда педагогдор үчүн ыңгайлуу мүмкүнчүлүктөрдү сунуштайт**.**

Колледждин шартында педагогика багытында окуган студенттердин адеп-ахлактык жактан маанилүү жана болочок кесибинин сапаттуу даярдоосун камсыз кылган жана алардын өзүн-өзү окутуу, көзөмөлдөө, баалоо жана тарбияланышын ойготууга багытталган "Чыгармачыл тапшырмалардын Кейси" иштеп чыгарылышы биздин **төртүнчү педагогикалык шартыбыз болот. (Тиркеме №4)**

Аталган кейс студенттердин болочок кесибинин сапатуу даярдыгына байланышкан адеп-ахлактык маанидеги практикалык компетенцияларын калыптандырууга багытталган. Чыгармачыл тапшырмаларга: эссе, дил баяндар ар кандай формада жазылуусу мүмкүн( ыр жана проза түрлөрүндө), мисалы, Ч.Айтматовдун чыгармаларындагы гумандуулук жөнүндө. Кроссворддор (мисалы, негизги сөзү **гуманизм**), акростих, башкы каараманга мүнөздөмө берип өзүнүн ой-пикирин жазуу, ролдоштуруу ж.б.у.с. Жазуу иштери ойчул окурмандарды өнүктүрүү үчүн эң жемиштүү жана эффективдүү курал болуп саналат. Мисалга алсак төмөндөгү темаларга жазылган дилбаян, эсселер:

1. Жашоомдогу эң чоң белек. ((1 курс)

2.Кантип адам өзүнүн адеп-ахлактык баалуулуктарын мүнөздөйт?

3.Сиздин көз карашыңыз боюнча, адабият кандай адеп-ахлак сабактарын бере алат?

4. Жазуучулар көтөргөн кайсы адеп-ахлак маселелери актуалдуу деп эсептейсиз?

Аталган кейсте студенттердин адеп-ахлактык жактан маанилүү жана болочок кесибинин сапаттуу даярдоосун камсыз кылган жана алардын өзүн-өзү окутуу, көзөмөлдөө, баалоо жана тарбиялоо проблемаларын ойготууга багытталган.

Сунушталган кейсте студенттердин болочок кесибинин сапатуу даярдыгына байланышкан адеп-ахлактык маанидеги практикалык компетенцияларын калыптандырууга багытталган чыгармачыл тапшырмалар берилген, мисалы:

➢ адеп-ахлактык жактан тарбиялоого багытталган мектеп окуучулары үчүн адабият боюнча окуу жана билим берүү долбоорлорун иштеп чыгуу;

➢ адеп-ахлактык билим берүүдө адабиятты натыйжалуу пайдалануу боюнча топтук долбоорлордун презентациясын жасоо жана ой бөлүшүү;

➢ мугалимдер үчүн адеп-ахлак маселелери боюнча кичи методикалык сунуштарды даярдоо жана коргоо ж.б.у.с.

Андан тышкары болочок мугалимдин адеп-ахлактык сапаттарын “Дүйнөлүк адабият” сабыгынын мисалында калыптандыруу максатында атайын компьютер аркылуу иштей турган тесттер иштелди. **(Тиркеме № 5).**

*Компьютер менен иштей турган тесттердин кыскача мазмуну:*

Биз сунуштаган тесттер  үч компонентти камтыйт:

✧ татаалдыгы жогорулаган атайын тандалган тапшырмалар системасы;

✧ тууралары менен катар бир катар туура эмес жоопторду камтыган сунуш кылынган жооп варианттарынын топтому;

✧ тесттин натыйжаларын текшерүү, иштеп чыгуу жана талдоо үчүн жакшы түзүлгөн система.

Контролдун кадимки формаларына салыштырмалуу тесттер алынган билимдердин кыйла чоң көлөмүн текшерүүгө мүмкүндүк берет. Ошону менен бирге адабият сабагында иштеткен тесттердин мисалдарын келтирет.

**«Болочок мугалимдин адеп-ахлактык сапаттарын калыптандыруу»** аттуу атайын эксперименталдык программа **алтынчы педагогикалык шартыбыз болот.**

**Эксперименттик аянтчанын иш программасы:**

Эксперименталдык иштер мамлекеттик билим берүү стандарттарынын негизинде, аларды студенттердин инсандык жана кесиптик жактан өсүшүнүн өзгөчөлүктөрүнө ылайыкташтыруу, ошондой эле жеке өзүнүн илимий-педагогикалык потенциалын калыптандыруу жолу менен жүргүзүлөт.

Ар бир заманбап уюштурулган илимий-изилдөөнүн долбоорунун максаты билим берүү ишмердүүлүгүнүн технологиялык өнүгүшүн педагогикалык багытта окуу-тарбия процессин уюштуруунун натыйжалуулугун арттырууга түрткү болуучу окутуу технологияларынын мазмунун жана дидактикалык каражатын түзүү жана сынактан өткөрүү болуп саналат.

**Эксперимент жүргүзүү ишинин программасы:**

Заманбап педагогикалык илимге таандык компетенттүү мамиленин негизинде окутуу идеясы орто кесиптик окутуу системасында толугу менен чагылдырылып жана кеңири иштелүүдө.

Болочок мугалимдин адеп-ахлактык сапаттарын (“Дүйнөлүк адабият” сабыгынын мисалында ) калыптандыруу процессин түзүүдө, мазмунундагы өзгөчөлүктөр эсепке алынып уюштурулду жана ар бир студенттин дээрине, таламына жана жөндөмүнө жараша окутууну дифференциялоонун жана индивидуалдаштыруунун каражаты катары карадык.

Колледжде билим алган студенттердин болочок мугалимдин кесиптик кызыкчылыгын эске алып жана таламдарына жараша шарттарды түзүү менен окутууну биз эксперименттик деңгээлде пландаштырганбыз.

Бул илимий-изилдөө программасы эки жылга эсептелген жана анын милдеттерине карата тийиштүү уюштуруучулук-педагогикалык шарттар

түзүлгөн жана билим берүү технологиялары жигердүүлүк менен колдонулган учурда гана ишке ашырыла тургандыгы көрсөтүлгөн.

Аталган программанын максаты - азыркы билим берүү аймагын гумандаштыруу, гуманитарлаштыруу, демократиялаштыруу, санариптештирүү динамикалык идеяларынын негизинде колледжде окуган студенттердин адеп-ахлактык сапаттарын “Дүйнөлүк адабият” сабыгынын мисалында калыптандыруу.

Студенттердин болочок мугалим катары адеп-ахлактык сапаттарын калыптандыруу максатында иштетилген программа, орто кесиптик билим берүү окуу жайындагы окутуунун максаты жана жыйынтыгы катары бул феномендин мазмуну менен тааныштырат, анын структуралык компоненттерин жана анын ички мазмунун ачат. Болочок мугалимдин адеп-ахлактык сапаттарын “Дүйнөлүк адабият” сабыгынын мисалында калыптандырууну система катары карайт. Колледжде окуган студенттердин адеп- ахлактык сапаттарын калыптандыруу максатында калыптандыруучу компоненттеринин критерийлери менен тааныштырат.

Болочок мугалимдин адеп-ахлактык сапаттарын калыптандырууну көздөгөн компоненттеринин калыптануу деңгээлине жараша, болочок мугалимдердин адеп-ахлактык сапаттарынын калыптануусун диагностикалайт. Болочок мугалимдин адеп-ахлактык сапаттарын “Дүйнөлүк адабият” сабыгынын мисалында калыптандырууну система катары карайт. Болочок мугалимдин адеп-ахлактык сапаттарын калыптандыруучу компоненттерин анализдейт.

Эксперименталдык программанын максатында бир нече милдеттердин чечилиши каралган, алар:

- болочок мугалимдин адеп-ахлактык сапаттарынын калыптанышынын диагностикалоо методикасын иштеп чыгуу;
- болочок мугалимдин адеп-ахлактык сапаттарын калыптандыруу процессинде алардын келечектеги мугалимдик кесиби жактан сапаттуу даярдоосуна тийгизген таасирин чектоо;

- болочок мугалимдин адеп-ахлактык сапаттарынын калыптанышын моделде сунуштаган ар бир компонент боюнча диагностикалоо;
- студенттердин адеп-ахлактык маанидеги билимге өз алдынча жетишүүсүн жана өзү өзүнүн деңгээлин жогорулатуу шарттарын аныктоо;
- болочок мугалимдин адеп-ахлактык сапаттарын калыптандыруу максатында, ал багытты түзүүчү модель жана анын компоненттеринин мазмунун иштеп чыгуу;
- болочок мугалимдин адеп-ахлактык сапаттарын "Дүйнөлүк адабият" сабыгынын мисалында калыптандыруу процессинин мазмунундагы өзгөчөлүктөрдү эсепке алып, болочок кесиптик таламдарына жана багыттарына жараша ылайык улантуулары үчүн шарттарды түзүү.

*Программанын кыскача мазмуну:* Мугалимдин кесипкөйлүүлүгүнө таарсир эткен билим берүү аймагындагы гумандаштыруу, демократиялаштыруу, санариптештирүү идеялары. Заманбап мугалимдин адеп-ахлактык жактан калыптанышына таасир эткен (гумандуулук, париоттуулук, жоопкерчилик, өз элинин жана башка элдердин каада -салтын колдоо, моралдык жактан колдоого даярдык, ак- ниеттулук, улууларды сыйлоо, адилеттүүлүк, чынчылдык, толеранттуулук, социалдык активдүүлүк, башка элдерге карата достук сезими) түшүнүктөр. Болочок мугалимдин адеп-ахлактык сапаттарынын калыптанышынын түзүлүшүн, мазмунун, шарттарын келечектеги кесибинин сапатын жогорлатуу критерийлери катары.

Эксперименталдык программанын максатына жараша болочок мугалимдин адеп-ахлактык сапаттарынын калыптанышын диагностикалоо методикасын иштеп чыгуу биздин биринчи милдет болгон.

Биз анкета сунуштадык (**Тиркеме 1)**

Ошону менен бирге маек, байкоо ж.б.у.с. методдордун негизинде иш алып бардык. Сурамжылоонун жыйынтыгын анализдесек Гумандаштыруу, гуманитарлаштыруу, санариптештирүү жана башка заманбап билим берүү мейкиндигин модернизациялоо идеяларын кабыл алуу менен бирге студенттер

адеп-ахлактык сапаттардын системасынын ичинен эң негизги болочок мугалимге зарыл болгон сапаттарды белгилешкен, алар төмөндөгүлөр:

Анкетага катышкан респонденттердин арасынан - 87% гумандуулук сапаты болочок мугалимдин алдынкы  сапаты болушун белгилешкен. Алардын айтымына жараша гумандуулук – адамдын инсан катары баалуулугун, анын эркиндикке, бакытка, өнүгүүгө жана бардык жөндөмдүүлүктөрдүн көрүнүшүнө болгон көз караштары катары белгилешкен. Коомдогу мамилелелердин нормасы катары каралган система деп да айтышкан.

Патриоттулукту болочок мугалимдин актуалдуу сапаты катары карап респонденттердин арасынан - 84% -  өз мекенине, элине, тарыхына, маданиятына болгон сүйүүсү деген түшүнүгүн үйрөтөт  деп белгилешкен. Дүйнөлүк адабияттын чыгармаларынын негизинде патриоттулукту, жоопкерчиликти, мээримдүүлүктү ошол эле Ч.Айтматовдун “Саманчынын жолу” повестиндеги Толгонай, мисал катары келтирип кетишкен.

Чынчылдык сапатты (79%) адам баласынын тагдырын аныктоочу, адам табиятындагы терең карама-каршылыктарды ачып берүүчү негизги мотивдердин бири деп санап, эссе жазууда  В.Шекспирдин “Гамлетинде” милдет менен сезимдин ортосунда калган Гамлет чындык менен адилеттикке умтулат деп каармандын образын чагылдырышкан. Бул чынчылдык, өч алуу жана моралдык тандоо тууралуу трагедия.

Башка элдерге болгон достук сезимди  азыркы реалдуулукка мүмкүн болушунча жакын жана улуттар аралык мамилелерди калыптандыруучу сапат катары карап- 82%,  болочок мугалимдин алдынкы сапат катары деп далилдешкен.

Өз элинин жана башка элдердин каада-салттарын колдоо. Чыңгыз Айтматовдун чыгармалары да кыргыз элинин маданиятын жана глобалдык адамзаттык баалуулуктарды айкалыштырып, дүйнөлүк деңгээлдеги адабий мурас катары бааланган. Мындай чыгармалар адамдардын бири-бирин түшүнүүсүнө көмөктөшүп, ар түрдүү маданияттардын ортосундагы руханий

көпүрөнү бекемдейт деп, алдынкы сапат катары респонденттердин -89% белгилей алышты.

Болочок мугалимдин адеп-ахлактык сапаттарын "Дүйнөлүк адабият" сабыгынын мисалында калыптандырууну биз моделдеги үч (3) компоненттердин көрсөткүчтөрүнүн негизинде ишке ашырдык:

1. Когнитивдик компонент (адеп-ахлактык билимдерге, адеп-ахлактык ой жүгүртүүгө ээ болуу ж.б.);

2. Мазмундуулук компонент (адеп-ахлактык баалуулуктарды бириктирген компонент)

3. Рефлексивдик ишмердүүлүк компонент (алган билиминин негизинде, адеп-ахлактык милдеттерди чечүү үчүн алынган билимдерди иш жүзүндө колдонуу) калыптандырууну максаттанганбыз.

**Когнитивдик компоненттин негизги көрсөткүчтөрү:**

1. Педагог кесибине кызыгуу, кесиптик-маанилүү компетенцияларга ээ болууну каалоо

2. Гумандаштыруу, гуманитарлаштыруу, санариптештирүү жана башка заманбап билим берүү мейкиндигин модернизациялоо идеяларын кабыл алуу жөндөмдүүлүгү.

3. Мугалим катары кесиптик милдетин аткарууга тийиштүү деңгээлде салым кошкон чынчылдык, калыстык, сыяктуу адеп-ахлактык сапаттарды өнүктүрүүнүн маанилүүлүгүн жеке деңгээлде билүү.

4. Гумандуулук, мекенчилдик, өз элинин каада-салттарын жактоо, бир катар жашаган элдердин каада-салтын таанып билуу менен урматоо, ак-ниеттүүлүк сыяктуу адеп-ахлактык сапаттардын маңызын билүүгө болгон жеке умтулуусу.

5. Чыгармачыл өзүн-өзү актуалдаштырууга жана өзүн-өзү өнүктүрүүгө жеке баалуулук багыты.

**Мазмундуулук компоненттин көрсөткүчтөрү:**

1. Билим берүү чөйрөсүндө гуманизация, гуманитаризация жана модернизация, санариптештирүү жана башка позитивдүү тенденциялар жөнүндөгү билимге ээ болуу менен бирге аларды кабыл алуу жөндөмдүүлүгү

2. Азыркы коомдун позитивдүү багыттарын түшүнө билип, адеп- ахлактык жактан маанилүү сапаттардын маанисин баамдай алуу жана өздөштүрүлгөн компетенцияларына ээ болуу;

3. Компетенттүү мамиленин негизинде мугалимдин кесиби менен байланышта болгон адеп-ахлактык жактан маанилүү нравалык аң-сезим, журум турумду чагылдырган билимдердин мазмунун таанып билүү жана колдоно алуу;

4. Болочок мугалим катары өзүн-өзү таануу үчүн жана кесиптик ишмердүүлүгүнө таасир эте турган адеп-ахлактык түшүнүктөрдүн мазмунун (жоопкерчилик, социалдык активдүүлук, патриоттуулук, жакшы ниет жана моралдык жардамга даяр болуу, ж.б.) теориялык, практикалык жактан өздөштүрүү;

**5.** Педагогикалык ишмердүүлүктө колдоно турган өзүнүн этикалык жоопкерчилигин камсыз кылган моралдык баалуулуктарын аңдап билүү жана өнүктүрүү мүмкүнчүлүгүнө ээ болуу;

**Рефлексивдик-ишмердүүлүк компоненттин көрсөткүчтөрү:**

1. Болочок мугалим-инсанды өзүнө, курчап турган дүйнөгө карата баалуу мамилелерди калыптандырууга, инсандык-кесиптик өнүгүүгө жетишүүгө багыттоосу;

2. Ар бир окуучу жана класстын жамааты менен биргелешип иш-аракеттердин гумандуу программасын кура билүү;

3. Нравалык-таанып билүү мүнөзүндөгү педагогикалык кырдаалдарды конструктивдүү жана чыгармачылык менен чече билүү;

4. Болочок мугалим- инсандын өзүн-өзү өркүндөтүүгө, өзүн-өзү билүүгө, келечектеги кесиптик ишмердүүлүгүндө адеп-ахлактык жактан өзүн-өзү өркүндөтүүгө умтулуусу;

5. Абийирдүүлүк, адептүүлүк, адилеттүүлүк ж.б.у. сыяктуу түшүнүктөргө карата өзүнүн адеп-ахлактык мүдөөсүн активдештирүү максатында рационалдуу колдоно билүү;

6. Адеп-ахлактык програмамаларын тандоо жана түзүү шарттарында моралдык жана этикалык принциптерди жетектей билүү;

7. Болочок кесибинде окуучулардын адеп-ахлактык позициясын активдештирүү максатында окуу материалынын мазмунун тандап жана чыгармачылык менен кайра иштете билүү

Жыйынтыктап айтканда, биз критерийдик баалоо аппаратты иштетип жана көрсөткүчтөрү аныктоодо билим берүү чөйрөсүн модернизациялоо менен тыгыз байланышкан гумандаштыруу, демократизациялоо, санариптештирүү жана башка позитивдүү тенденцияларды эске алып орто кесиптик колледждерде окуган студенттердин болочок мугалим катары келечектеги кесиптик милдетин сапаттуу аткарууга тийиштүү деңгээлде салым кошо турган чынчылдык, калыстык, патриоттулук ж.б.у.с. адеп-ахлактык сапаттардын системасын компетенттик, инсандык-ишмердик, системалык-бүтүндүк, коммуникативдик мамилелерге негиздеп карадык.

**Экинчи бөлүм боюнча корутунду**

**Экинчи бөлүм** "Дүйнөлүк адабият" сабыгынын мисалында колледжде окуган студенттердин адеп-ахлактык сапаттарын калыптандырууда азыркы билим берүү аймагындагы гумандаштыруу, гуманитарлаштыруу, демократиялаштыруу, санариптештирүү динамикалык идеяларынын негизинде иш алып баруунун маанилүүлүгү белгиленди.

"Дүйнөлүк адабият" билим берүү предмети жогорудагы заманбап идеялардын негизинде орто кесиптик колледждерде окуган студенттердин

болочок мугалим катары адеп-ахлактык сапаттарын калыптандыруу максатын ишке ашыруу үчүн жаңы технологияларды киргизүү менен байытып, инсандык өнүгүүнүн интеллектуалдык, адеп-ахлактык, чөйрөлөрүн өркүндөтүүнү карайт.

Методикалык тутумдун структуралык компоненттерин аныктоо, тутумдаштыруу жана негиздөө менен биз студенттердин болочок мугалим катары адеп-ахлактык сапаттарын калыптандыруу процессин түзүүдө "Дүйнөлүк адабият" сабагынын концепциясынын маанисин жана системалык сапатын байкадык.

"Дүйнөлүк адабият" сабыгынын концепциясы студенттердин теориялык жана практикалык иш-аракеттеринин биримдигин карайт. Бул өзгөчөлүк илимдин мазмунунун жана методдорунун биримдигин ачат (мисалы, адеп-ахлактык билимдердин тутумун калыптандыруу таанып-билүүнүн эксперименталдык методдорун колдонууну талап кылат). "Дүйнөлүк адабият" сабагынын концепциясы мугалимдерди сабактын практикалык жана интерактивдүү методдорун, студенттердин өз алдынча иш-аракеттерин колдонууга багыттайт.

"Дүйнөлүк адабият" сабыгынын мисалында колледжде окуган студенттердин болочок мугалим катары адеп- ахлактык калыптандыруунун методикасынын төмөнкү өзгөчөлүктөрүн бөлүп кароого болот:

- негизги илимий тутумга басым жасоо;
- билим берүү процессин интерактивдүү байланыш режиминде өткөрүү;
- билим берүү жана таанып билүү иш-чараларын уюштуруунун топтук жана жекече ыкмаларын уюштуруу;
- билимди когнитивдик визуалдаштыруу (маалыматтарды чогултуу, гипотезаларды сунуштоо, ой жүгүртүү, моделдөө);
- студентердин өзүн-өзү өркүндөтүүгө, өзүн-өзү билүүгө, келечектеги кесиптик ишмердүүлүгүнө байланыштуу адеп-ахлактык жактан өзүн-өзү өркүндөтүүгө умтулуусунун калыптандыруучу материалдарды колдонууга багыт алуу;

● болочок мугалим катары өз кесиби тууралуу таанып-билүү кызыкчылыгы толук калыптандырууга жана болочок кесиптик ишмердүлүгүн сапаттуу алып барууга таасир эте турган адеп-ахлактык түшүнүктөрдүн мазмунун (жоопкерчилик, социалдык активдүүлук, патриоттулук, жакшы ниет жана моралдык жардамга даяр болуу ж.б.) теориялык, практикалык жактан өздөштүрүүгө багыт алуу;

"Дүйнөлүк адабият" сабыгынын концепциясынын негизинде курулган студенттердин адеп-ахлактык жактан калыптандыруунун методикалык тутумунун сунушталган модели, пландаштырылган окуу максаттарына жетүүгө, орто кесиптик колледжде окуган студенттердин болочок мугалим катары адеп-ахлактык сапаттарын болжолдуу мазмунун ишке ашырууга жөндөмдүү. Муну эксперименталдык тастыктоо үчүнчү бөлүмдө келтирилген.

# III БӨЛҮМ. БОЛОЧОК МУГАЛИМДИН АДЕП-АХЛАКТЫК САПАТТАРЫН КАЛЫПТАНДЫРУУНУН ТАЖРЫЙБАЛЫК-ЭКСПЕРИМЕНТАЛДЫК ИШИ

## 3.1. Педагогикалык экспериментти уюштуруунун методикасы

Кыргыз Республикасындагы белгилүү педагог-окумуштуулар И.Б. Бекбоев [37] жана Э.М. Мамбетакунов [102] белгилегендей, педагогикалык эксперимент – бул окутуу жана тарбиялоо процессин өркүндөтүүгө багытталган илимий негиздеги тажрыйба. Изилдөөнүн максатына жана аны ишке ашырууга байланыштуу илимий гипотезага ылайык, окуу-тарбия ишмердүүлүгүнө тиешелүү өзгөртүүлөр киргизилип, алардын аткарылышы көзөмөлдөнөт жана алынган жыйынтыктар терең илимий талдоого алынат.

Педагогикалык экспериментти уюштуруу жана өткөрүү алдында илимий изилдөөнүн максаты менен милдеттери так аныкталып, аларга ылайык эксперименттик иш-чараларды жүргүзүүнүн мазмуну, багыты жана этаптары тактап белгиленди. Эксперименттин илимий жана практикалык

негиздүүлүгүн камсыз кылуу максатында, аны уюштуруу методикасы иштелип чыгып, анын алкагында колдонулуучу усулдар, объектилер, катышуучулар жана маалыматтарды чогултуу, талдоо механизмдери системалаштырылды. Бул ыкмалар эксперименттин жогорку деңгээлде уюштурулушуна, алынган жыйынтыктардын ишенимдүүлүгү менен далилдүүлүгүнө өбөлгө түздү.

Эксперименттин негизги максаты – азыркы билим берүү аймагын гумандаштыруу, демократиялаштыруу, санариптештирүү идеяларынын негизинде колледжде окуган студенттердин адеп-ахлактык сапаттарын “Дүйнөлүк адабият” сабыгынын мисалында калыптандыруу, анын натыйжалуулугун баалоо, ошондой эле тиешелүү сунуштарды берүү болуп саналат.

**Педагогикалык эксперименттин максатына ылайык төмөнкү милдеттер белгиленди:**

– болочок мугалимдин адеп-ахлактык сапаттарын калыптанышынын диагностикалоо методикасын иштеп чыгуу;

– болочок мугалимдин адеп-ахлактык сапаттарын калыптандыруу процессинде алардын келечектеги мугалимдик кесиби жактан сапаттуу даярдоосуна тийгизген таасирин чектоо менен бирге көрсөткүчтөрүн аныктоо;

– эксперименттик тайпаларга атайын иштелип чыккан программалардын негизинде окуу процессин уюштуруу;

– эксперименттик тайпаларда студенттердин «Дүйнөлүк адабият» сабагынын мисалында адеп-ахлактык сапаттарын калыптандыруунун натыйжалуулугун баалоо;

– сунушталган педагогикалык шарттардын эффективдүүлүгүн текшерүү, эксперименттин жыйынтыгын чыгаруу жана тиешелүү сунуштарды иштеп чыгуу.

Кесиптик колледжде болочок мугалимдердин адеп-ахлактык сапаттарын калыптандыруу, өзгөчө «Дүйнөлүк адабият» сабагынын мисалында,

төмөнкүдөй бири-бири менен байланышкан тематикаларды өздөштүрүүнү талап кылат: адамгерчилик баалуулуктарды жана этикалык принциптерди таанып билүү, педагогикалык адеп-ахлактык мыйзамдарды жана жогорку кесиптик жоопкерчиликти түшүнүү, дүйнөлүк адабияттагы адамдын ички дүйнөсү жана коомдогу орду туралуу терең талдоо жүргүзүү. Бул процесстер студенттердин руханий жана моралдык өнүгүүсүнө, ошондой эле мугалимдердин кесиптик деңгээлин жогорулатууга негиз салат. «Дүйнөлүк адабият» сабагынын мисалында окутуу аркылуу болочок мугалимдерге этикалык дилеммалар жана алардын чечилиши боюнча ойлонууларды сунуштап, адеп-ахлактык баалуулуктарды калыптандыруу чөйрөсүндө терең билим жана көндүмдөрдү өнүктүрүүгө өбөлгө түзүлөт. Кесиптик колледжде болочок мугалимдердин адеп-ахлактык сапаттарын «Дүйнөлүк адабият» сабагынын мисалында калыптандырууда Эксперименталдык программанын негизинде атайын окуу курс “Заманбап мугалим жана анын адеп аклактык дүйнөсү” (8-лекциялар,12 - практикалыш иш) сунушталды, ал курста биз төмөнкүдөй тематикаларды өздөштүрүү керектигин белгиледик:

1. **Адеп-ахлактык сапаттар жана дүйнөлүк адабият**: Дүйнөлүк адабият аркылуу адамдын ички дүйнөсүн, адамдык түзүлүшүн жана коомдогу ордун түшүнүү. Адабий чыгармалардын үлгүлөрүнүн негизинде гумандуулук, адилеттүүлүк, патриоттулук, жоопкерчилик сыяктуу адеп- ахлактык сапаттарынын маанисин ачып, студенттерге адеп -ахлактык жактан кыймылдарды анализдөөгө жардам берет.

2. **Адеп-ахлактык принциптер**: Мугалимдин кесиптик жана моралдык ролу, студенттер менен иштөөдө адептик жактан туура мамиле көрсөтүү, жогорку деңгээлдеги жоопкерчилик жана өз алдынчалык принциптерин түшүнүү. Дүйнөлүк адабиятты окутуу мугалимдерге адеп-ахлактык баалуулуктарды балдарга туура жеткирүүнү камсыз кылат.

3. **Дүйнөлүк адабияттагы адамгерчилик темалары**: Адамзаттын жалпы адептик баалуулуктары жана алардын педагогикалык практикадагы

колдонулушу. Адабий чыгармалар аркылуу студенттерге багытталган сабактарды берүү, ошондой эле дүйнөлүк адабияттагы этикалык маселелерди талкуулоо.

4. **Заманбап мугалим жана анын этикалык лидерлиги**: Кесиптик өнүгүү менен бирге, студенттерге этикалык лидерлик сапаттарына туура маалыматтарды алуу жана кабыл алып, болочок кесипке жоопкерчилик менен мамиле жасоону түшүнүү, этикалык лидерлигине карата өз алдынча таасир алып, аларды да адамгерчиликке, адилеттүүлүккө жана гуманизмге тарбиялайт.

5. **Моралдык дилеммалар жана алардын чечилиши**: Дүйнөлүк адабиятта моралдык дилеммаларды көрсөтүү жана аларды анализдөө, мугалимдер үчүн этикалык чечимдерди кабыл алуу жөндөмдөрүн өнүктүрүү. Бул темага таянуу менен иш алып баруу болочок мугалимдерге тарбиялык таасирин күчөтөт жана алардын адептик чечим кабыл алуусун жакшыртат.

Бул темалар болочок мугалимдердин адеп-ахлактык сапаттарын калыптандыруунун негизги багыттарын түзөт, анткени алар аркылуу студенттердин гумандуулук, париоттуулук, жоопкерчилик, өз элинин жана башка элдердин каада-салтын колдоо, моралдык жактан колдоого даярдык, ак ниеттулук, улууларды сыйлоо, адилеттүүлүк, чынчылдык, толеранттуулук, социалдык активдүүлүк, башка элдерге карата достук сезими аттуу сапаттарды калыптандырууга багыт алуу ж.б. сапатарын өнүктүрүүгө көмөктөшөт.

Мындай тематикалык багыттар аркылуу студенттердин жеке жана кесиптик өнүгүүсү биргеликте калыптанат, ал эми педагогикалык чөйрөдө аларга адеп-ахлактык нормаларга негизделген жетекчилик жана өзгөчө моралдык чечимдерди кабыл алуу жөндөмдүүлүгү өркүндөтүлөт. Бул өзүнчө педагогикалык процесс болуп, болочок мугалимдердин инсан катары жана адис катары толук кандуу калыптанышына өбөлгө түзөт.

Кесиптик колледжде болочок мугалимдердин адеп-аклактык сапаттарын калыптандыруу үчүн «Дүйнөлүк адабият» сабагынын мисалында, студенттердин билимин жана түшүнүгүн тереңдетүү боюнча атайын талаптар иштелип чыккан.

Эксперименттик изилдөөнү ийгиликтүү жүргүзүү үчүн алдын ала пландаштыруу иштери жүргүзүлүп, тиешелүү шарттар аныкталды.

Калыптандыруучу эсперименттин баштапкы этабында студенттер үчүн "адеп-ахлактык" темасынын маанисин толук түшүнүү жана аны программанын көрсөтмөлөрү боюнча өздөштүрүү зарыл деп эсептедик жана ушуга байланыштуу “Заманбап мугалим жана анын адеп - ахлактык дүйнөсү” аттуу окутуу курс (8 саат лекция жана 12 саат практикалык сабактар) сунушталды. **(Тиркеме 2)**

Аталган курста болочок мугалимдин адеп-ахлактык сапаттарын калыптандырууга багытталган лекциялар чектелген:

Тема 1. Дүйнөлүк адабият аркылуу мугалимдин адеп-ахлактык сапаттарын калыптандыруу проблемасы – 2саат;

Тема 2. Дүйнөлүк адабият заманбап мугалимдин адептүүлүгүн калыптандыруу булагы катары– 2саат;

Тема 3. Дүйнөлүк адабияттын заманбап мугалимдин адеп-ахлактык жактан багыттоодогу орду– 2саат;

Тема 4. Дүйнөлүк адабияттын мыкты үлгүлөрүнүн негизинде заманбап мугалимди тарбиялоо маселелери– 2саат.

Бул “Заманбап мугалим жана анын адеп-ахлактык дүйнөсү” аттуу окутуу курста студенттердин теориялык жактан алган билимдерин тажрыйбада колдонууга жана өздөрүнүн болочок кесибиндеги педагогикалык ишмердигинде адеп-ахлактык баалуулуктарга ээ болуу үчүн чыгармачылык иштөөгө багытталган практикалык сабактарда ар кандай көндүмдөр

сунушталды. Мындай көз караш менен, студенттердин адеп-ахлактык сапаттарын калыптандыруу боюнча системалуу билим берүү процесси камсыздалат.

Эксперименталдык изилдөөнү жүргүзүүдө биз орто кесиптик билим берүү бөлүмдөрүн жана студенттерди өз алдынча тандоону ишке ашырганбыз. Иштелип чыккан методиканын эффективдүүлүгүн аныктоо максатында ал студенттердин өз алдынча иштерин, темалык жана жыйынтыктоочу тесттерди, ошондой эле экспресс-сурамжылоолорду уюштуруп, алардын натыйжалуулугун баалоо үчүн ар тараптуу маалыматтарды топтоого жетишкенбиз. Бул изилдөө ыкмасы студенттердин адеп-ахлактык сапаттарын «Дүйнөлүк адабият» сабагынын мисалында калыптандыруу процесстеринин эффективдүүлүгүн тереңирээк жана көп тараптуу талдоого мүмкүнчүлүк берген.

“Заманбап мугалим жана анын адеп - ахлактык дүйнөсү” аттуу окутуу курстун эксперименттик жактан баалуулугу аныкталды, айтсак төмөнкү маселелер чечилди:

- студенттердин интеллектуалдык жана эмоционалдык сфераларын өнүктүрүү;
- студенттердин адеп- ахлактык жактан ой жүгүртүүсүн, көңүл буруусун, сабактардагы билимдерин, билгичтиктерин жана көндүмдөрүн калыптандыруу;
- студенттердин мотивациялык сферасын: билимге болгон муктаждыгын, таанып билүү ыкмаларын калыптандыруу;
- эрктик сапаттарын: максатка умтулуусун, өзүн өзү алып жүрүүсүн, өз күчүнө ишенгендигин калыптандыруу ж.б.

Бул багыттар студентердин жогоруда аталган адеп -ахлактык сапаттарын системалуу жана жыйынтыктуу түрдө өнүктүрүүгө мүмкүндүк берип, алардын жеке жана кесиптик жактан деңгээлин жогорулатууга шарттады.

Болочок мугалимдин адеп-ахлактык сапаттарын (“Дүйнөлүк адабият” сабыгынын мисалында ) калыптандыруу үчүн “**Адабиятты санариптештирип окутуу курсу”** аттуу кошумча окуу куралы иштелип чыгарылды жана педагогикалык шарт катары каралды.

Аталган куралдын максаты - колледжде педагогика багытында билим алган студенттердин адеп -ахлактык сапаттарын - компетенттүү мамиленин негизинде калыптандыруу болуп саналат; билим берүү аймагындагы гумандаштыруу, демократиялаштыруу, санариптештирүү идеяларын негиздерин эсепке алуу менен бирге гумандуулук, париоттуулук, жоопкерчилик, өз элинин жана башка элдердин каада-салтын колдоо, моралдык жактан колдоого даярдык, ак ниеттулук, улууларды сыйлоо, адилеттүүлүк, чынчылдык, толеранттуулук, социалдык активдүүлүк, башка элдерге карата достук сезими аттуу сапаттарды калыптандырууга багыт алуу ж.б.

Биз сунуштаган окутуу технологияларынын негизги өзгөчөлүгү — алар илимий ишке көздөгөн ар түрдүү дидактикалык максаттарды камтууга жөндөмдүү болушу. Бул жагынан алганда, “**Адабиятты санариптештирип окутуу курсу”** аттуу кошумча окуу куралы, электрондук окуу куралдары, интерактивдүү такталар жана компьютерлер таза демонстрациялык жана көрсөтмөлүү окуу куралынын ролун аткарып, студенттерге адеп - ахлактык жактан баалуу билимдерди кабыл алууга, үйрөнүүгө, кайталоого, бышыктоого мүмкүндүк түзө алды. Аталган курстун мазмунунда каралган санариптик инструменттер жана платформалар аркылуу окутууну интерактивдүү жана багыттуу түрдө жүргүзүүгө мүмкүнчүлүк берип, студенттердин адеп-ахлактык сапаттарын гана калыптанбастан алардын чыгармачылык жана критикалык ой жүгүртүү жөндөмүн арттырууга өбөлгө түзүлдү. **(Тиркеме 3)**

Андан тышкары болочок мугалимдин адеп-ахлактык сапаттарын “Дүйнөлүк адабият” сабыгынын мисалында калыптандыруу максатында атайын компьютер аркылуу иштей турган Компьютердик тесттердин

жыйнагы иштелди жана калыптандыруучу экспериментке шарт катары сунушталды. **(Тиркеме 4)?**

Болочок мугалимдер үчүн дүйнөлүк адабиятты окуп, түшүнүү жана ар түрдүү адабий чыгармаларды терең анализдөө жөндөмү өтө маанилүү ушууга байланыштуу биз Тапшырмалар Кейсти сунуштадык. **(Тиркеме 5) поменять**

Бир жагынан алганда, сунуштаган педагогикалык шарттар студенттин аң-сезимине тез таасир этип, адабий курс аркылуу калыптандырулуучу кесиптик маанидеги адеп-ахлактык сапаттардын деңгээлинин жогорулашына өбөлгө түзүлдү.

Иштелип чыккан эксперименттик программага ылайык, кесиптик колледжде болочок мугалимдердин адеп-ахлактык сапаттарын «Дүйнөлүк адабият» сабагынын мисалында калыптандыруу максатынын негизинде баштапкы изилдөөлөрдүн эксперименттик материалдарына жана алынган натыйжаларга талдоо жүргүзүлдү. Мындай талдоо кесиптик колледжде болочок мугалимдердин адеп-ахлактык сапаттарын калыптандыруунун оптималдуу жолдорун жана негизги көрсөткүчтөрүн аныктоого мүмкүндүк берди.

2021–2022-жылдары педагогика багытында билим алган студенттердин адеп-ахлактык сапаттарын «Дүйнөлүк адабият» сабагынын мисалында калыптандыруу деңгээлин аныктоо максатында диагностикалык изилдөө жүргүзүлдү. Бул изилдөөнүн алкагында студенттердин адеп-ахлактык баалуулуктарды кабыл алуу деңгээли, кесиптик жактан манилүү адеп-ахлактык сапаттарын түшүнүктөрүн өздөштүрүү өзгөчөлүктөрү жана аларды практикалык ишмердүүлүккө колдонуу жөндөмдүүлүгү баалоого алынган.

Студенттердин болочок мугалим катары адеп-ахлактык сапаттарын «Дүйнөлүк адабият» сабагынын мисалында калыптандыруу процессинин натыйжалуулугун камсыз кылуу максатында теоретикалык модели иштелип чыкты ( Биринчи баптын 1.3. ). Бул модель заманбап билим берүүнүн өнүгүү

тенденцияларын эске алуу менен түзүлүп, болочок мугалимдин адеп-ахлактык сапаттарынын түзүлүшүн, аны калыптандыруунун этаптарын жана механизмдерин аныктоого багытталган.

Ошондой эле, салттуу эмес интерактивдүү окутуу технологияларын колдонуу менен адеп-ахлактык баалуулуктарды өздөштүрүүнү оптималдаштыруунун методологиялык негиздери иштелип чыкты.

.Натыйжада, студенттердин адеп-ахлактык сапаттарын «Дүйнөлүк адабият» сабагынын мисалында калыптандырууга арналган иш-чаралардын программасы иштелип чыгып, анын мазмуну жана колдонуу мүмкүнчүлүктөрү талданды.

2022–2023-жылдары жүргүзүлгөн изилдөөнүн жыйынтыктары боюнча педагогика багытында билим алган студенттер, мектеп мугалимдери жана жогорку окуу жайлардын окутуучулары менен талкуулар өткөрүлүп, тегерек столдор, анкеталык сурамжылоолор, маектер жана башка илимий-педагогикалык иш-чаралар уюштурулду. Бул иш-чаралардын максаты – эксперименттин жүрүшүндө алынган натыйжаларды талдап чыгуу, изилдөөнүн актуалдуулугун жана практикалык маанисин аныктоо, ошондой эле практик-мугалимдердин жана окутуучулардын пикирлерин эске алуу менен методикалык сунуштарды өркүндөтүү болду.

Эксперименттик изилдөөнүн натыйжалуулугун баалоо максатында аныктоочу критерийлер иштелип чыгып, алардын негизинде диагностикалык иштер жүргүзүлдү. Алынган маалыматтардын негизинде педагогикалык процессти оптималдаштыруу үчүн тиешелүү оңдоолор жана түзөтүүлөр киргизилди. Ошондой эле, эксперименттин жыйынтыктары боюнча аналитикалык маалымат даярдалып, аны педагогикалык практикага киргизүүнүн методикалык негиздери иштелип чыкты. Эксперименталдык топторго сунушталган методикалык иштелмелер адеп-ахлактык

компетенттүүлүктү калыптандыруу процессинин натыйжалуулугун жогорулатууга багытталган.

2023–2024-жылдары педагогика багытында билим алган студенттердин адеп-акхлактык сапаттарын «Дүйнөлүк адабият» сабагынын мисалында калыптандыруу максатында иштелип чыккан моделдин негизги компоненттеринин (когнитивдүү, мазмундуулук, рефлексивдүү-ишмердүүлүк компоненттери) критерийлерин сыноодон өткөрүү жүргүзүлдү. Бул процесстин алкагында ар бир компоненттин натыйжалуулугу бааланып, студенттердин адеп-ахлактык сапаттарын «Дүйнөлүк адабият» сабагынын мисалында калыптандыруу деңгээлин аныктоо үчүн эксперименттик изилдөөлөр улантылды. Алынган маалыматтардын негизинде методикалык сунуштарды өркүндөтүү жана практикалык колдонууга ылайыкташтыруу боюнча түзөтүүлөр киргизилди.

Изилдөөнүн жыйынтыгында студенттердин болочок мугалим катары адеп-ахлактык сапаттарын «Дүйнөлүк адабият» сабагынын мисалында калыптандыруу боюнча методикалык сунуштар иштелип чыкты. Эксперименттин натыйжалары талданып, алардын негизинде диссертациялык ишти аяктоо боюнча илимий-методикалык иштер жүргүзүлдү.

Эксперименталдык программаны колдонуу учурунда биз дүйнөлүк адабият курсу боюнча көп жылдык тажрыйбалардын жыйынтыктарын ишке ашырдык. "Адеп-ахлактык сапаттарды калыптандыруу (дүйнөлүк адабият сабагынын мисалында)" эксперименталдык программасынын жыйынтыгы катары, окуу курсунун материалдарынын негизинде студенттердин болочок мугалим катары адеп-ахлактык сапаттарын калыптандыруусу ийгиликтүү калыптангандыгын жана практикалык маселелерди чечүүдө алардын машыгуусу тез арада бышыктап жатканын көрсөттү. Педагогикалык багытта иштелип чыккан окуу куралдары, силлабустар, компьютер аркылуу тестирлөө программалары, контролдук иштердин жыйнагы жана башка салттуу эмес окутуу технологияларын колдонуу — окутуунун бир кыйла эффективдүүлүгүн

камсыздап, окутуу процессинин кызыктуулугун жана көрсөтмөлүүлүгүн арттыра алды.

Ошондуктан, педагогикалык адистиктерде окутуу ыкмаларын электрондук окуу куралдары, интерактивдүү такталар жана компьютердик технологияларды колдонуу жогоруда аталган көйгөйлөрдү чечүүдө бир кыйла натыйжалуу болот деп ишенебиз. Тажрыйба көрсөткөндөй, «Дүйнөлүк адабият» сабагынын окутуу материалдары аркылуу кесиптик жактан маанилүү адеп-ахлактык сапаттарды калыптандыруу ар бир студенттин жөндөмүнө ылайык жүргүзүлүп, бирдиктүү байланышта болушу керек. Ошентип, биз адабий курс боюнча ар бир студенттин кесиптик жактан маанилүү адеп-ахлактык сапаттарын калыптандырууну эффективдүү окутуу процесси менен уюштурууда төмөнкү шарттар эске алынгандыгын белгилемекчибиз:

- Белгиленген максаттарга ылайык, салттуу эмес окутуу технологиялары аркылуу жаңы билимдерди алуу, кайталоо, бышыктоо жана өзүн-өзү текшерүү ишмердүүлүктөрү уюштурулушу керек.
- Адабий курсунун мазмуну педагогикалык багыттагы дисциплиналардын мазмуну менен дал келиши керек.
- Студенттердин адеп-ахлактык сапаттарын калыптандырууга гана багытталбастан, ошондой эле болочок кесипке байланыштуу компетенттүүлүктөрдү калыптандыруучу программа болушу керек.
- Сабактын башталышынан тартып, жыйынтыкка жеткенге чейин ар бир студенттердин адеп-ахлактык сапаттарын калыптандыруу үчүн өз алдынча иштөөсүнүн жана практикалык көнүгүүлөрүнүн мазмуну педагогикалык максаттарга шайкеш болушу керек.

Адабий курсунун материалдарына негизделген ар бир студенттин кесиптик жактан маанилүү адеп-ахлактык сапаттарын калыптандыруу үчүн

атайын окутуу программасы иштелип чыккан жана бул программа экинчи бөлүмдө сунушталган этаптар аркылуу колдонулган.

Болочок мугалимдин адеп-ахлактык сапаттарын “Дүйнөлүк адабият” сабыгынын мисалында калыптандырууда биз үч (3) компоненттердин негизинде **иш алып бардык;**

1. Когнитивдик компонент (адеп-ахлактык билимдерге, адеп-ахлактык ой жүгүртүүгө ээ болуу ж.б.);

2. Мазмундуулук компонент (адеп-ахлактык баалуулуктарды бириктирген компонент)

3. Рефлексивдик - ишмердүүлүк компонент (алган билиминин негизинде, адеп-ахлактык милдеттерди чечүү үчүн алынган билимдерди иш жүзүндө колдонуу) калыптандырууну максаттанганбыз.

Окуу программаларын талдоонун натыйжасында, экпериментал дык тайпаларга алардын адеп-ахлактык сапаттарын “Дүйнөлүк адабият” сабагынын мисалында калыптандыруу процесси төмөндөгүдөй болуусу кажет деп эсептедик.

*Төмөн деңгээли.* Студенттер өздөрүнүн болочок педагог катары кесибине кызыгуусу начар, кесиптик-маанилүү компетенцияларга ээ болуу деңгээли төмөн. Болочок мугалим катары өзүн-өзү таануу үчүн жана кесиптик ишмердүлүүгүнө таасир эте турган адеп-ахлактык түшүнүктөрдүн мазмунун ( жоопкерчилик, социалдык активдүүлүк, патриоттулук, жакшы ниет жана моралдык жардамга даяр болуу ж.б.) теориялык, практикалык жактан өздөштүрүүсү толук калыптанбаган, инсан катары өзүнө, курчап турган дүйнөгө карата адеп-ахлактык жактан баалуу мамилелерди калыптандырууга, аларды жетишүүгө өз алдынча багыттоосунун өнүгүшү төмөн. Адеп-ахлактык жактан маанилүү таанып билүү мүнөзүндөгү педагогикалык кырдаалдарды конструктивдүү жана чыгармачылык жолу менен чече билүү компетенцияларынын калыптанышы төмөн, мугалим катары өзүн-өзү

өркүндөтүүгө, өзүн-өзү билүүгө, келечектеги кесиптик ишмердүүлүгүнө байланыштуу адеп-ахлактык жактан өзүн-өзү өркүндөтүүгө умтулуусу калыптанышы төмөн.

*Орто деңгээли*. Студенттер өздөрүнүн болочок педагог катары кесибине кызыгуусу начар, кесиптик-маанилүү компетенцияларга ээ болуу деңгээли орто. Болочок мугалим катары өзүн-өзү таануу үчүн жана кесиптик ишмердүүлүгүнө таасир эте турган адеп-ахлактык түшүнүктөрдүн мазмунун ( жоопкерчилик, социалдык активдүүлук, патриоттулук, жакшы ниет жана моралдык жардамга даяр болуу ж.б.) теориялык, практикалык жактан өздөштүрүүсү толук эмес калыптанган, инсан катары өзүнө, курчап турган дүйнөгө карата адеп - ахлактык жактан баалуу мамилелерди калыптандырууга, аларды жетишүүгө өз алдынча багыттоосунун өнүгүшү орто. Адеп-ахлактык жактан маанилүү таанып билүү мүнөзүндөгү педагогикалык кырдаалдарды конструктивдүү жана чыгармачылык жолу менен чече билүү компетенцияларынын калыптанышы орто, мугалим катары өзүн-өзү өркүндөтүүгө, өзүн-өзү билүүгө, келечектеги кесиптик ишмердүүлүгүнө байланыштуу адеп-ахлактык жактан өзүн-өзү өркүндөтүүгө умтулуу калыптанышы орто.

*Жетиштүү деңгээли.* Билим берүү чөйрөсүн модернизациялоо гумандаштыруу, демократизациялоо, санариптештирүү жана башка позитивдуу тенденциялар жөнүндөгү билимге ээ болушу азыркы коомдун позитивдүү багыттарын түшүнө билип, адеп-ахлактык жактан маанилүү сапаттардын маңызын баамдай алуу жана өздөштүрүлгөн компетенцияларына ээ болуу деңгээли бийик, болочок мугалим катары кесиптик милдетин аткарууга тийиштүү деңгээлде салым кошо турган чынчылдык, калыстык, патриоттулук ж.б.у.с. адеп-ахлактык сапаттарды өнүктүрүлгөн деңгээли жетиштүү. Адеп-ахлактык жактан маанилүү таанып билүү мүнөзүндөгү педагогикалык кырдаалдарды конструктивдүү жана чыгармачылык жолу менен чече билүү компетенцияларынын калыптанышы жетиштүү, мугалим

катары өзүн-өзү өркүндөтүүгө, өзүн-өзү билүүгө, келечектеги кесиптик ишмердүүлүгүнө байланыштуу адеп-ахлактык жактан өзүн-өзү өркүндөтүүгө умтулуу калыптанышы жетиштүү.

### 3.2. Педагогикалык эксперименттин жыйынтыктарын талдоо

Калыптандыруучу эксперимент 2022-2024-окуу жылында жүргүзүлдү. Эксперименттин уюштурулчу максаты – Кесиптик колледждерде болочок мугалимдердин адеп-ахлактык сапаттарын калыптандыруу боюнча иштелип чыккан программаны дүйнөлүк адабият сабагынын мисалында апробациялап, анын алгылыктуу жактарын аныктоо болгон.

Эксперименттин жалпы окуу программасы үч жылдык эксперименттик программа.

**Эксперименталдык программанын максаты**: азыркы билим берүү аймагын гумандаштыруу, демократиялаштыруу, санариптештирүү идеяларынын негизинде колледжде окуган студенттердин адеп-ахлактык сапаттарын “Дүйнөлүк адабият” сабагынын мисалында калыптандыруу.

Эксперименталдык программанын максатында бир нече милдеттердин чечилиши каралган, алар:

- болочок мугалимдин адеп-ахлактык сапаттарынын калыптанышын диагностикалоо методикасын иштеп чыгуу;
- болочок мугалимдин адеп-ахлактык сапаттарын калыптандыруу процессинде алардын келечектеги мугалимдик кесиби жактан маанилилүүгүнө көңүл буруп аныктоо менен бирге таасирин чектоо;
- болочок мугалимдин адеп-ахлактык сапаттарынын калыптанышын моделде сунуштаган ар бир компонент боюнча диагностикалоо;
- студенттердин адеп-ахлактык маанидеги билимге өз алдынча жетишүүсүн жана өзү өзүнүн деңгээлин жогорулатуу шарттарын аныктап иштеп чыгуу;

- студенттердин, болочок мугалим катары, адеп-ахлактык сапаттарын “Дүйнөлүк адабият” сабыгынын мисалында калыптандыруу максатында салттуу окутуу практикасында салттуу эмес окутуу технологиялардын колдонушунун эффективдүүлүгүн текшерүү;
- болочок мугалимдин адеп-ахлактык сапаттарын “Дүйнөлүк адабият” сабыгынын мисалында калыптандыруу процессинин мазмунундагы өзгөчөлүктөрдү эсепке алып, болочок кесибинин таламдарына жана каалоолоруна ылайык улантуулары үчүн шарттарды түзүү.
- иштелип чыккан эксперименттик программаны тажрыйба жүзүндө текшерүү жана анын натыйжалуулугун баалоо.

Биздин педагогикалык эксперимент педагогика багытында билим алган студенттерге, болочок мугалим катары арналган жана эксперименттик программаны окутуу процессинде колдонуунун эффективдүүлүгүн аныктоого багытталган. Педагогикалык экспериментти уюштурууда төмөнкү милдеттер коюлду.

Белгиленген милдеттерге ылайык, калыптандыруучу эксперимент 2021–2024-жылдары жүргүзүлүп үч этаптан турду. Эксперименттин биринчи этабында изилдөөнүн теориялык негиздери иштелип чыгып, колледжде педагогика багытында билим алган студенттердин адеп-ахлактык сапаттарын калыптандырууга байланыштуу илимий жана методикалык булактар талданды. Экинчи этапта иштелип чыккан эксперименттик программа негизинде окуу процессин уюштуруу жана анын натыйжалуулугун аныктоо максатында максаттуу топтордо тажрыйба жүргүзүлдү. Үчүнчү этабында эксперименттин жыйынтыктары жалпыланып, алынган натыйжалар негизинде сунуштар иштелип чыкты.

Эксперименттин биринчи этабы (2021–2022 жж.) абалды аныктоочу эксперимент болуп эсептелди. Бул этапта, эң алгач, колледжде педагогика багытында окуган студенттердин адеп- ахлактык сапаттарын калыптандыруу максатында «Дүйнөлүк адабият» сабагын окутуунун абалы изилденди. Абалды талдоо үчүн дүйнөлүк адабият курсу боюнча жумушчу программалар,

окуу куралдары жана методикалык колдонмолор кеңири изилденди. Адеп-ахлактык сапаттарды калыптандырууда дүйнөлүк адабият курсун өздөштүрүү деңгээли талданып, бул процессте маектешүү, байкоо жүргүзүү, анкеталоо, көзөмөлдөөчү иштерди алуу жана тестирлөө методдору колдонулду.

Абалды аныктоочу эксперимент. Эксперименталдык иликтөөнүн бул этабы 2021-2022чи окуу жылы өткөрүлдү. Мында, кесиптик колледжде болочок мугалимдердин адеп-ахлактык сапаттарын «Дүйнөлүк адабият» сабагынын мисалында калыптандырууну камсыз кылуудагы жалпы абалды аныктоо максатында И. Арабаев атындагы мамлекеттик университетинин педагогикалык багыттагы колледжде, Эл аралык Кувейт университетинин ОКББ бөлүмүндөрүндө педагогика багытында окуган студенттерге, Кыргыз улуттук университетинин кесиптик колледжиндеги педагогика багытындагы студенттерге жүргүзүлдү. Абалды аныктоочу экспериментте бардыгы болуп 210 студент, 70 мугалим, 52 атайын адистер катышкан.

Кесиптик колледжде болочок мугалимдердин адеп-ахлактык сапаттарын «Дүйнөлүк адабият» сабагынын мисалында калыптандыруу, Республикабыздын мектептериндеги компьютердик, мультимедиалык каражаттар, жаңы маалыматтык технологиялар, методикалык жана программдык жактан колдоолордун абалын аныктоо максатында болочок мугалимдердин адеп-ахлактык жана ата-энелерден анкеталык сурамжылоо иштери өткөрүлдү.

Кесиптик колледжде болочок мугалимдердин адеп-ахлактык сапаттарын «Дүйнөлүк адабият» сабагынын мисалында калыптандырууда, педагогика сабагынан берген мугалимдерден жүргүзүлгөн анкеталык сурамжылоого төмөнкүлөрдөй суроолор берилип, жыйынтыктары талдоого алынды:

Кесиптик колледжде болочок мугалимдердин адеп-ахлактык сапаттарын «Дүйнөлүк адабият» сабагынын мисалында калыптандыруу орду боюнча педагогика багытындагы иштеген мугалимдерге берилген анкеталык сурамжылоонун суроолору:

1. **Студенттердин адеп-ахлактык сапаттарын калыптандырууда дүйнөлүк адабият сабагынын ролу жөнүндө эмне деп ойлойсуз?**

1. Өтө маанилүү 60%
2. Орточо маанилүү 10%
3. Жөн гана бир сабак катары 10%
4. Келечек мугалимдердин өнүгүшүндө маанисиз 20%

2. **Сиздин оюңузча, дүйнөлүк адабият сабагы болочок мугалимдердин адеп-ахлактык сапаттарын калыптандырууда кандай аспектилерди камтуусу керек?**

1. Этикалык дилеммалар жана маанилүү моралдык темалар 40%
2. Улуу адабий чыгармалардагы адамдык баалуулуктар 20%
3. Адабий чыгармачылыктын адам укуктары менен байланышы 30%
4. Башка (башка сунуштарды киргизүү) 10%

3. **Сиздин педагогикалык процессиңизде студенттердин адеп-ахлактык сапаттарын калыптандырууда кандай жакшыртууларды көрөсүз?**

1. Дүйнөлүк адабиятта адабий жана философиялык маселелерди талкуулоо 50%
2. Жеке инсандын дүйнө таанымын кеңейтүү 30%
3. Гуманисттик көз карашты жогорулатуу 15%
4. Адам укуктарын, демократиялык баалуулуктарды урматтоо 5%

4. **Адеп-ахлактык сапаттарды калыптандырууда кандай кыйынчылыктарга туш болосуз?**

1. Студенттердин кызыгуусунун аздыгы 40%
2. Сабакка арналган убакыттын чектелүүсү 20%
3. Теория менен практика ортосундагы байланыштын жоктугу 10%
4. Студенттердин дүйнө таанымына таасир этүү үчүн жетишсиз каражаттар 30%

5. **Сиздин оюңузча, педагогикалык процесс ичинде студенттердин адеп-ахлактык сапаттарын калыптандыруу үчүн кайсы ыкмалар ийгиликтүү болот?**

1. Интерактивдүү сабактар 60%
2. Топтук иш-аракеттер жана роль оюндары 10%
3. Адабий тексттерди жана мисалдарды колдонуу 20%
4. Ар кандай социалдык жана этикалык маселелерди талкуулоо 10%

6. **Сиздин оюңузча, болочок мугалимдердин адеп-ахлактык сапаттарын калыптандыруу үчүн кайсы дүйнөлүк адабият чыгармалары маанилүү деп эсептелет?**

1. Классикалык адабият чыгармалары 80%
2. Улуу жазуучулардын чыгармачылыгы 10%
3. Жаңы заман адабияты 5%
4. Башка (жеке сунуш) 5%

7. **Сиз мугалим катары студенттерге адеп-ахлактык сабактардын ролун кандай түшүндүрөсүз?**

1. Студенттердин инсандык өнүгүшүнө чоң таасир этет 60%
2. Болочок мугалимдердин коомдук жоопкерчилигин жогорулатат 20%
3. Тек гана академиялык билимин толуктоо 15%
4. Башка (башка сунуштар) 5%

Бул суроолор педагогикалык процесстин кандай жактарынын студенттердин адеп-ахлактык сапаттарын калыптандырууга багытталганын, ошондой эле дүйнөлүк адабият сабагынын келечектеги мугалимдердин инсандык жана кесиптик өнүгүшүндөгү ордун аныктоого жардам берет. 60% дан ашык кесиптик колледжде болочок мугалимдердин адеп-ахлактык сапаттарын «Дүйнөлүк адабият» сабагынын мисалында калыптандыруу педагогика сабагына бөлүнгөн сааттардын аз экенин белгилешсе, 23%ы адеп-ахлактык сабактарынын программасы туура эмес түзүлгөнүн билдиришкен, ал эми 10%ы программа туура экенин, бирок педагогика багытындагы мугалимдердин билимин жогорулатуу керек экенин билдиришкен.

Кесиптик колледжде окуган студенттердин адеп-ахлактык сапаттарын «Дүйнөлүк адабият» сабагынын мисалында калыптандыруу боюнча жүргүзүлгөн ата-энелерге сунушталган анкеталык суроолор:

1. **Дүйнөлүк адабият сабагы балдарыңыздын адеп-ахлактык сапаттарын калыптандырууда кандай роль ойнойт?**

A) Өтө чоң роль ойнойт

B) Орточо роль ойнойт

C) Кичине роль ойнойт

D) Роль ойнобойт

2. **Балдарыңыздын дүйнөлүк адабият сабагынан алган билимдери алардын адеп-ахлактык өнүгүшүнө кандай таасир этти?**

A) Анык жакшы таасир этти

B) Орточо таасир этти

C) Аз таасир этти

D) Таасир эткен жок

3. **Дүйнөлүк адабият сабагында балдарыңыз эмнени үйрөнүп жатат деп ойлойсуз?**

A) Моралдык баалуулуктарды жана адамгерчилик сапаттарын

B) Башка маданияттарды жана жалпы дүйнөлүк маанилүү түшүнүктөрдү

C) Өзүнүн ой-тилектерин ачык жана туура билдирүүнү

D) Баардык жообу туура

4. **Кесиптик колледжде адеп-ахлактык сабактарды калыптандыруу үчүн дүйнөлүк адабият сабагы кандайча жакшыртылышы керек деп ойлойсуз?**

1. Программага жаңы адабияттар жана алардын практикалык жактарын кошуу керек 40%

2. Окуучулар менен ыкчам талкуулар жана баяндама иштерин өткөрүү керек 10%

3. Сабактарда көбүрөөк жашоодон алынган мисалдар колдонулуш керек 20%

4. Окуучуларга топтук иштер жана чыгармачылык тапшырмаларды берүү керек 30%

5. **Дүйнөлүк адабият сабагы балдарыңыздын адеп-ахлактык маселелерге болгон көз караштарын канчалык деңгээлде өзгөрттү?**

1. Өтө чоң өзгөрүү болду 60%
2. Орточо өзгөрүү болду 15%
3. Аз өзгөрүү болду 5%
4. Өзгөрүү болгон жок 20%

6. **Сиздин оюңузча, дүйнөлүк адабият сабагы балдарыңыздын дүйнө көз карашын канчалык деңгээлде кеңейтти?**

1. Кенен кеңейтти 60%
2. Орточо кеңейтти 20%
3. Аз кеңейтти 10%
4. Кеңейтти дегенди сезген жокмун 10%

7. **Кесиптик колледжде адеп-ахлактык сабактарды жогорулатуу үчүн кандай сунуштарыңыз бар?**

1. Дүйнөлүк адабият сабагынын программасын кеңейтүү керек 60%
2. Көндүмдөрдү арттыруу үчүн сабактарга жаңы ыкмалар киргизүү керек 20%
3. Окуучуларды көбүрөөк практикалык иш менен тааныштыруу керек 10%
4. Сабактардын мазмунун кызыктыруучу кылып өзгөртүү керек 10%

8. **Балдарыңыздын дүйнөлүк адабият сабагы аркылуу алган билимдери күнүмдүк жашоосунда кандай пайдалуу болуп жатат?**

1. Көбүрөөк адамдык баалуулуктарды жана сабырдуулукту үйрөндү 30%

2. Окуу процессинде өзүнүн оюн билдирүүдө ыңгайлуу боло баштады 20%

3. Башкалар менен иштешүүнү жана талкуу жасоону жакшы үйрөндү 20%

4. Жашоодо табигый жол менен адеп-ахлактык көйгөйлөрдү чечүүдө жардам берет 30%

Бул анкеталык суроолор ата-энелердин балдарынын дүйнөлүк адабият сабагынын адеп-ахлактык сапаттарын калыптандыруудагы ролун жана таасирин баалоо үчүн колдонулду.

Кесиптик колледжде болочок мугалимдердин адеп-ахлактык сапаттарын калыптандыруу дүйнөлүк адабият сабагынын мисалында студенттерге берилген анкеталык суроолор:

1. **Дүйнөлүк адабият сабагы сиздин адеп-ахлактык сапаттарыңызды калыптандырууга кандай таасир этти?**

1. Өтө чоң таасир этти 60%
2. Орточо таасир этти 30%
3. Аз таасир этти 10%
4. Таасир эткен жок10%

2. **Дүйнөлүк адабият сабагынын адеп-ахлактык сапаттарыңызга кошкон салымы кандай?**

1. Адамгерчилик, сабырдуулук жана моралдык баалуулуктарды үйрөттү 60%
2. Чоң коомдук көйгөйлөрдү чечүүдө көмөктөштү 20%
3. Адамдын жекече көз карашын бекемдөөгө таасир этти 15%
4. Бир да салым кошулган жок 5%

3. **Дүйнөлүк адабият сабагынын программасы сиздин жеке адеп-ахлактык өнүгүшүңүзгө кандай жардам берди?**

1. Актуалдуу көйгөйлөрдү чечүүдө жардам берди 55%
2. Баалуулуктарды жана этиканы түшүнүүгө жардам берди 25%
3. Жеке келечектеги ишимде жардам берди 15%
4. Жок, программадан эч кандай жардам алган жокмун 5%

4. **Дүйнөлүк адабият сабагында өзгөчө кайсы адабий чыгармалар сиздин адеп-ахлактык өнүгүшүңүзгө чоң таасир калтырды?**

1. Моралдык баалуулуктарды жана адеп-ахлактык дилеммаларды камтыган чыгармалар 80%

2. Адамдын дүйнөгө көз карашын кеңейтүүчү чыгармалар 10%

3. Көбүнчө коомдогу теңсиздик жана катачылыктарды көтөргөн чыгармалар 5%

4. Баары бир, эч кандай таасир калтырган жок 5%

5. **Сиздин оюңузча, дүйнөлүк адабият сабагынын мазмуну болочок мугалимдин адеп-ахлактык сапаттарын калыптандырууда канчалык деңгээлде маанилүү?**

1. Өтө маанилүү 40%

2. Орточо маанилүү 35%

3. Аз маанилүү 15%

4. Маанилүү эмес 10%

6. **Дүйнөлүк адабият сабагы сизге кандай өнүгүү алып келди?**

1. Өзүмдү жакшыраак түшүнүү жана башка адамдар менен иштешүү 40%

2. Адамдардын турмушун жана дүйнөдө болуп жаткан иштерди түшүнүү 40%

3. Дүйнөдө жашоо тууралуу жаңы идеялар менен таанышууну15%

4. Адамдын ички дүйнөсүн түшүнүүгө жардам берди 5%

7. **Дүйнөлүк адабият сабагынын адеп-ахлактык сапаттарды калыптандыруу үчүн кийинки сабактарда кандай өзгөртүүлөрдү киргизүүнү сунуштайсыз?**

1. Бардык адабий чыгармалардын маанисин кенен талкуулоо 50%

2. Окуучулардын жеке баалуулуктарын аныктоо жана ачык талкуу жүргүзүү 15%

3. Адабий чыгармаларды азыркы коомдук маселелер менен байланыштырууну 10%

4. Сабактарды чыгармачылык жана интерактивдүү методдор менен өткөрүү 25%

8. **Дүйнөлүк адабият сабагынан алган билимдериңиздин күнүмдүк жашооңузда кандай пайдалуулуктары болду?**

1. Моралдык жана этикалык маселелерди чечүүдө жардам берди 40%
2. Окуучулар менен жана коом менен иштөөдө жеңилдик жаратты 40%
3. Өзүмдү башкарууну жана өзүмө ишенимдүү болууну үйрөндүм 15%
4. Баардык жаатта жардам берген жок 5%

Бул анкеталык суроолор студенттердин адеп-ахлактык сапаттарын «Дүйнөлүк адабият» сабагынын мисалында калыптандырууга таасирин жана анын күнүмдүк жашоосуна кандай колдоно алганын баалоо үчүн берилди.

Анкетага берилген суроолордун ичинен бир гана суроого жооп алуу аркылуу кесиптик колледждерде болочок мугалимдердин адеп-ахлактык сапаттарын калыптандыруу деңгээлин аныктоо мүмкүн эмес. Студенттин адеп-ахлактык сапаттарын жана мотивациялык абалын, кызыгуусун толук баалоо үчүн анкетага берилген бардык суроолорго жооп берүү зарыл. Алынган жоопторду талдап, салыштыруудан кийин гана жыйынтыктар чыгарууга болот. Эгерде студент анкетадагы бир нече суроого жооп бербей койсо, анда анын адеп-ахлактык сапаттарын жана мотивациясын толук баалоо мүмкүн эмес. Ошондуктан анкетага толук жооп берүү студенттин деңгээлин аныктоо үчүн маанилүү болуп саналат

Абалды аныктоочу эксперименттин жүрүшүндө жүргүзүлгөн анкеталык сурамжылоолор, илимпоздор менен болгон аңгемелешүүлөр, ошондой эле билим берүү министрлиги, областык жана райондук билим берүү мекемелеринен, мектептерден алынган маалыматтарды анализдөө негизинде Кыргызстандын кесиптик колледждеринде болочок мугалимдердин адеп-ахлактык сапаттарын калыптандыруу үчүн жаңы маалыматтык каражаттар, интернет ресурстары жана башка технологиялар менен камсыздоо жетиштүү деңгээлде ишке ашпай жаткандыгы аныкталды.

Эксперименттин бул этабында «Дүйнөлүк адабият» сабагынын мисалында окуу материалдарынын мазмуну педагогикалык багытта берилбегени аныкталды. Бул курсту окутууда педагогика багытында билим алган студенттердин өзгөчөлүктөрү, алардын келечектеги адистиги жана мугалимдик кесиби эске алынбай жатканы белгилүү болду. Көпчүлүк учурларда «Дүйнөлүк адабият» сабагы студенттердин келечектеги кесибинин мазмуну жана өзгөчөлүктөрү эске алынбастан окутулуп, алардын адеп-ахлактык сапаттары калыптанбай, практикалык мүнөздөгү иштерине жетиштүү көңүл бурулбай жатканы байкалды. Ошондой эле, студенттердин өз алдынча аткарган иштери системасыз жүргүзүлүп, аларды аткарууда педагогикалык талаптар эске алынбай жатканы аныкталды. Айрым студенттердин дүйнөлүк адабият боюнча билимдин төмөнкү деңгээлинин негизги себептеринин бири – алардын мектепте китеп окуу ордосуна көңүл бурбастан, маалыматтык технологияларга ашыкча убакыт бөлүп, адабиятты каармандары менен биргеликте талдап окубай калгандыгында.

Бул маселени айрым изилдөөчүлөр дагы өз эксперименталдык изилдөөлөрүндө белгилеп кеткен [101]

Студенттердин болочок мугалим катары адеп-ахлактык сапаттарын «Дүйнөлүк адабият» сабагынын мисалында калыптандыруу максатында интерактивдүү жана компьютердик технологияларды колдонуу жаатындагы педагогикалык-психологиялык, методикалык жана адеп-ахлактык адабияттарга теориялык талдоо жүргүзүлдү. Бул талдоо студенттердин адеп-ахлактык сапаттарын жогорулатуу үчүн заманбап окутуу методдорунун ролун жана маанисин аныктоого мүмкүндүк берди. Ошондой эле, окуу процессин уюштурууда биздин республикабыздын, шериктеш жана чет өлкөлөрдүн орто кесиптик окуу жайларындагы тажрыйбалары терең изилденип, ал маалыматтар окуу процесстерин оптималдаштырууга жана студенттердин адеп-ахлактык сапаттарын калыптандыруу үчүн керектүү жаңычылдыктарды киргизүүгө көмөк көрсөттү.

Аныктоочу эксперименттин жыйынтыгы боюнча студентердин моралдык - адеп - ахлактык сапаттары алардын калыптануу деңгээлине жараша төмөнкүдөй түрдө болду: төмөнкү деңгээл - 42,85%, орто деңгээл- 51,02%, жетиштүү деңгээл- 6,12%. Ошентип, аныктоочу экспериментке катышкан студенттердин 6% дан бир аз ашыгы гана жогорку деңгээлде экендиги билинди, ал эми орто жана төмөнкү деңгээлдеги студенттер тиешелүүлүгүнө жараша 40,9% жана 53,2% топтошту. Көрүнүп тургандай, колледжде окуган студенттер адеп-ахлактык билимге, адеп-ахлактык ой жүгүртүүгө ээ болушу керек. Бул факт адеп-ахлакты изилдөөнүн маанилүүлүгүн терең түшүнүүгө жардам берет. Бирок, респонденттердин 11% дан азы адеп-ахлактык билимге ээ болуу зарыл деп эсептешет экен, ал эми кээ бирөөлөрү моралдык билимге маани беришпейт. Болочок мугалимдин келечектеги кесиптик ишмердүүлүгүндө өзүн-өзү өркүндөтүүгө, өзүн-өзү билүүгө, адеп-ахлактык жактан өркүндөтүүгө умтулуусу байкалбайт. Ак ниеттүүлүк, жоопкерчилик, адилеттүүлүк ж.б.у.с. түшүнүктөргө карата өзүнүн когнитивдик моралдык мүдөөсүн активдештирүүгө умтулбайт экен.

Эксперименталдык изилдөөлөрдүн биринчи этабы боюнча төмөнкүдөй жыйынтыкка келдик:

1. Педагогика багытында билим алган студенттердин болочок мугалим катары, адеп-ахлактык сапаттарын "Дүйнөлүк адабият" сабыгынын мисалында калыптандыруунун деңгээли начар. Анын негизги себептери курстун дедуктивдүүлүгү, айрым учурларда адеп-ахлактык түшүнүктөрдүн концептуалдык негизде чечмеленбеши, болочок кесиптин адеп-ахлактык багытталышынын практикалык маанисинин ачылбай окутулушу жана педагогика багытында билим алган студенттердин өзгөчөлүктөрү эске алынбагандыгы болуп эсептелет.

2. Педагогика багытында билим алган студенттердин, болочок мугалим катары, адеп-ахлактык сапаттарын "Дүйнөлүк адабият" сабыгынын мисалында калыптандыруунун эффективдүүлүгүн арттыруу үчүн жаңы ыкмаларды иштеп чыгуу зарыл жана заманбап интерактивдүү

технологияларды болочок мугалимдерди окутууда максаттуу түрдө колдонуу керек.

Бул жагдай бизге педагогика багытында билим алган студенттердин, болочок мугалим катары, адеп-ахлактык сапаттарын “Дүйнөлүк адабият” сабыгынын мисалында калыптандыруу максатын көздөгөн эксперименталдык программаны иштеп чыгуубузга түрткү берди.

Экинчи этапта – калыптандыруучу эксперимент 2022-2023 - окуу жылында жүргүзүлдү. Изденүүчү эксперимент педагогика багытында окуган студенттердин адеп-ахлактык сапаттарын “Дүйнөлүк адабият” сабыгынын мисалында калыптандыруу процессинин мазмунундагы өзгөчөлүктөрдү эсепке алып, педагогикалык шарттардын мүмкүнчүлүктөрүн аныктоо аракетин көздөлгөн. Ага ылайык, эксперименталдык изилдөөнүн бул этабында. Болочок мугалимдин адеп-ахлактык сапаттарын (Дүйнөлүк адабият” сабыгынын мисалында ) калыптандыруу үчүн “**Адабиятты санариптештирин окутуу курсу”** аттуу кошумча окуу куралы иштелип чыгарылды. (Тиркеме №3)

Колледждин шартында педагогика багытында окуган студенттердин адеп аклактык жактан маанилуу жана болочок кесибинин сапаттуу даярдоосун камсыз кылган жана алардын өзүн-өзү окутуу, көзөмөлдөө, баалоо жана тарбияланышын ойготууга багытталган “Чыгармачыл тапшырмалардын Кейси” иштеп чыгарылышы биздин кезектеги **педагогикалык шартыбыз болот.** Аталган кейс студенттердин болочок кесибинин сапатуу даярдыгына байланышкан адеп-ахлактык маанидеги практикалык компетенцияларын калыптандырууга багытталган **(Тиркеме №4)**

Андан тышкары болочок мугалимдин адеп-ахлактык сапаттарын «Дүйнөлүк адабият» сабыгынын мисалында калыптандыруу максатында атайын компьютер аркылуу иштей турган тесттердин жыйнагы иштелди ал биздин **үчүнчү педагогикалык шартыбыз болот. (Тиркеме №5)**

Аныкталган педагогикалык шарттардын негизинде калыптандыруучу эксперименталдык программаны иштеп чыгуу чечими кабыл алынды.

Калыптандыруучу эксперименталдык программанын мазмунун болочок мугалимдердин адеп-ахлактык сапаттарын калыптандыруу үчүн керек болгон методикалык жана психологиялык аспекттер камтылды, ошондой эле окуу процессине тийиштүү заманбап педагогикалык технологияларды колдонуу маанилүү экендиги белгиленди. Эксперименталдык программалар аркылуу студенттерге ушул бөлүмдөр боюнча терең билим берүү, ошондой эле алардын билимдерин практикада колдонуу боюнча компетенттүүлүктөрүн жогорулатуу көздөлдү.

Аталган эксперименталдык программаны колдонуу менен изденүүчү эксперимент Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин, И. Арабаев атындагы мамлекеттик университетинин, Эл аралык Кувейт университетинин колледждеринде педагогика багытында окуган студенттерге жүргүзүлдү.

| **ЖОЖ аталышы** | **2021/22** | **2022/23** | **2023/24** | |
|---|---|---|---|---|
| | **1-курс** | **2-курс** | **3-курс** | |
| Кыргыз улуттук университетинин колледжи | 17 | 29 | 34 | |
| Арабаев атындагы мамлекеттик университетинин колледжи | 21 | 26 | 30 | |
| Эл аралык Кувейт университетинин колледжи | 14 | 29 | 31 | |
| Жалпы: | **52** | **84** | **95** | |

**Студенттердин окуу материалын өздөштүрүү коэффициенти:**

Жүргүзүлгөн эксперименттин эффективдүүлүгүн баалоо үчүн биз А.В. Усова жана Э.М. Мамбетакунов сунуштаган статистикалык критерийди колдондук:

$$K = \frac{1}{nN}\sum i \cdot n_i,$$

мында К – өздөштүрүү коэфициенти, $n$ – деңгээлдердин саны (үч деңгээл, б.а. $n$=3), N – жалпы студенттердин, $n_i$ – i-чи (i=1÷3) деңгээлге ээ болгон студенттердин саны.

1-курста өтүлгөн сабактардын эффективдүүлүгүн аныкташ үчүн биз экспериментке чейинки жана эксперименттен кийинки жыйынтыктарды алып, өздөштүрүү коэффициенттерин эсептеп чыктык.

**3.4 - таблица. 2021/22 окуу жылындагы баштапкы этабындагы натыйжалары**

| Убактысы | Студенттердин саны | Студенттердин деңгээли | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | төмөн | | орто | | жогору | |
| | | сан | % | сан | % | сан | % |
| Эксп чейин | **52** | 32 | 61,2 | 18 | 30,6 | 2 | 8,2 |
| Эксп кийин | **52** | 22 | 42,4 | 23 | 44,7 | 7 | 12,.9 |

$$К_{Экспчейин} = \frac{1 \cdot 32 + 2 \cdot 17 + 3 \cdot 3}{3 \cdot 52} = 0{,}49$$

$$К_{Экспкийин} = \frac{1 \cdot 22 + 2 \cdot 23 + 3 \cdot 7}{3 \cdot 52} = 0{,}57$$




*3.1-сүрөт. 2021/22 окуу жылындагы 1-курстун студенттеринин натыйжалары.*

Таблица жана гистограммадагы маалыматтарга ылайык, Кесиптик колледжде 1-курстун студенттеринин билим деңгээли алдын ала текшерүүнүн жыйынтыктары менен салыштырганда жогорулагандыгы байкалат.

2022-2023 окуу жылында ушул эле студенттерге сабак улантылды. Кесиптик колледжде болочок мугалимдердин адеп-ахлактык сапаттарын калыптандыруу боюнча изилдөөгө катышууга кызыккан студенттер уруксат алышты. Экинчи курста окутула турган программага ылайык, студенттердин алдын ала даярдыгын жана таяныч билимдерин аныктоо максатында алар менен маектешүү жана адеп-ахлактык сапаттарын калыптандыруу боюнча сурамжылоо жүргүзүлдү. Андан кийин сабактар белгиленген программа боюнча окутулду. Ошондой эле, 2-курстун студенттери менен иштөө принциптери үйрөнүлүп, дүйнөлүк адабият сабагынын мисалында иш жүзүндө талданды.

Сабактар аяктагандан кийин студенттер менен аңгемелешүү жүргүзүлүп, аларга практикалык тапшырмалар берилди. Жыйынтыгы төмөнкү таблицада

берилген.

**3.5 - таблица. 2022/23 окуу жылындагы  алынган натыйжалары**

| Убактысы | Студенттердин саны | Студенттердин деңгээли | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | төмөн | | орто | | жогору | |
| | | сан | % | сан | % | сан | % |
| Эксп чейин | **84** | 40 | 48,2 | 34 | 40,1 | 10 | 11,7 |
| Эксп кийин | **84** | 30 | 35,8 | 39 | 46,0 | 15 | 18,2 |




*3.2-сүрөт. 2022/23 окуу жылындагы 2-курсунун студенттеринин  натыйжалары.*

2023/24-окуу жылында бул студенттер окуусун улантып, программа боюнча сабактар өткөрүлдү. Кесиптик колледжде болочок мугалимдердин адеп-ахлактык сапаттарын калыптандыруу дүйнөлүк адабият сабагынын мисалында жүргүзүлдү. Ушул окуу жылында да окуучулардын экспериментке чейинки жана эксперименттен кийинки көрсөткүчтөрү төмөнкү таблицада берилген.

**3.6 - таблица. 2023/24 окуу жылындагы  алынган натыйжалары**

| Убактысы | Студен ттердин саны | студенттердин деңгээли | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | төмөн | | орто | | жогору | |
| | | сан | % | сан | % | сан | % |
| Эксп чейин | **95** | 39 | 41,2 | 38 | 40,0 | 18 | 18,9 |
| Эксп кийин | **95** | 27 | 28,2 | 45 | 47,1 | 23 | 24,7 |

Таблицанын негизинде түзүлгөн диаграмма:




*3.3-сүрөт. 2023/24 окуу жылындагы 3-курстун студенттеринин натыйжалары.*

Таблицалар жана диаграммалар көрсөткөндөй, ар жылда алынган натыйжаларга карата студенттердин билим өздөштүрүүсүндө өсүш байкалган. Бул көрсөткүчтөр кесиптик колледжде болочок мугалимдердин адеп-ахлактык сапаттарын калыптандыруу процессинин натыйжалуулугун тастыктайт (дүйнөлүк адабият сабагынын мисалында). Ошентип, жүргүзүлгөн эксперименттин жыйынтыгында студенттердин адеп-ахлактык сапаттарын

өнүктүрүүгө багытталган методикалык ыкмалардын таасирдүү экенин белгилөөгө болот.

Бирок, ар бир окутуу процессинде билимдердин, көндүмдөрдүн жана билгичтиктердин калыптанышы менен өркүндөлүшү тынымсыз жүрүп турат. Бул изилдөө алкагында негизги суроо катары: эксперимент студенттердин кандай жетишкендиктерине өбөлгө түздү жана анын натыйжасында кандай жаңы билгичтиктер калыптанды? Бул суроого жооп катары, төмөнкү негизги өзгөрүүлөрдү белгилөөгө болот:

**1. Теориялык билимдердин тереңдеши**

Жүргүзүлгөн эксперименттин натыйжасында студенттердин адеп-ахлактык түшүнүктөрү боюнча теориялык билимдери тереңдеп, алардын педагогикалык көз караштары калыптанды. Айрыкча, дүйнөлүк адабият сабагынын алкагында талкууланган чыгармалардын негизинде адеп-ахлактык баалуулуктарды түшүнүү жана анализдөө көндүмдөрү жакшырды.

**2. Практикалык көндүмдөрдүн өнүгүшү**

Студенттер сабак учурунда адеп-ахлактык маселелерди чечүү боюнча практикалык көндүмдөргө ээ болушту. Алар окуу процессинде алган билимдерин окутуу ишмердүүлүгүндө колдонууга үйрөнүп, өз алдынча адеп-ахлактык темалар боюнча сабак өткөрүү жана талкуу уюштуруу мүмкүнчүлүгүнө ээ болушту.

**3. Критикалык ой жүгүртүү жана аналитикалык мамиле**

Изилдөө студенттерде критикалык ой жүгүртүү жана аналитикалык мамиленин калыптанышына өбөлгө түздү. Алар өз ойлорун жүйөлүү негиздөөгө, алынган маалыматтарды салыштырып, анализдөөгө жана адеп-ахлактык дилеммалар боюнча ар тараптуу чечим кабыл алууга көнүгүштү.

**4. Кесиптик жактан маанилүү адеп-ахлактык сапаттардын өркүндөлүшү**

Эксперимент студенттердин кесиптик жана социалдык компетенцияларын өнүктүрүүгө да чоң таасир этти. Алар педагогикалык ишмердүүлүктө этикалык нормаларды сактоо, студенттер жана кесиптештер менен

эффективдүү баарлашуу, адеп-ахлактык принциптерди практикага колдонуу боюнча тажрыйба топтошту. Рейтинг ыкмаларын талдап чыккандан кийин, эксперименталдык топтогу студенттер болочок кесибине керектелүүчү компетенцияларга ээ болушту, алар: адеп-ахлактык жактан таанып билүү мүнөзүндөгү педагогикалык кырдаалдарды конструктивдүү жана чыгармачылык менен чече билүү; абийирдүүлүк, адептүүлүк, адилеттүүлүк ж. б. у. сыяктуу түшүнүктөргө карата өзүнүн адеп-ахлактык журум турумун активдештирүү максатында рационалдуу колдоно билүү; адеп-ахлактык програмамаларын тандоо жана тузүү шарттарында моралдык жана этикалык принциптерди жетектей билүү; болочок кесибине ылайыктуу студенттердин адеп-ахлактык сапаттарын активдештирүү максатында адеп-ахлакты жактап маанилүү окуу материалынын мазмунун тандап жана чыгармачылык менен кайра иштете билүү, жалпылап айтсак, студенттердин адеп-ахлактык сапаттарынын калыптануусу жетишерлик дегенди калыптандыра алдык.

Жүргүзүлгөн эксперименттин эффективдүүлүгүн аныктоо үчүн биз А.В.Усова жана Э.М.Мамбетакунов сунушташкан статистикалык критерийди колдондук: $K = \frac{1}{nN}\sum \mathrm{i} \cdot n_i$ , мында К – өздөштүрүү коэфициенти, $n$ – деңгээлдердин саны (үч деңгээл, б.а. $n$=3), N – жалпы студенттердин саны, $n_{\mathrm{i}}$ – і-чи (і=1÷3) деңгээлге ээ болгон студенттердин саны.

Калыптандыруучу группага өтүлгөн сабактардын эффективдүүлүгүн аныкташ үчүн биз экспериментке чейинки жана эксперименттен кийинки жыйынтыктарды алып, өздөштүрүү коэффициенттерин эсептеп чыктык.

$$K_{Экспчейин} = \frac{1 \cdot 32 + 2 \cdot 18 + 3 \cdot 2}{3 \cdot 52} = 0{,}49$$

$$K_{Экспкийин} = \frac{1 \cdot 22 + 2 \cdot 23 + 3 \cdot 7}{3 \cdot 52} = 0{,}57$$

Эффективдүүлүк коэффициентин эсептөө үчүн биз экөөнүн катышын эсептейбиз:

$$K_{1кур\ Эф} = \frac{K_{Эксп\ кийин}}{K_{Эксп\ чейин}} = \frac{0{,}57}{0{,}49} \approx 1{,}16$$

Катыш бирден чоӊ болгондуктан, биздин изилдөөбүз эффективдүү натыйжа берди деп эсептөөгө болот.

Ушундай эле жол менен 2-3 тайпанын жыйынтыктары боюнча өздөштүрүү коэффициенттерин эсептедик.

2- тайпа боюнча:

$$K_{Экспчейин} = \frac{1 \cdot 40 + 2 \cdot 34 + 3 \cdot 10}{3 \cdot 84} = 0{,}55$$

$$K_{Экспкийин} = \frac{1 \cdot 30 + 2 \cdot 39 + 3 \cdot 15}{3 \cdot 84} = 0{,}61$$

Эффективдүүлүк коэффициенти:

$$K_{2кур\ Эф} = \frac{K_{Эксп\ кийин}}{K_{Эксп\ чейин}} = \frac{0{,}61}{0{,}55} \approx 1{,}11$$

3-тайпа боюнча:

$$K_{Экспчейин} = \frac{1 \cdot 39 + 2 \cdot 38 + 3 \cdot 18}{3 \cdot 95} = 0{,}59$$

$$K_{Экспкийин} = \frac{1 \cdot 27 + 2 \cdot 45 + 3 \cdot 23}{3 \cdot 95} = 0{,}66$$

Эффективдүүлүк коэффициенти:

$$K_{3кур\ Эф} = \frac{K_{Эксп\ кийин}}{K_{Эксп\ чейин}} = \frac{0{,}59}{0{,}66} \approx 1{,}12$$

Экспериментке катышкан тайпалардын жыйынтыктары дагы эффективдүү натыйжа бергенин статистикалык эсептөөлөр далилдеп турат.

Демек, биз иштеп чыккан методикалык система жана программа, кесиптик колледждеги студенттердин адеп-ахлактык сапаттарын “Дүйнөлүк адабият” сабыгынын мисалында калыптандырууга багытталган

эксперименталдык изилдөөнүн жыйынтыгы боюнча өзүнүн натыйжалуулугун көрсөттү. Өткөрүлгөн эксперименттин жыйынтыгы менен төмөнкүлөрдү белгилей кетүүгө болот:

1. Эксперименталдык изилдөөгө карата коюлган максат толугу менен аткарылды. Кесиптик колледжде окуучуларынын адеп-ахлактык баалуулуктарды калыптандырууга карата түзүлгөн программа өз натыйжалуулугун көрсөтө алды. Биз тараптан түзүлгөн методикалык системанын эффективдүүлүгү далилденди.

2. Эгерде кесиптик колледжде студенттердин адеп-ахлактык сапаттарын "Дүйнөлүк адабият" сабыгынын мисалында калыптандыруу максатында тиешелүү шарттар түзүлгөн болсо, б.а. окуу-тарбия процесси адеп-ахлактык нормаларга негизделип уюштурулса, окуу программалары жана усулдары ушул багытта иштелип чыкса, ошондой эле мугалимдердин жана студенттердин өз ара мамилеси гумандуулук, адилеттүүлүк жана жоопкерчилик принциптерине ылайык жүргүзүлсө, анда бул процесстин натыйжалуу ишке ашышына өбөлгө түзүлөт.

3. Кыргыз Республикасынын билим берүү системасында эгемендүүлүк алган жылдан бери  орто кесиптик окуу жайларда 1-курстан баштап "Дүйнөлүк адабият"  сабагы окутулат. Бул предметти өздөштүрүүдө уланмалуулукту камсыз кылуу үчүн бардык студенттер бирдей старттык деңгээлден баштоосу зарыл. Бул предметтин системалуу жана ырааттуу өздөштүрүлүшүн камсыздап, адабий процесстерди терең түшүнүүгө жана алардын адеп-ахлактык өнүгүүсүнө тийгизген таасирин аңдоого шарт түзөт. Кесиптик колледжде дүйнөлүк адабият сабагын 1-курстан баштап окутуу болочок мугалимдердин адеп-ахлактык сапаттарын калыптандырууга өбөлгө түзөт. Бул предметтин колледждин билим берүү процессине киргизилиши студенттердин ой жүгүртүү жөндөмүн өнүктүрүп, алардын гуманисттик идеалдарга жана адептик багыттарга ээ болушуна шарт түзөт. Натыйжада, студенттер болочок мугалим катары терең жогорку кесиптик билимдерге гана

ээ болбостон, алардын тереӊ адеп-ахлактык сапаттарынын калыптанышынын негизинде кесиптик жактан сапаттуу даярдалышына өбөлгөлөр түзүлөт.

Эксперименталдык изилдөөнүн жыйынтыгы менен кошо белгилеп кетчү нерсе, республикабыздагы кесиптик колледждерде болочок мугалимдердин адеп-ахлактык сапаттарын калыптандыруудагы көйгөйлөр орто билим берүү системасында дүйнөлүк адабият предметинин натыйжалуу окутулушуна терс таасирин тийгизет.

Жүргүзүлгөн эксперименттин натыйжалуулугун аныктоо үчүн биз А.В. Усова жана Э.М. Мамбетакунов сунуштаган статистикалык критерийди колдондук. Бул критерий студенттердин адеп-ахлактык компетенцияларындагы өзгөрүүлөрдү экспериментке чейинки жана эксперименттен кийинки жыйынтыктарды салыштыруу аркылуу объективдүү баалоого мүмкүндүк берет. Статистикалык талдоо жүргүзүү менен байкалган жакшыртуулардын маанилүүлүгү бааланып, эксперименттин жыйынтыктарынын ишенимдүүлүгү тастыкталды.

$K = \frac{1}{nN}\sum \mathrm{i} \cdot n_i$, мында К – өздөштүрүү коэфициенти, *n* – деӊгээлдердин саны (үч деӊгээл, б.а. $n$=3), N – жалпы студенттердин, $n_{\mathrm{i}}$ – i-чи (i=1÷3) деӊгээлге ээ болгон студенттердин саны.

2022 жылында алынган жыйынтыктардын эффективдүүлүгүн аныкташ үчүн биз экспериментке чейинки жана эксперименттен кийинки жыйынтыктарды алып, өздөштүрүү коэффициенттерин эсептеп чыктык.

$$K_{Экспчейин} = \frac{1 \cdot 32 + 2 \cdot 18 + 3 \cdot 2}{3 \cdot 52} = 0{,}49$$

$$K_{Экспкийин} = \frac{1 \cdot 22 + 2 \cdot 23 + 3 \cdot 7}{3 \cdot 52} = 0{,}59$$

Эффективдүүлүк коэффициентин эсептөө үчүн биз экөөнүн катышын эсептейбиз:

$$К_{1кур\ Эф} = \frac{К_{Эксп\ кийин}}{К_{Эксп\ чейин}} = \frac{0{,}57}{0{,}49} \approx 1{,}16$$

Ушундай эле жол менен 2-группанын жыйынтыктары боюнча өздөштүрүү коэффициенттерин эсептедик.

2-тайпа боюнча:

$$К_{Экспчейин} = \frac{1 \cdot 40 + 2 \cdot 34 + 3 \cdot 10}{3 \cdot 84} = 0{,}55$$

$$К_{Экспкийин} = \frac{1 \cdot 30 + 2 \cdot 39 + 3 \cdot 15}{3 \cdot 84} = 0{,}61$$

Эффективдүүлүк коэффициенти:

$$К_{2кур\ Эф} = \frac{К_{Эксп\ кийин}}{К_{Эксп\ чейин}} = \frac{0{,}61}{0{,}55} \approx 1{,}11$$

3-тайпа боюнча:

$$К_{Эксп.чейин} = \frac{1 \cdot 39 + 2 \cdot 38 + 3 \cdot 18}{3 \cdot 95} = 0{,}59$$

$$К_{Эксп.кийин} = \frac{1 \cdot 27 + 2 \cdot 45 + 3 \cdot 23}{3 \cdot 95} = 0{,}66$$

Эффективдүүлүк коэффициенти:

$$К_{3-кур\ Эф} = \frac{К_{Эксп\ кийин}}{К_{Эксп\ чейин}} = \frac{0{,}59}{0{,}66} \approx 1{,}12$$

Катышуучулардын саны жетишерлик болгондуктан, жүргүзүлгөн изилдөөнүн жыйынтыктарын илимий жактан ишенимдүү жана эффективдүү деп эсептөөгө негиз бар.

**Эксперименттин аягындагы эксперименталдык жана контролдук топтордогу студенттердин адеп-ахлактык сапаттарынын калыптандыруу деңгээлдери**

| | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | *төмөн* | | *орточо* | | *жетиштүү* | |
| | *сан<br>ы* | *сту<br>д* | *%* | *сту<br>д* | *%* | *сту<br>д* | *%* |
| *К<br>-1* | *25* | *12* | *48<br>%* | *8* | *32<br>%* | *5* | *20<br>%* |
| *Э<br>-2* | *25* | *4* | *16<br>%* | *8* | *32<br>%* | *13* | *52<br>%* |

**Калыптандыруучу эксперименталдык топтогу студенттердин адеп-ахлактык сапаттарын калыптандырылышы**

**ар башка деңгээлдери.** (диаграмма )




Диагностикалык бөлүмдүн жана статистикалык маалыматтарды иштеп чыгуунун натыйжалары эксперименталдык топторунун студенттеринин жетиштүү деңгээли - 52% болсо, ал эми контролдук тайпада- 20% гана болгонун билдирди.

Когнитивдик компонент эксперименталдык топторунда контролдук топторго караганда 25% га жогору, рефлексивдүү-ишмердик компоненти 86% ды түздү, бул контролдук цифралардан 20% га көп.

Эксперименталдык топтордогу когнитивдик компонент- 73%, ал эми контролдук топто - 48% түздү.

Мазмундуулук компоненти-эксперименталдык топто -82% , ал эми контролдук топто - 41%

Рефлексивдүү-ишмердик компоненти-86% , а контролдоо -66%

Изилдөөнүн жыйынтыктары боюнча эксперименталдык топторунда кесиптик ишмердүүлүккө болгон кызыгуу, практикалык чечимдерди кабыл алууга даярдык, ошондой эле башка маданияттын өкүлдөрү менен өз ара аракеттенүүгө болгон каалоо белгиленди. Студенттер көп маданияттуу чөйрөдө иштөөгө багытталгандыгын билдиришти, мындай чөйрөдө иш-

аракеттеринде жана жүрүм-турумунда кесиптик жактан маанилүү адеп-ахлактык сапаттарын калыптанышы байкалды.

Жыйынды табл. П.1.4 – Студенттердин адеп-ахлактык сапаттарын калыптандыруу динамикасы.

| N п/п групп | Көрсөткүчтөр% | | | | | деңгээлдери |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | I кесим-конст. диагностика. | IIкесим-атайын курстан кийин | III кесим-Рефлекс-практикум, тренинг, мастер-класстардан кийин | IVкесим-тест тапшырмалардан кийин | Vкесим-Интерактивдүү технологиялардан кийин | |
| контр. | 15,6 | 17, 7 | 19, 0 | 19, 5 | 22, 1 | төмөн |
| 1 эксп. | 16,8 | 20, 6 | 22, 1 | 27, 5 | 29, 8 | жогору |
| 2 эксп. | 13, 9 | 21, 6 | 23, 3 | 28, 6 | 31, 9 | жогору |
| 3 эксп. | 17, 5 | 22, 5 | 24, 7 | 29, 2 | 35,1 | жогору |

Студенттердин адеп-ахлактык сапаттарын калыптандыруу технологиясынын бардык элементтери сыналган 3-чү экспериментталдык тайпадагы болочок мугалимдин даярдыгынын мыкты көрсөткүчтөрү.

Өткөрүлгөн эксперименттин жыйынтыгы менен төмөнкүлөрдү белгилей кетүүгө болот:

1. Эксперименталдык изилдөөгө коюлган максат толугу менен аткарылды. Кесиптик колледжде дүйнөлүк адабият сабагынын мисалында студенттердин адеп-ахлактык сапаттарын калыптандырууга багытталган программа болочок мугалимдердин адеп-ахлактык сапаттарын өркүндөтүүдө өз натыйжалуулугун көрсөтө алды. Биз түзгөн моделдин эффективдүүлүгү далилденди.

2. Эгерде кесиптик колледжде болочок мугалимдердин адеп-ахлактык сапаттарын калыптандыруу процессин дүйнөлүк адабият сабагынын негизинде студенттердин өркүндөтүү максатында тиешелүү шарттар түзүлсө, тактап айтканда, компьютердик класстар заманбап компьютерлер менен жабдылып, интернет тармагына туташтырылса, мугалимдер студенттердин иштөөсү үчүн практикалык иштердин комплекстерин иштеп чыгып, тиешелүү программалык камсыздоолор даярдалса, анда студенттердин адеп-ахлактык сапаттарын калыптандыруу жана дүйнөлүк адабият боюнча сабаттуулукту камсыздоо процесси натыйжалуу ишке ашат.

3. Кыргыз Республикасынын орто билим берүү системасында кесиптик колледжде болочок мугалимдердин адеп-ахлактык сапаттарын дүйнөлүк адабият сабагынын алкагында калыптандыруу процесси боюнча изилдөө жүргүзүлдү. Бул изилдөөдө педагогикалык адистикте билим алган студенттердин кесиптик-этикалык компетенцияларын өнүктүрүүнүн натыйжалуу жолдору каралып, дүйнөлүк адабиятты окутуу аркылуу адептик аң-сезимди жана кесиптик этиканы калыптандыруу маселелери талданды.

Изилдөөнүн жыйынтыгында адеп-ахлактык сапаттарды өнүктүрүүгө багытталган атайын программалык жана методикалык шарттар түзүлгөн.

3. Жүргүзүлгөн эксперименталдык изилдөөлөрдүн жыйынтыгы көрсөткөндөй, дүйнөлүк адабият сабагынын негизинде кесиптик колледжде болочок мугалимдердин адеп-ахлактык сапаттарын калыптандыруу – натыйжалуу жана илимий жактан негизделген процесс болуп саналат. Экспериментке чейин жана кийинки алынган көрсөткүчтөрдүн салыштыруу менен жүргүзүлгөн статистикалык талдоолор, түзүлгөн методикалык системанын эффективдүүлүгүн жана практикалык колдонмолордун жогорку натыйжалуулугу далилденди. Айрыкча, калыптандыруучу экспериментке катышкан колледжде окуган студенттердин кесиптик жактан маанилүү адеп-ахлактык сапаттарынын калыптанышы, критикалык жана аналитикалык ой жүгүртүүнүн өнүгүшү, маалыматтык-коммуникациялык технологияларды колдонуу жөндөмдөрүнүн жогорулашы байкалды. Мындан тышкары, изилдөөдө аныкталган педагогикалык шарттар жана адабият сабагын санариптик каражаттар менен айкалыштырып окутуу, студенттердин адеп-ахлактык аң-сезимин жана кесиптик этиканы заманбап талаптарга ылайык өнүктүрүүгө өбөлгө түзөөрү аныкталды. Демек, болочок мугалимдердин кесиптик жактан маанилүү адеп - ахлактык сапаттарын өнүктүрүүдө дүйнөлүк адабият сабагы өзөктүү ролду ойной турган маанилүү тарбиялык ресурс катары каралышы зарыл.

**Үчүнчү бөлүмгө корутунду**

1. Үч жылдык эксперименттик окуу программасынын негизинде дүйнөлүк адабият сабагы аркылуу болочок мугалимдердин адеп-ахлактык сапаттарын калыптандыруу боюнча жүргүзүлгөн изилдөөнүн жыйынтыгында, ар бир курстун өзгөчөлүгүнө жараша репродуктивдүү, продуктивдүү жана креативдүү деңгээлдерде студенттердин адеп-ахлактык аң-сезими, иш-аракети жана жүрүм-туруму системалуу өнүгүүгө ээ болгону аныкталды. Бул деңгээлдер студенттердин билимди өздөштүрүү, адеп-ахлактык маселелерди түшүнүү,

чыгармачылык мамиле кылуу жана практикалык турмушта этикалык чечим кабыл алуу жөндөмдөрүнүн калыптанышына өбөлгө түздү. Натыйжада, студенттердин адеп-ахлактык сапаттары калыптанып, кесиптик жактан керектүү билимдери өздөштүрүлүшүп, ошондой эле кесиптик ишмердүүлүккө этикалык мамиленин жогорку деңгээлде калыптанышына шарт түзгөн көрсөткүчтөр менен тактоо илимий-практикалык жактан негиздүү деп табылды.

2. Абалды аныктоочу эксперименттин жыйынтыгында алынган маалыматтарга ылайык, кесиптик колледжде болочок мугалимдердин адеп-ахлактык сапаттарын дүйнөлүк адабият сабагынын негизинде калыптандыруу маселеси актуалдуу бойдон калууда. Сурамжылоолордон алынган жыйынтыктарга ылайык, педагогдордун басымдуу бөлүгү дүйнөлүк адабият сабагынын адеп-ахлактык баалуулуктарды үйрөтүүдөгү ролун жогору баалашат, бирок бул багыттагы методикалык жана программалык камсыздоодо бир катар көйгөйлөр бар экени белгиленди. Ошондой эле, студенттердин кызыгуусунун төмөндүгү, окутуу убактысынын чектелүүсү жана теория менен практиканын ортосундагы ажырым сыяктуу факторлор адеп-ахлактык сапаттарды калыптандырууда тоскоолдук жаратып жатканы аныкталды. Натыйжада, кесиптик колледжде студенттердин адеп-ахлактык сапаттарын “Дүйнөлүк адабият” сабыгынын мисалында калыптандыруу максатында тиешелүү шарттар түзүлгөн болсо, анда болочок адистерди сапаттуу даярдоодо мааниси чоң экендиги далилденип, бул багытта орто кесиптик окуу жайларда окутуунун мазмунун, окуу программаларын замандын талабына жараша тереңдетүү жана жогорулатуу зарылдыгы аныкталды.

## ЖАЛПЫ КОРУТУНДУ

XXI кылымдагы динамикалык өзгөрүүлөр: ааламдашуу, интеграция, модернизациялоо, санариптештирүү өз салымын билим берүү аймагына таасир этип келүүдө. Ушуга байланыштуу бүгүнкү күндө билим берүү

системасынын гумандаштыруу, гуманитарлаштыруу, демократиялаштыруу, санариптештирип окутуу проблемаларынын контекстинде болочок мугалимдерди сапаттуу даярдоо, алардын адеп-ахлактык сапаттарын калыптандыруу - актуалдуу проблема катары каралууда.

Жогоруда аталган билим берүүнүн позитивдуу тенденциялары заманбап талаптарга карата орто кесиптик билим берүү мекемелеринде студенттердин болочок мугалим катары адеп-ахлактык сапаттарын калыптандырууда алардын келечектеги кесибине сапаттуу даярдоо менен айкалыштырып кароонун маанилүүгүн тастыктайт.

Илимий-теориялык адабияттарга, изилдөөлөргө талдоо жүргүзүү аркылуу биздин изилдөөдө заманбап талаптардын негиздерин эске алуу менен бирге, болочок мугалимдин гумандуулук, патриоттуулук, жоопкерчилик, абийирдүүлүк ж.б. адеп-ахлактык сапаттардын калыптанышын кесиптик ишмердүүлүккө сапаттуу даярдыгын камсыздоочу критерийи катары каралышы жетекчиликке алынды. Аталган багытта студенттердин болочок мугалим катары адеп-ахлактык сапаттарын калыптандыруунун маанилүү экендиги белгиленди.

Билим түзүүчү элементтерди структуралаштыруу жана негизги педагогикалык булактарды издөө жана изилдөөлөрдүн негизинде орто кесиптик мекемелеринде студенттердин болочок мугалим катары адеп-ахлактык сапаттарын калыптандыруу максатында теоретикалык модель иштелип чыкты. Аталган модель өзүнө үч компонентти камтыйт: когнитивдүү компонентти, мазмундуулук компонентти, рефлексивдик ишмердүүлүк компонентти. Моделде сунушталган компоненттердин мүнөздөмөлөрүнүн негизинде ойлонгон экспериментке жараша студенттердин болочок мугалим катары адеп-ахлактык сапаттарын калыптандырылган деңгээлин үйрөнүү максатында критерийлер жана көрсөткүчтөр негизделди.

Орто кесиптик мекемелеринде студенттердин болочок мугалим катары адеп-ахлактык сапаттарын калыптандыруунун натыйжалуулугу – бул сапатты аныктаган критерийлер, окутуу-тарбиялоо процессинин мазмуну жана

педагогикалык шарттарынын дал келүүсү демекчибиз. Биздин изилдөөбүздө колледжде окуган студенттердин болочок мугалим катары адеп-ахлактык сапаттарын калыптандырууда анын заманбап талаптарынын өзгөчөлүктөрүнө жараша атайын психологиялык-педагогикалык мазмундагы: «XXI кылымдын мугалими жана анын адеп-ахлактык дүйнөсү» аттуу атайын эксперименталдык программа иштелип чыгарылды; болочок мугалимдерди орто кесиптик окуу жайындагы окутуу процессинде “Дүйнөлүк адабият” мисалында студенттердин болочок мугалим катары адеп-ахлактык сапаттарын калыптандыруунун натыйжалуулугун камсыз кылуу максатында “Заманбап мугалим анын адеп-ахлактык дүйнөсү” атайын окуу курсу иштелди, андан тышкары болочок мугалимдин адеп-ахлактык сапаттарын “Дүйнөлүк адабият” сабыгынын мисалында калыптандыруу максатында атайын компьютер аркылуу иштей турган тесттер иштелип чыкты.

Колледждин шартында педагогика багытында окуган студенттердин адеп - ахлактык жактан маанилүү жана болочок кесибинин сапаттуу даярдоосун камсыз кылган жана алардын өзүн-өзү окутуу, көзөмөлдөө, баалоо жана тарбияланышын ойготууга багытталган “Чыгармачыл тапшырмалардын Кейси” иштелип чыгарылды. Болочок мугалимдин адеп-ахлактык сапаттарын “Дүйнөлүк адабият” сабыгынын мисалында калыптандыруу үчүн “Адабиятты санариптештирип окутуу курсу” аттуу кошумча окуу куралы иштелип чыгарылды. Андан тышкары орто кесиптик билим берүү системасындагы санариптештирип окутуу тенденциясы эсепке алынып жаңы санариптик окутуу технологияларды кеңири колдонулуп, окутуунун интерактивдүү методдорунун мазмунун студенттердин адеп- ахлактык жактан маанилүү жана болочок кесибине сапаттуу даярдоосун камсыз кылган багытына жараша иштеп чыгарылышы жана окуу процессин заманбап талаптарга жараша уюштурулушу - педагогикалык шарттар катары белгиленди.

4. «XXI кылымдын мугалими жана анын адеп-аклактык дүйнөсү» аттуу эксперименталдык окутуучу программа аркылуу болочок мугалимдин адеп-

ахлактык сапаттарынын калыптанышынын критерийдик баалоо аппараты иштелип жана көрсөткүчтөрү аныкталды:

- болочок мугалим катары өз кесиби тууралуу таанып-билүү кызыкчылыгы толук калыптанган жана кесиптик ишмердүлүүгүнө таасир эте турган адеп-ахлактык түшүнүктөрдүн мазмунун ( жоопкерчилик, социалдык активдүүлук, патриоттулук, жакшы ниет жана моралдык жардамга даяр болуу ж.б.) теориялык, практикалык жактан өздөштүрүүсү;
- билим берүү чөйрөсүн модернизациялоого караштуу гумандаштыруу, демократизациялоо, санариптештирүү жана башка позитивдуу тенденциялар жөнундөгу билимге ээ болушу;
- азыркы коомдун позитивдүү багыттарын түшүнө билип, адеп- ахлактык жактан маанилүү сапаттардын маанисин баамдай алуу жана өздөштүрүлгөн компетенцияларына ээ болуу деңгээли;
- болочок мугалим катары кесиптик милдетин аткарууга тийиштүү деңгээлде салым кошо турган чынчылдык, калыстык, патриоттулук ж.б.у.с. адеп-ахлактык сапаттардын өнүктүрүлгөн деңгээли;
- адеп- ахлактык жактан маанилүү таанып билүү мүнөзүндөгү педагогикалык кырдаалдарды конструктивдүү жана чыгармачылык жолу менен чече билүү компетенцияларынын калыптанышы;
- мугалим катары өзүн-өзү өркүндөтүүгө, өзүн-өзү билүүгө, келечектеги кесиптик ишмердүүлүгүнө байланыштуу адеп-ахлактык жактан өзүн-өзү өркүндөтүүгө умтулуусунун калыптанышы.

Аталган көрсөткүчтөр эксперимент түрдө калыптандыруу жолдор аркылуу текшерилди. Эксперименталдык изилдөөнүн жыйынтыгы менен болочок мугалимдин адеп-ахлактык сапаттарынын калыптандыруунун эффективдүүлүгү аныкталды жана төмөнкү практикалык сунуштар ырасталды:

1. Орто кесиптик мекемелеринде студенттердин болочок мугалим катары адеп-ахлактык сапаттарын калыптандыруунун натыйжалуулугун камсыз кылууда кесиптик окуу программаларындагы окуу курстарга (өзгөчө "Дүйнөлүк адабият" ) маани берип, болочок кесиби менен байланыштырып окутуу, дүйнө таанымын кеңейтүү жана сапаттуу кесиптик ишмердүүлүккө даярдоо.

2. Окуу-тарбия иштерин интесивдештирүү максатында альтернативдик окутуу программаны иштеп чыгып, студенттердин болочок мугалим катары адеп-ахлактык сапаттарын өнүктүрүү, алардын баалуулуктар системасын түзүүдө жаңы санариптештирилген окутуу технологияларды, заманбап дидактикалык принциптерди жана техникалык каражаттарды колдонуу аркылуу окутуу.

## КОЛДОНУЛГАН АДАБИЯТТАРДЫН ТИЗМЕСИ


1. О национальной стратегии развития Кыргызской Республики на 2018-2040 гг. [Текст]: постановление Правительства Кырг. Респ. утв. 2 нояб. 2018.- №УПП -221
2. "Инсанды руханий-адептик жактан өнүктүрүү жана дене тарбиясы" [Текст]: Кырг. Респ. Өкмөтүнүн токтому бекитилген 2021жыл. 19 янв. УП № 1.
3. Региондорду өнүктүрүү жана өлкөнү санариптештирүү 2021-2025 -жылдар[Текст]: КР Президентинин жарлыгы бекитилди [Электрондук ресурс]-Режим доступа:http://www.president.kg/kg/okujalar/zharlyktar/13230_prezident_sooronbay_gheenbekov_2019_ghildi_regiondordu_nktr_ghana_lkn_sanaripteshtir_ghili_dep_ghariyaloo_ghnnd_gharlikka_kol_koydu

4. **Абакарова, Р.М**. Нравственно-регулятивная роль традиции в этнокультуре [Текст] автореф. дисс. … док. пед. наук: 24.00.01 / Р.М. Абакарова. С.-Петербургский государственный университет. – СПб., 2003. – 35 с.

5. **Абдрахманов, Т.А.** Компетентностный подход в современном образовании [текст] / Т.А. Абдрахманов, М.А. Ногаев. – Бишкек. – 2011. – 114 с.

6. **Абдыманапов, С.А.** Педагогическая практика как этап профессиональной подготовки будущего учителя [Текст] / С.А.Абдыманапов, Г.С. Ахметкаримова, Л.В. Нефедова, М.Г.Соколова // Вестник Евразийского национального университета им.Л.Гумилева. – Бишкек., 2002. – № 1-2. – С. 102 – 106.

7. **Абульханова-Славская, К.Е**. Деятельность и психология личности [Текст] / К.Е. Абульханова-Славская. – М.: Наука, 1980. – 344 с.

